КЫРГЫЗ-ТҮРК
"МАНАС"
УНИВЕРСИТЕТИ

# 2019-жылдагы

# Административдик иштердин отчету

www.manas.edu.kg

# 2019-жылдагы
# Административдик иштердин отчету


КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Атайын бөлүм
Бишкек/КЫРГЫЗСТАН

2020



## Манастын жети осуяты:

1. Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;
7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.



*“БИЛИМ – ЖАШООНУН ЧЫНЫГЫ ДААНЫШМАНЫ”*



## МАЗМУНУ

**ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ....................9**
**I. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ.................... 12**
А) МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ.................... 17
В) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРЫМ УКУКТАР, МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР.................... 19
С) УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ....................19
1. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ....................20
2. УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМҮ.................... 38
3. МААЛЫМАТТЫК ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛЫК РЕСУРСТАР.................... 43
4. АДАМ РЕСУРСТАРЫ.................... 53
5. КӨРСӨТҮЛГӨН КЫЗМАТТАР.................... 65
6. БАШКАРУУ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНТРООЛДОО СИСТЕМАСЫ.................... 116
**II. НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА ПРИОРИТЕТТЕР....................117**
**III. ИШ-ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ЖАНА БААЛОО ИШТЕРИ .................... 118**
А) КАРЖЫ ИШТЕРИ БОЮНЧА МААЛЫМАТ....................118
1. БЮДЖЕТТИ АТКАРУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ....................118
2. НЕГИЗГИ ФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН ТАБЛИЦАСЫ БОЮНЧА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР....................124
В) ЖЕТИШКЕНДИКТЕР БОЮНЧА МААЛЫМАТ....................132
**IV. УНИВЕРСИТЕТТИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН БААЛОО....................139**
А) АРТЫКЧЫЛЫКТАР....................139
В) КЕМЧИЛИКТЕР.................... 139
С) МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР....................140
D) КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР....................141
**V. ИЧКИ ТЕКШЕРҮҮНҮН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮНӨ КЕПИЛДИК БЕРҮҮ БОЮНЧА ЫРАСТАМА....................142**
**VI. КАРЖЫ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИНИН ЫРАСТАМАСЫ....................143**
**КОРУТУНДУ....................144**

## ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1-таблица. "Манас" университетинин балансындагы кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү...................... 28
2-таблица. Имараттардын административдик түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү .. 29
3-таблица. Имараттардын академиялык түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү ........... 30
4-таблица. Бир студентке туура келген аянт ........................ 30
5-таблица. Унаалар........................30
6-таблица. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар ........................ 31
7-таблица. Ашкана жана буфеттер........................ 34
8-таблица. Конок үйү........................35
9-таблица. Кызматкерлердин турак-жайлары........................35
10-таблица. Студенттер үйү........................37
11-таблица. Спорттук объекттер........................37
12-таблица. Жыйын жана конференц-залдар........................37
13-таблица. Склад, архив жана өнөрканалар........................38
14-таблица. Кинозал жана концерттик залдар........................38
15-таблица. Программалык жабдуулар жана компьютерлер........................45
16-таблица. Китепкана булактары........................48
17-таблица. Башка маалыматтык жана технологиялык булактар........................49
18-таблица. Маалыматтык жана технологиялык булактардын бөлүштүрүлүшү ........49
19-таблица. Лабораториялар........................49
20-таблица. Кызматкерлердин саны........................ 53
21-таблица. Академиялык кызматкерлердин саны........................ 55
22-таблица. КРнын жараны болгон академиялык кызматкерлер........................ 55
23-таблица. ТР жана башка мамлекеттердин жараны болгон академиялык кызматкерлер........................ 56
24-таблица. Башка университеттерден келип иштеген академиялык кызматкерлер ........................ 57
25-таблица. Академиялык кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү ........................58
26-таблица. Академиялык кызматкерлердин илимий наамына жана жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү ........................58
27-таблица. Эмгек келишиминин негизинде толук ставкада эмгектенген академиялык кызматкерлер ........................ 59
28-таблица. Академиялык кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо/кызмат ордунан бошотуу........................ 60
29-таблица. Административдик кызматкерлердин бөлүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү ........................ 61
30-таблица. Административдик кызматкерлердин билим деңгээли........................ 62

31-таблица. Административдик кызматкерлердин эмгектенген жылдарына жараша бөлүштүрүлүшү....62
32-таблица. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү ....63
33-таблица. Административдик кызматкерлердин жумушка алынуусу/ жумуштан кетиши.... 63
34-таблица. Келишимдик негизде иштеген кызматкер (Иштеген позициясына жараша).... 64
35-таблица. Факультеттерде/жогорку мектептерде ж-а кесиптик жогорку мектебинде 2 жана 4 жылдык билим берүү программаларынын саны....66
36-таблица. 2018-2019-окуу жылындагы студенттердин саны.... 67
37-таблица. 2018-2019-окуу жылындагы өлкөлөргө карата студенттердин саны....68
38-таблица. Студенттерге бөлүнгөн квоталардын саны жана аларды толтуруу....69
39-таблица. 2018-2019–окуу жылында университеттен кеткен студенттердин саны....70
40-таблица. 2018-2019-окуу жылында тартип жазасын алган студенттердин саны жана жазалардын түрлөрү ....70
41-таблица. Стипендия алган студенттердин саны....71
42-таблица. Бүтүрүүчүлөрдүн саны.... 72
43-таблица. Жылдарга карата окутуучуга туура келген студенттердин саны....72
44-таблица. 2018-2019-окуу жылында профессор окутуучуга туура келген студенттердин саны....72
45-таблица. 2018-2019-окуу жылында студенттик алмашуу программасынын алкагында келген студенттер.... 73
46-таблица. 2018-2019-окуу жылында студенттик алмашуу программасынын алкагында кеткен студенттер....73
47-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында келкен академиялык жана административдик кызматкерлер....73
48-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында кеткен академиялык жана административдик кызматкерлер....74
49-таблица. Коомдук илимдер институнун студенттеринин магистратура (диссертация жакталган/диссертация жакталбаган) жана докторантура программаларына карата бөлүштүрүлүшү ....76
50-таблица. Табигый илимдер институтунун студенттеринин магистратура (диссертация жакталган/диссертация жакталбаган) жана докторантура программаларына карата бөлүштүрүлүшү....78
51-таблица. Манас-СТЖС-2018 боюнча абитуриенттер тууралуу статистикалык маалыматтар.... 87
52-таблица. Студенттердин канааттануусу боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары....89

53-таблица. Кызматкерлердин пикирлерин критерийлер боюнча баалоо....................89
54-таблица. Академиялык жана административдик ызматкерлердин пикирлерин критерийлер боюнча баалоо................................................. 89
55-таблица. Академиялык жана административдик кызматкерлердин пикирлерин түзүмдөргө карата баалоо.................................................. 89
56-таблица. Психологиялык кеңеш берүү жана жана багыт көрсөтүү кызматтары.... 90
57-таблица. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр........................................................ 91
58-таблица. Спортчулар жөнүндө маалымат............................................................ 103
59-таблица. Сыйлыктар..........................................................................................104
60-таблица. Спорт жаатындагы сыйлыктар............................................................ 104
61-таблица. 2019-жылы күчүнө кирген нускама жана жоболор................ ............... 115
62-таблица. Бюджеттин киреше бөлүгү.................................................................. 118
63-таблица. Бюджеттин чыгаша бөлүгү.................................................................. 119
64-таблица. 2017-2019 -жж. карата университеттин чыгашалары ............................120
65-таблица. Чыгашалардын % менен бөлүштүрүлүшү............................................ 120
66-таблица. Чыгымдардын административдик негизде бөлүштүрүлүшү ................ 121
67-таблица. 2019-жылдагы факультеттерде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү ......... 122
68-таблица. 2019-жылдагы жогорку мектептерде/кесиптик жогорку мектебинде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү ....................................... 122
69-таблица. 2019-жылдагы институттарда сарптоолордун бөлүштүрүлүшү............. 123
70-таблица. 2019-жылдагы административдик түзүлүштөрдө сарптоолордун бөлүштүрүлүшү ....................................................................123
71-таблица. 2017-2019-жж. Баштапкы төлөмдөрдүн экономикалык классификацияга ылайык бөлүштүрүлүшү............................................ 127
72-таблица. 2019-жылдагы факультеттердин студентерге жумшаган чыгымдары ...............................................................................................131
73-таблица. 2019-жылдагы институттардын студентерге жумшаган чыгымдары............................................................................................. 131
74-таблица. 2019-жылдагы жогорку мектептердин/кесиптик жогорку мектебинин студентерге жумшаган чыгымдары ....................................................... 131
75-таблица. Илимий иш-чаралар ............................................................................. 132
76-таблица. Илимий изилдөө долбоорлору............................................................ 135
77-таблица. Жылдарга карата отургузулган өсүмдүктөр тууралуу маалымат ......... 135

## ГРАФИКТЕР

1-график. Кызматкерлердин кызмат ордуна карата бөлүштүрүлүшү ..........................54
2-график. Академиялык кызматкерлердин штаттык кызмат ордуна жараша бөлүштүрүлүшү ..........................54
3-график. Академиялык кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүштүрүлүшү.......56
4-график. Академиялык кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү ..........................58
5-график. Штаттык курам боюнча академиялык кызматкерлердин бөлүштүрүлүшү ..........................59
6-график. Административдик кызматкерлердин өлкөлөргө карата катнашы ..............60
7-график. Административдик кызматкерлердин эмгек стажына жараша бөлүштүрүлүшү.......................... 62
8-график. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү..........................63
9-график. Студенттердин жарандыгына карата бөлүнүшү..........................69
10-график. Кесиптик жогорку мектеп, бакалавр, магистратура жана докторантураны бүтүргөн студенттердин жылдар боюнча бөлүштүрүлүшү......................... 78
11-график. 2018-2019-окуу жылындагы студенттердин саны..................................... 78
12-график. Бюджеттин киреше бөлүгү.......................................... 119
13-график. 2019-жылдагы экономикалык классификацияга карата баштапкы бюджеттик төлөмдөр..........................120
14-график. 2018-2019-жж. карата чыгымдардын бөлүштүрүлүшү ............................121
15-график. 2019-жылдагы чыгымдардын административдик негизде бөлүштүрүлүшү ..........................121
16-график. 2019-жылдагы факультеттерде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү............122
17-график. 2019-жылдагы жогорку мектептерде/кесиптик жогорку мектебинде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү..........................................123
18-график. 2019-жылдагы институттарда сарптоолордун бөлүштүрүлүшү .............123
19-график. 2019-жылдагы административдик түзүлүштөрдө сарптоолордун бөлүштүрүлүшү..........................124
20-график. 2019-жылдагы ай сайын эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар............127
21-график. 2019-жылдагы ай сайын социалдык фондго төлөмдөр............................128
22-график. 2019-жылдагы ай сайын товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар..........................128
23-график. 2019-жылдагы ай сайын акча которуулар..............................................129
24-график. 2019-жылдагы ай сайын капиталдык чыгымдар......................................129
25-график. 2019-жылда айлар боюнча алынган жардамдар, гранттар жана түшкөн кирешелер..........................130
26-график. 2019-жылда айлар боюнча менчик кирешелери.......................................130





Ректор жана Биринчи проректордун сөзү

Дос жана боордош Түркия менен Кыргызстандын ортосунда 1995-жылы кол коюлган келишимдин негизинде ачылган өзгөчө статустагы мамлекеттик университет болуп саналган Кыргыз-Түрк “Манас” университети ар тараптуу билим берүүнү, туруктуу өнүгүүнү жана алдыга карай умтулууну көздөгөн окутуу жана башкаруу философиясына ээ. Бул багытта университеттин жетекчилигинин кыйшаюсуз аткарууга белсенген приоритеттүү максаты – 25 жылдык тажрыйбага ээ болгон окуу жайыбызды жаңычылдыктын үлгүсү катары көрсөтүү жана ийгиликтүү келечекке даярдануу.

Илимдин өнүгүшүнө салым кошкон, өзүнүн жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрү менен коомго пайда келтирген Кыргыз-Түрк “Манас” университети Кыргызстандын жана Түркиянын алдыңкы окуу жайларынын бири болуу багытында ишенимдүү кадамдар менен алдыга карай арымдап жатат. “Манас” университети илимий изилдөө иштеринен сырткары маданият, көркөм өнөр, саламаттыкты сактоо жана спорт жаатында өзгөчө орунга ээ болуу үчүн талыкпастан эмгектенип, максаттарына жетүүгө умтулууда. Университетте окутуу кыргыз жана түрк тилинен сырткары англис, орус жана кытай тили сыяктуу чет тилдеринде да жүргүзүлөт. Окуу жайыбыз бул өзгөчөлүгү менен башкалардан айырмаланып, алдыңкы сапта турат.

Бүгүнкү күндө технология ылдамдык менен өнүгүп, жашообузга өз таасирин тийгизип жатканы баарыбызга маалым. Азыркы технологиянын жетишкен мезгилинде бирдей стандарттагы жана сапаттагы билим берүүнү чексиз түрдө бүткүл дүйнөдө ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бар. Бул өсүп-өнүгүүлөргө ылайык “электрондук университет” болуу үчүн чечкиндүү кадамдар жасала баштады. Бул жааттагы иштер стратегиялык пландын негизинде өтө кылдаттык менен алып барылууда.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети тоскоолдуктарды жеңе билген университет болуу үчүн тийиштүү иш-чараларды жүргүзүп жатат. Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттердин окуу жана жашоо чөйрөлөрүн алардын өзгөчөлүктөрүнө жараша ыңгайлаштыруу – университеттин приоритеттүү максаттарынын бири. Ушул максатта ачылган “Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди колдоо бюросу” жигердүү иш жүргүзүүдө.

Кыргыз-Түрк “Манас” университети илимий изилдөө иштеринен сырткары көркөм өнөр, спорт, адабият, музыка жана кинематография жаатында эки өлкөнүн маданиятына салым кошуп,

аны байытууга умтулууда. Бир нече чет тилдеринде сапаттуу билим алган бүтүрүүчүлөрүбүз жергиликтүү уюмдарда гана эмес, эл аралык уюмдарда да иштей алышат. Университет Кыргызстанды, Түркияны жана бүткүл түрк дүйнөсүн келечекке алып барчу жаштарга заман талабына ылайык деңгээлде билим берип, өз атын жер шарынын 5 материгине, дүйнөнүн 43 өлкөсүнө таанытты.

Азыркы учурда университет өзүнүн 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда 14 өлкөдөн келген 20га жакын ар түрдүү улуттагы бардыгы болуп 5891 студентке, анын ичинде орто кесиптик жана бакалавр программасы боюнча 5552 студентке жана 339 магистрант менен докторантка билим берип, 5 өлкөдөн келген 533 окутуучу менен окуу-тарбия иштерин жүргүзүп келүүдө.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети билим берүүнүн сапатын күндөн-күнгө жогорулатып, "билим берүүдө эл аралык марка", "өзүнө тартып турган илимий борбор", "коомчулук жана иш чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук", "интернационалдашууда үлгүлүү жогорку окуу жайы", "түрк дүйнөсүнүн биримдигинин калыптанышы жана өнүгүшүндө таасирдүү күч" жана "дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет" болуу багытында өтө тездик менен өнүгүүдө. Билим берүүдө үзгүлтүксүз өнүктүрүү философиясын карманган университет өзүнө таандык сапатты башкаруу системасынын жардамы менен сапат кепилдигин камсыз кылып, бардык процесстерди стандартташтырууга маани берет. Технологиянын, илимдин жана изилдөөнүн борборунда "инсан" тургандыгын эске алып, адамды алдыңкы орунга койгон окуу жайыбыз "университеттен да артык" болуу багытында чечкиндүү кадамдарды жасай берет. Коомдун көйгөйлөрүнө жана муктаждыктарына көңүл бурган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү улантат.

Бул багытта университетте аткарылган иштер тууралуу бул отчётту даярдоо процессине салым кошкон бардык кызматкерлерибизге ыраазычылык билдирүү менен бирге 2019-жылдын отчёту тийиштүү түзүм, мекеме жана окурмандарга пайдалуу болушуна тилектешпиз.

| | |
|---|---|
| **Проф., док. Асылбек Кулмырзаев** | **Проф., док. Алпаслан Жейлан** |
| **Биринчи проректор** | **Ректор** |

# I ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## КЫРГЫЗСТАН

Саян-Алтай тоолорунун түштүк-батыш, Тянь-Шань тоолорунун түндүк-чыгыш жагында жайгашкан жана Орто Азиядагы өлкөлөрдүн бири болгон Кыргызстандын аянты 198,500 миң км². Кыргызстандын аймагынын 4,4 % пайызын суу, 5,3 % пайызын токойлор, 54,1 % пайызын айыл-чарба жерлери, 36,2 % пайызын болсо башка жерлер ээлейт. Түндүгүндө Казакстан Республикасы, түштүк-чыгышында Кытай Эл Республикасы, батышында Өзбекстан Республикасы, түштүк-батышында Тажикистан Республикасы менен чектешет. Чек арасынын жалпы узундугу-3.878 км.

Советтер Союзу таркагандан кийин 1990-жылдардан баштап Кыргызстанда өлкөнү демократизациялаштырууга багытталган олуттуу иш-чаралар көрүлгөн. 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз ССРи Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндө Декларациясын кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майында Жогорку Кеңеш тарабынан бир добуштан кабыл алынып, ошол эле убакта Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында кабыл алынган чечим менен мамлекеттин расмий аты "Кыргыз Республикасы" деп бекитилген.

Кыргызстан терең ойдуңдар, өрөөндөр жана бийик тоолорго ээ. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги- 2750 метр. Кыргыз Республикасынын эң бийик жери Жеңиш чокусу, бийиктиги- 7439 метр. Эң төмөн жайгашкан жери деңиз деңгээлинен 132 м бийиктикте жайгашкан Кара-Дарыя.

Кыргызстандын негизги байлыгы – элдик маданият. Кылымдар бою Кыргызстандын территориясында жашаган ар түрдүү улуттагы элдердин маданиятын өздөштүрүп жана өнүгүп келген кыргыз маданияты көп түрдүүлүгү жана тереңдиги менен айырмаланат.






Кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири болуп саналат. "Кыргыз" термини б.з.ч. II кылымда кытай булактарында кездешет. Албетте, ушундай узак тарыхка ээ улуттун маданиятын түзгөн бөлүкчөлөрдүн бири болуп бир кыйла бай жана көр түрдүү оозеки чыгармалар эсептелет. Бул чыгармалардын ичинде эң көркөмдүү жана эң көлөмдүү чыгарма болуп кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана маданиятын чагылдырган "Манас" эпосу саналат.

Кыргыз эли өзүнүн маданиятын дүйнөгө тааныткан залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов менен түбөлүк сыймыктанат. 2008-жылы 80 жашында дүйнөдөн кайткан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары 130дан ашык тилге которулган.

Кыргызстандын борбор калаасы  жана эң ири шаары – Бишкек. Айрыкча, Чүй облусунун борбору болуп саналат. 1878-жылы түптөлгөн шаардын аты Пишпек деп аталып, андан соң Советтер Союзунун мезгилинде Фрунзе болуп өзгөртүлгөн. 1991-жылы борбор шаарыбыз Бишкек атын алган.

Бишкек шаарынын борбордук аянттары, көчөлөрү, проспектилери түз. Айлана-чөйрөнү көркке бөлөп турган бак-дарактар жана сейил бактар менен Бишкек шаары жапжашыл  жана көрктүү шаар болуп эсептелет. Шаардын көчөлөрү шахматтын тактасы түрүндө пландаштырылып, көчөлөрдүн эки тарабында бак-дарактарды сугарып туруу максатында тар арыктар жайгашкан. Ушундай жол менен сугарылган бак-дарактар жай мезгилинде күндүн аптабынан сактайт, ошондой эле шаарга өзгөчө көрк берип турат. Чүй облусундагы жаңы шаарлардын бири болгон Бишкек шаарында өткөн кылымдарга таандык тарыхый эстеликтер жок, бирок шаардын борбордук аянтында Тарых музейи жайгашкан.

## Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин курулушу жана тарыхый өнүгүүсү

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол

коюлган "Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте "Кыргыз-Түрк "Манас" университетин куруу тууралуу" келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет таалим-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764-номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетибизге өткөрүлүп берилген.

Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин экономика жана башкаруу факультети менен Коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, инженерия факультеттин компьютердик инженерия бөлүмү жана чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алып, бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер иштеген.

Университеттин "түзүлүш мезгили" катары каралган алгачкы 15 жылдын ичинде 2009-2010-окуу жылынан баштап бардыгы болуп 2.261 студент орто жана жогорку кесиптик билим алышкан.

2014-2015-окуу жылында уюшулганына 20 жыл болгон жана андан ары өнүгүүгө багыт алган университет 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп, 2 институт жана 4 илимий-изилдөө борборунда окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5136 студентке, анын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 4870 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 272 студентке билим берген. Окуу жайдын 658 кызматкеринин, алардын ичинен 274 академиялык жана 284 административдик кызматкеринин жардамы менен 617 студентти, 54 магистрант жана докторанттарды даярдап чыгарган. 2014-2015-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 4743 студентти, 571 магистрант жана докторанттарды уясынан учурган.

2016-жылдын декабрь айын кошуп эсептегенде университет 9 факультет, 3 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп, 2 институт жана 4 илимий-изилдөө борборунда окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5313 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5037 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 276 студентке билим берген. Окуу жайдын 1007 кызматкеринин, алардын ичинен 552 академиялык, 269 административдик жана 159 келишимдик негизде иштеген убактылуу кызматкердин жардамы менен 697 студентти, 36 магистрант жана докторанттарды даярдап чыгарган. 2015-2016-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 5440 студентти, 607 магистранттарды жана

докторанттарды уясынан учурган.

2018-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде 22 жылдык тажрыйбасы менен университет 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5571 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5277 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 294 студентке билим берген. Окуу жайдан 1002 кызматкерлеринин, алардын ичинен 536 академиялык, 297 административдик жана 169 келишимдик негизде иштеген убактылуу кызматкерлеринин жардамы менен 729 бакалавр, 42 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2016-2017-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 6169 студентти, 649 магистрант жана докторанттарды уясынан учурган.

2018-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 5760 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5468 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 292 студентке билим берилген. Окуу жайда 928 кызматкер, алардын ичинен 501 академиялык, 289 административдик жана 138 убактылуу кызматкер эмгектенип, 781 бакалавр, 48 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2017-2018-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 6950 студентти, 697 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

2019-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 5891 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5552 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 339 студентке билим берилген. Окуу жайда 973 кызматкер, алардын ичинен 533 академиялык, 312 административдик жана 128 убактылуу кызматкер эмгектенип, 668 бакалавр, 70 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2018-2019-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 7618 студентти, 767 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

2 кампустуу университет статусуна ээ окуу жайыбыз Ректораттын башкы имаратында жана Ч. Айтматов атындагы кампуста 2019- жылында тарбия иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн улантып келүүдө.



## А) МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ

### МИССИЯ

Түрк тилдүү жана боордош мамлекеттердин жаш муундарынан баштап, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган коомдун бардык катмарларына билим берүү жана орток көзкараштарды иштеп чыгуу максатында өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, орток маданий баалуулуктар алкагында адеп-ахлактык принциптерге жана жалпы дүйнөлүк баалулуктарга ээ болгон, коомдун алдында жооптуу, заманбап, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоо жана түрк цивилизациясы менен дүйнөлүк илимге салым кошуу.

### КОНЦЕПЦИЯ

Билим берүү тармагында эл аралык марка катары академиялык иштер жана коомго көрсөтүлгөн кызматтар аркылуу түрк дүйнөсүнө жана жалпы адамзатка салым кошкон “эл аралык деңгээлде абройлуу жана дүйнөгө таанылган университет” болуу.



## ПРИНЦИПТЕР

- Билим берүүдө эл аралык марка болуу
- Социалдык жоопкерчиликти сактоо
- Тажрыйбалуу адистерди даярдоо
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү
- Этикалык баалуулуктарга таянуу
- Инсанга багытталган окутуу
- Маалымат жана илимий көз карашына маани берүү
- Дисциплиналар аралык байланыш
- Жаңычылдык
- Жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү
- Башкаруу ишине катышуу
- Жамааттык өз ара жардамдашуу

## МАКСАТТАР

- Билим берүүдө эл аралык марка болуу
- Тажрыйбалуу адистерди даярдоо
- Болонья процессине шайкеш болуу
- Технологияга таянган билим берүү
- Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү мамиле жана өнүмдүү кызматташтык түзүү
- Жашоо чөйрөлөрүн түзүү
- Алдыга карай өнүгүү Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү
- Билим берүүдө ийкемдүүлүк
- Үзгүлтүксүз билим берүү
- Өмүр бою үйрөнүү
- Практикалык билим жана технологияга багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер
- Интернационалдаштыруу
- Жергиликтүү жана эл аралык жогорку окуу жайларга мүчө болуу жана аккредитация алуу
- Өзгөрүүлөргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү

## В) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ, МИЛДЕТ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

1995-жылдын 17-декабрында Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставы” тууралуу келишимге кол коюлуп, эки өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирген Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставы боюнча:

Университет эки тараптуу келишимдин негизинде курулган өзгөчө статустагы жогорку окуу жай болуп саналат.

Университет юридикалык статуска жана илимий өзүнчөлүккө ээ.

Университеттин эң жогорку чечим чыгаруучу органы болуп Камкорчулар кеңеши саналат. Камкорчулар кеңеши англо-саксондук университет моделине окшош жана көз карандысыз орган болуп, университет менен эки өлкөнүн Өкмөттөрү арасындагы мамилелерди жөнгө салат.

Административдик, финансылык жана академиялык жактан текшерүү иштерин көз карандысыз орган – “Текшерүү комиссиясы” жүргүзөт.

Университеттин жетекчилиги биргелешкен башкаруу принцибине таянат. Тараптардын башкаруу органында жана көзөмөлдөө органында тең өкүлчүлүгү бар.

Университетте берилген дипломдор эки өлкө тарабынан таанылат.

## С) УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк “Манас” университети окуу-тарбиялоо иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн ректораттын башкы имаратында жана Ч. Айтматов атындагы кампустун ичинде жайгашкан имараттарда жүргүзүп келет.






### 1. Материалдык-техникалык база

#### БАШКЫ ИМАРАТ КАМПУСУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 1995-жылы университетке өткөрүлүп берилген бул имарат 1998-жылы реконструкцияланып жана оңдолуп бүткөн. Бул иш-чараларга 14 миллион АКШ доллары жумшалып, 1998-жылдын 13-ноябрында эки өлкөнүн Президенттеринин катышуусунда имараттын ачылыш аземи болуп өткөн.

**Жалпы аянты 8346,00 чарчы метрдик жалпы аянты менен түзгөн бул имаратта төмөнкү түзүмдөр жайгашкан:**

Ректорат;

Башкы катчылык;

Чет тилдер жогорку мектеби;

Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы;

Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы;

Студенттерге жана кызматкерлерге тамактануу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн ашкана жана кантин-кафетерийлер;

Жалпы аянты 395 чарчы метрди түзгөн китепкана

Жашылдандыруу, электр энергиясын камсыздоо, электроника, металл жана жыгач иштетүү, сантехника ж.б. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн өнөрканалар бар.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ КАМПУС

### ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ

Экономика жана башкаруу факультетинин имараты 12269,20 чарчы метрдик жалпы аянты менен 2005-жылдын март айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта экономика жана башкаруу факультети, гуманитардык факультет, студенттик иштер башкармалыгы, маалыматтык технологиялар башкармалыгы, редакциялык басма бөлүмү жайгашкан.



### КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ

Коммуникация факультетинин имараты 10868,30 чарчы метрдик жалпы аянты менен 2005-жылдын апрель айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта коммуникация факультети, гуманитардык факультетке тийиштүү кеңселер жана MEDIA MANAS алкагындагы «Манас» радио жана телекөрсөтүү борбору жайгашкан.






## КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

2008-2009- окуу жылында коммуникация факультетинин эки кабинетинде, экономика жана башкаруу факультетинин 3 аудиториясында 3 окуу программасы менен окуу-тарбия иштерин жүргүзө баштаган кесиптик жогорку мектеби 2009-жылдын сентябрь айынын аягында басмакана катары кабыл алынган 5816 чарчы метрдик ачык аянтка жана 3576 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон имаратка көчүрүлгөн.

2017-2018-окуу жылында кесиптик жогорку мектебинде "эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программа менен камсыздоо", "ширетүү өндүрүшү" жана "жыгач иштетүү технологиясы" программалары ачылган.










## ОКУУ-ТАРБИЯЛЫК ЖАНА ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ КОМПЛЕКСИ

2017-2018-окуу жылында жалпы аянты 21144,20 чарчы метр болгон окуу-тарбиялык жана илимий-изилдөө комплекси 14 корпуста иш алып бара баштаган, анда айыл чарба факультети, ветеринария факультети, көркөм өнөр факультети, туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби, коомдук илимдер институту жана табигый илимдер институту жайгашкан. Аталган комплексте заманбап инфратүзүм түзүлүп, студенттер маданият борборунун конференц-залында, туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин окуу-практикалык борборунда, өнөрканаларда, лабораторияларда жана клиникаларда өздөрүнүн билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүп келүүдө. Ошондой эле коомго кызмат көрсөтүү жаатында ветеринария факультетинде ачылган ветеринардык клиникада айбанаттарды дарылоо жана ар түрдүү операцияларды жасоо иштери жүргүзүлүп жатат.









## ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУ

Өзүнчө турган эки кабаттуу 5 имаратта илимий-изилдөө борборлору менен катар музыкалык жана театралдык өнөр бөлүмдөрү, дене тарбия жана спорт жогорку мектеби, бардык кызматкерлерге медициналык жана социалдык кызмат көрсөткөн медициналык борбор менен социалдык багытта колдонулган VIP конок үйү бардык студенттерге жана кызматкерлерге пайдаланууга берилген.





## ТЕХНОЛОГИЯ БОРБОРУ

3384,40 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон технология борборунда окуу-тарбия иштерин жүргүзүү үчүн дене тарбия жана спорт жогорку мектеби, орто азия изилдөө борбору, салттуу оюн жана спорт изилдөө борбору жана биотехнология изилдөө борбору көчүрүлгөн. Технология борбору жакынкы келечекте курулушу пландаштырылган технопарк боюнча тийиштүү иштерин жүргүзүп жатат.

## ТҮРК ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ ЭЛДЕРДИН МАЕКТЕШҮҮ ЖАЙЫ



Университеттин Чынгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчасында жалпы аянты 384,46 чарчы метр болгон окуу жана маектешүү жайы пайдаланууга берилген. 2018-2019-окуу жылында ишке киргизилген бул маектешүү жайында студенттерге сунушталган тамак-аштын ар түрдүү болушуна маани берилет. Ошондой эле, 07:30-08:00 чейинки убакыт ичинде каалаган студенттер үчүн акысыз суюк тамак сунушталат. Маектешүү жайынын окуу залында студенттер үчүн кызыгуу жарата турган ар кыл чыгармалар топтолгон.





## ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИКТИ ТЕЙЛӨӨ КОМПЛЕКСИ

4655,20 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон турмуш-тиричиликти тейлөө комплекси 2012-жылдын август айында пайдаланууга берилген. Бул имаратта ашкана жана буфеттерди иштетүү бөлүмү, студенттер жана кызматкерлер үчүн ашканалар, конференц-зал жайгашкан.



## РЕКТОРАТ, ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ ЖАНА ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ



Бул имарат 11604,00 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон 2 блоктон турат. Ректорат жайгашкан блоктун 1-кабатында курулуш иштери, материалдык-техникалык камсыздоо, маалыматтык технологиялар башкармалыктарынын кеңселери, көргөзмө залы, ал эми 2-кабатында ректордун, биринчи проректордун жана проректорлордун кабинеттери, башкы катчылык, тышкы байланыш бюросу, басма сөз жана коом менен байланыш бюросу, атайын бөлүм, 232 орундуу конференц-зал жана Окумуштуулар кеңешинин жыйындар залы жайгашкан. Табигый илимдер факультети жана инженерия факультет жайгашкан блокто аудиториялар, лабораториялар, кабинеттер, кантин, архив бөлмөсү жана техникалык бөлмөлөр жайгашкан.





## ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ ЖАНА АБДУЛКЕРИМ САТУК БУГРА ХАН АТЫНДАГЫ ОКУУ-ПРАКТИКАЛЫК МЕЧИТ



4064,70 чарчы метрдик аянтка ээ болгон университеттин окуу-практикалык мечитинин куполунун диаметри - 26 м, бийиктиги - 34 м жана намаз окулуучу жердин жалпы аянты 2464 чарчы метрди түзөт. Бийиктиги 59 м болгон үч балкондуу эки мунарасы бар.

Мечитте намаз окулуучу жер, имамдын бөлмөсү, кызматкерлердин уктоо бөлмөлөрү, башкаруу бөлмөсү, дааратканалар, өлүккана, маркум жуулучу жай, көп максаттуу салон, китепкана, окуу залы, семинар залы, складдар жана мал союлуучу жай жайгашкан.



3513,20 чарчы метрдик аянтка ээ болгон теология факультетинин имаратында 6 дарскана, 2 лекциялык зал, кеңселер жана архив бөлүмү жайгашып, коомго ак дилинен кызмат кыла турган жаштарга окуу-тарбия иштери жүргүзүлөт.

## СТУДЕНТТЕР ҮЙҮ

11669,50 чарчы метрдик жабык аянтка ээ студенттер үйүнүн А-корпусу 2013-жылдын сентябрь айында пайдаланууга берилип, анда бардыгы болуп 680 студент, алардын ичинен 472 кыз жана 208 эркек жашайт. Студенттер үйүнүн Б-корпусунда болсо 460 студентке, ал эми В-корпусунда 240 студентке кызмат көрсөтүлөт.



## ЖАБЫК СПОРТ КОМПЛЕКСИ

3489,70 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон 550 орундуу спорт комплексинде 3 дарскана, 1 көп максаттуу спорттук аянтча, 1 гимнастика залы, 5 кабинет, 1 сауна, душ бөлмөлөрү, укалоо сабагы боюнча бөлмөлөр, жетекчилердин кабинети, радио жана спикердин бөлмөсү жана спорттук шаймандар бөлмөлөрү жайгашкан. Жабык спорт комплексинин чатыры тез тургузулчу конструкциялардан (металл конструкцияларынан) курулган. Анын туурасы- 37,48 метр болуп, Кыргызстандагы өзгөчөлүү чатыр болуп эсептелет. Бул комплексте коомдук жана маданий иш-чаралар менен кошо спорттук таймаштарды уюштуруу үчүн заманбап шарттар түзүлгөн.

2017-жылы ачык спорт комплексинин курулушу аяктаган. Мунун натыйжасында бул комплексте университеттин да, Кыргызстандын да спорттук жана маданий иш-чараларын өткөрсө болот.







## 1.1. Кыймылсыз мүлктөр

### 1.1.1. Жабык аянттардын бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк "Манас" университети жалпы 840140,00 чарчы метрдик аянтка ээ болгон башкы имарат жана Ч. Айтматов атындагы кампуста бардыгы болуп болжол менен 118131,66 чарчы метрдик жабык аянтта кызмат көрсөтүп келет.

**1-таблица. "Манас" университетинин балансындагы кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү**

| Имараттын аталышы | Жалпы (м²) | Имараттын жертаманынын аянты | Пайдаланууга берилген жыл |
|---|---|---|---|
| Башкы имарат | 8346,00 | 1833,70 | 1998 |
| Студенттер үйүнүн Б корпусу | 4355,20 | 888,70 | 2000 |
| Кесиптик жогорку мектебинин имараты | 2245,80 | 652,60 | 2000 |
| Кызматкерлердин турак-жайы (24 батирлүү) | 4653,30 | 4297,30 | 2000 |
| Экономика жана башкаруу факультети | 12269,20 | 3292,90 | 2004 |
| Коммуникация факультети | 10868,30 | 3978,60 | 2004 |
| Студенттер үйүнүн В корпусу | 1430,30 | 417,00 | 2010 |
| Кызматкерлердин турак-жайы (61 батирлүү) | 7810,20 | 1465,90 | 2010 |
| Факультеттердин кошумча эки кабаттуу имараттары-5 даана | 1595,60 | 973,50 | 2012 |
| Турмуш-тиричиликти тейлөө комплекси | 4655,20 | 1757,30 | 2012 |
| Технология борбору | 3384,40 | 3727,40 | 2012 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин окуу-практикалык залы | 220,00 | 220,00 | 2012 |
| Студенттер үйүнүн А корпусу | 11669,50 | 2608,60 | 2013 |
| Ректораттын имараты | 2937,30 | 1603,50 | 2015 |
| Табигый илимдер жана инженерия факультеттери | 8666,70 | 1716,00 | 2015 |
| Жабык спорт комплекси | 3489,70 | 2615,50 | 2015 |
| Абдулкерим Сатук Бугра хан атындагы окуу-практикалык мечити | 4064,70 | 2128,60 | 2015 |
| Теология факультети | 3513,20 | 1547,20 | 2017 |
| Окуу-тарбиялык жана илимий-изилдөө комплекси | 21144,20 | 13742,40 | 2017 |
| Окуу жана маектешүү жайы | 384,46 | 384,46 | 2018 |
| Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгынын бөлмөлөрү | 428,40 | 428,40 | 2018 |
| **Жалпы** | **118131,66** | **50279,56** | |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы

### 1.1.2. Имараттардын кызмат чөйрөсүнө карата бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде академиялык жана административдик түзүмдөрдүн жалпы аянты болжол менен 83263,45 чарчы метрди түзөт. Жалпы пайдалануудагы жерлердин (коридорлор, холлдор, тепкичтеги аянттар, балкондор, дааратканалар ж.б.) 34868,21 чарчы метрдик аянтын кошуп эсептегенде, жабык аянттардын жалпы аянты 118131,66 чарчы метрге жетет.

**2-таблица. Имараттардын административдик түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү**

| Кызмат чөйрөсү | Башкы кампус (м²) | Ч. Айтматов атындагы кампус (м²) | Жалпы(м²) |
|---|---|---|---|
| Ректорат | 1076,20 | 2746,60 | 3822,80 |
| Башкы катчылык | 246,70 | 802,20 | 1048,90 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 29,70 | 305,60 | 335,30 |
| Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | 529,80 | 1212,90 | 1742,70 |
| Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 586,40 | 31135,61 | 31722,01 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 32,90 | 110,60 | 143,50 |
| Кадрлар башкармалыгы | 0,00 | 104,60 | 104,60 |
| Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы | 52,50 | 556,46 | 608,96 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 129,60 | 1760,29 | 1889,89 |
| Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы | 223,00 | 0,00 | 223,00 |
| **Жалпы** | **2906,80** | **38734,86** | **41641,66** |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы



**3-таблица. Имараттардын академиялык түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү**

| Кызмат чөйрөсү | Башкы кампус ($м^2$) | Ч. Айтматов атындагы кампус ($м^2$) | Жалпы($м^2$) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | 0 | 5391,60 | 5391,60 |
| Табигый илимдер факультети | 0,00 | 2857,40 | 2857,40 |
| Көркөм өнөр факультети | 0,00 | 3486,10 | 3486,10 |
| Экономика жана башкаруу факультети | 0,00 | 7268,00 | 7268,00 |
| Коммуникация факультети | 0,00 | 6462,40 | 6462,40 |
| Инженерия факультети | 0,00 | 4531,58 | 4531,58 |
| Ветеринария факультети | 0,00 | 8719,85 | 8719,85 |
| Айыл чарба факультети | 0,00 | 5940,88 | 5940,88 |
| Теология факультети | 0,00 | 3130,00 | 3130,00 |
| Табигый илимдер институту | 0,00 | 288,10 | 288,10 |
| Коомдук илимдер институту | 0,00 | 304,20 | 304,20 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 0,00 | 4925,58 | 4925,58 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 0,00 | 1715,89 | 1715,89 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 4537,00 | 0,00 | 4537,00 |
| Изилдөө борбору | 0,00 | 3035,89 | 3035,89 |
| Кесиптик жогорку мектеп | 0,00 | 476,49 | 476,49 |
| **Жалпы** | **4537,00** | **58533,96** | **63070,96** |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы

**4-таблица. Бир студентке туура келген аянт ($м^2$)**

| | Аянт ($м^2$) | Студенттердин саны | Бир студентке эсептелген аянт ($м^2$) |
|---|---|---|---|
| Ачык аянттар | 840140,00 | 5552 | 151,32 |
| Жабык аянттар | 118131,66 | 5552 | 21,28 |
| Окуу аянттары | 63070,96 | 5552 | 11,36 |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы

### 1.2. Унаалар

**5-таблица. Унаалар**

| Унаанын түрү | Номери | Сатып алынган күнү | Камсыздоо түрү |
|---|---|---|---|
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 4751 BB | 19.08.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 1014 BC | 19.08.2008 | Сатып алуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 3831 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3832 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3833 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4293 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4294 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 2078 BC | 29.05.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 06FF337 | 29.04.2014 | Сатып алуу |
| Минибус (8 орундуу кызматтык автоунаа) | 0096 BC | 21.06.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундуу кызматтык автоунаа) | 0059 BC | 20.03.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундуу кызматтык автоунаа) | 01-KG 487 AG | 17.03.2001 | Сатып алуу |
| Тез жардам автоунаасы (медициналык жабдыктар менен жабдылган) | 6903 BA | 02.03.2001 | Сатып алуу |
| Трактор | 0736 TRSB | 04.05.2012 | Сатып алуу |
| Мотоцикл | - | 22.03.2016 | Сатып алуу |
| Велосипед | - | 22.03.2016 | Сатып алуу |
| Велосипед | - | 25.06.2019 | Сатып алуу |
| **Жалпы** | **17** | | Сатып алуу |

Булак : Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы

### 1.3. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар

Кыргыз-Түрк "Манас" университетиндеги окуу бөлмөлөрүнүн сыйымдуулугуна жараша бөлүштүрүлүшү 6-таблицада көрсөтүлгөн. Теориялык сабактар өтүлүүчү дарсканалардын жалпы саны – 178. Университетте 21 компьютердик лаборатория, 49 окуу-практикалык лаборатория жана 9 өнөркана бар. Ошондой эле туризм жана жогорку мектебинин студенттеринин практикалык сабактары үчүн окуу-өндүрүштүк мейманкана жана теология факультетинин студенттери үчүн Абдулкерим Сатук Бугра-хан атындагы окуу-өндүрүштүк мечити колдонулууда.

**6-таблица. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар**

| Окуу бөлмөсү (даана) | Лекциялык зал | Дарскана | Компьютердик лаборатория | Башка лаборатория | Өнөркана | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 0–25 орундуу | 0 | 57 | 16 | 45 | 7 | 125 |
| 26–50 орундуу | 2 | 102 | 5 | 3 | 2 | 114 |
| 51–75 орундуу | 4 | 2 | 0 | 0 | 0 | 6 |
| 76 жана андан көп орундуу | 11 | 0 | 0 | 1 | 0 | 12 |
| **Жалпы** | **17** | **161** | **21** | **49** | **9** | **257** |

Университеттин максатына ылайык заманбап билим берүү жана илимий-изилдөө иштеринин сапатын жогорулатуу үчүн заманбап технология менен жабдылган жаңы

лабораториялар курулуп, студенттерге практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу, сапаттуу билим алуу жана илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Университеттин академиялык түзүмдөрүндө инфратүзүмү жакшыртылган жана жаңы заманбап жабдуулар менен жабдылган лабораториялар курулган. 2019-жылды кошуп эсептегенде, лаборатория жана өнөрканалардын жалпы саны 80ге жетет. Окуу-практикалык жана илимий изилдөө комплекси менен кошо ачылган ветеринардык клиника жана лабораториялар, туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин өнөрканалары менен көркөм өнөр факультетинин өнөрканалары 2017-жылы пайдаланууга берилген. Ошону менен катар, заманбап технологияларды колдонгон тамак-аш азыктарын анализдөө лабораториясы, биологиялык лаборатория табигый илимдер багыты боюнча окуган студенттердин өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.



Ошондой эле HD сапаттагы Касым Карахан атындагы интерактивдик класс, көркөм өнөр факультетиндеги театралдык сахна, конфуций атындагы мультимедиалык аудитория, синхрондук котормо бөлүмү үчүн лингафондук кабинеттер жана өнөрканалар ачылып, пайдаланууга берилген.



# [MEDIAMANAS]

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин медиа борбору MEDIAMANASтын "Манас" радиосу радио-телекөрсөтүү мүдүрлүгүнүн иш-аракеттеринин натыйжасында 2019-жылдын 1-июнунда EUTELSAT 70B спутниги аркылуу радиоберүүлөрдү обого чыгара баштаган. "Манас" радиосунун Бишкек, Чолпон-Ата, Талас жана Нарын жергеси боюнча радиоберүү аймагы радио-телекөрсөтүү мүдүрлүгүнүн иш-аракеттеринин натыйжасында 2019-жылдын 1-августунда FM 87.6 жыштыгынан 1 кв кубаттуулугу менен Ош аймагында обого чыгарыла баштаган радиоберүүлөр менен кеңейтилген.

Бир топ иш-чараларды уюштуруу жана аларга катышуу менен MEDIAMANAS жылдан-жылга өнүгүп, өсүүдө. Быйыл өткөрүлгөн айрым иш-чараларды айта кетсек:

MEDIAMANAS 2019-жылдагы Бишкек эл аралык джаз фестивалынын расмий медиа өнөктөшү болгон. Фестивалдын бардык концерттери MEDIAMANAS тарабынан обого түз чыгарылды, программанын коноктору болгон музыканттар угуучулар жана көрүүчүлөр менен таанышышты. Өзбекстандан, Тажикистандан, Германиядан, Австриядан жана Швейцариядан келип фестивалга катышкан музыканттар MEDIAMANASтын студияларында кыргызстандык музыканттардын, окутуучулардын, студенттердин жана джаз музыкасын жакшы көргөндөрдүн катышуусунда музыка сабактары уюштурулган. MEDIAMANAS кызыктуу өткөн музыка сабактарын да түз обого чыгарган.

MEDIAMANAS өзү уюштурган "Профессор Фуат Сезгинге арналган атайын программаны" радиодо жана телекөрсөтүүдө берип, университеттин "Профессор Фуат Сезгинди эскерүү жылы" деп аталган иш-чарасына өз салымын кошкон. Ошондой эле MEDIAMANAS катышуучулар көрүүчүлөр менен ойлорун бөлүшүшкөн "Профессор Фуат Сезгиндин накыл сөздөрү жана чыгармаларынын үзүндүлөрү" аттуу видеороликтерин даярдап жарыялаган. Университетте профессор Фуат Сезгинди эскерүү жылынын ачылыш аземине катышкан Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Нежметтин Билал Эрдоган MEDIAMANASка конок болуп келип, түз обого чыккан.

MEDIAMANAS Кыргызстандын мамлекеттик телеканалдары болгон КТРК, ЭлТР, Пирамида жана Түркиянын ТРТ Аваз, ТРТ Хабер, "Анадолу" агенттиги менен бирдикте даярдаган университетке байланыштуу бир топ кабарларды жарыялаган. MEDIAMANASтын кабарчылары Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жана Кыргызстандын башка мекемелеринин басма сөз жыйындарына чакырылып, Кыргызстандын күн тартибинде орун алган маселелерди жарыялаган. Ошондой эле MEDIAMANAS Түркиянын расмий мекемелеринин жана уюмдарынын иш-чаралары тууралуу маалыматтарды жарыялап, аларды башка медиа уюмдарына да жиберген.



CNN Түрк, НТВ, ТРТ Хабер, А Хабер, ТРТ Радио, Пирамида, КТРК, ЭлТР сыяктуу телеканалдарда университетти таанытуу иш-чарасына катышууну камсыздаган MEDIAMANAS быйыл да Түркиянын жана Кыргызстандын улуттук телеканалдарында университетти таанытуу иш-чарасына өз салымын кошкон.

### 1.4.Турмуш тиричиликти камсыз кылуучу жайлар

Университеттин аймагында жайгашкан 1386 орундуу кыздар жана уландар үчүн студенттер үйү, 1 VIP конок үйү, коноктор үчүн 10 батир, кызматтык турак жай катары колдонулган 78 батир, ачык спорт комплекси (футбол талаасы, баскетбол жана волейбол аянтчалары, теннистик корт, балка (темир топ) ыргытуу, чуркоо аянты ж.б. спорт объекттери) турмуш тиричиликти камсыз кылуучу жайлар катары кызмат кылып келет.

Кызматкерлерди жана студенттерди тейлеген буфет-кафетерийлер, студенттер үйү сыяктуу жайлар төмөндөгү таблицаларда көрсөтүлгөн.

#### 1.4.1. Ашкана жана буфеттер

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттери менен академиялык жана административдик кызматкерлеринин тамактанууга болгон керектөөсүн камсыздоо үчүн башкы имататта жана Жал кампусунда ашканалар жайгашкан. Бул ашканаларда күн сайын ысык тамак берилип турат. Ошондой эле университеттин академиялык жана административдик кызматкерлери көрсөткөн материалдык жардамдын негизинде муктаж студенттерге акысыз тамак берилет.

**7-таблица. Ашкана жана буфеттер**

| Түзүмдөр | Даана | Жабык аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундук) |
|---|---|---|---|
| Университеттин башкы имаратындагы студенттик ашкана | 1 | 208,00 | 238 |
| Турмуш-тиричиликти тейлөө комплексиндеги студенттик ашкана | 1 | 725,00 | 454 |
| Университеттин башкы имаратындагы кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 110,00 | 100 |
| Турмуш-тиричиликти тейлөө комплексиндеги кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 725,00 | 300 |
| Көп функционалдуу жыйын залы | 1 | 286,00 | 104 |
| VIP конок үйү | 1 | 73,00 | 35 |
| Мини-маркет | 1 | 15,00 | – |
| Университеттин башкы имаратындагы буфет | 1 | 67,00 | 56 |
| Студенттер үйүндөгү (А корпусу) буфет | 1 | 131,00 | 60 |
| Экономика жана башкаруу факультетинин имаратындагы буфет | 1 | 174,00 | 104 |
| Айыл чарба факультетинин имаратындагы буфет | 1 | 190 | 50 |
| Окуу жана маектешүү жайы | 1 | 384,46 | 230 |
| **Жалпы** | **12** | **3088,46** | **1731** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 1.4.2. Конок үйү

Университеттин коноктор үйү 8 батирден жана 1 VIP конок үйүнөн турат. Бардык коноктор үйүндө санариптик телеберүү, чач кургатуучу жабдык жана 24 саат бою ысык суу берилет. Бөлмөлөрдө кабелсиз интернет (wireless) бар.

Конок үйүндө эс алган коноктор университеттин ашкана, буфет ж.б. мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалана алышат. Коноктор үйү университеттин меймандарына, кызматкерлерине жана алардын үй-бүлөсүнө кызмат көрсөтөт.

**8-таблица. Конок үйү**

| | Даана | Жабык аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундуу) |
|---|---|---|---|
| Конок үйү | 8 батир жана 1 VIP конок үйү | 991,77 | 43 ( эки керебеттүү жана бир керебеттүү) |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 1.4.3. Кызматкерлердин турак жайы

6204,90 чарчы метрдик аянтта 5 имараттан турган 1+1, 2+1, 3+1 бөлмөлүү 61 батирлүү кызматтык турак жай 2010-жылдан бери кызматкерлердин студенттик шаарчанын ичинде коопсуз жана ыңгайлуу шарттарда жашашы үчүн кызмат көрсөтүп келүүдө.

Университеттин Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчасында жайгашкан кызматтык турак жайлар 61 жана 24 батирлүү турак үйлөрдөн, ошондой эле 9 кабаттуу имаратта жайгашкан 3 батирден турат. Конок үйү катары колдонулган 8 батирди жана VIP конок үйүн кошо эсептегенде, университеттеги кызматтык турак жайлардын жалпы саны 89га жетет.

**9-таблица. Кызматкерлердин турак-жайы**

| Сыйымдуулугу | Бош эмес | Бош | Жабык аянт (м²) |
|---|---|---|---|
| 1 бөлмөлүү | 3 | - | 99 |
| 2 бөлмөлүү | 9 | - | 578,43 |
| 3 бөлмөлүү | 37 | - | 3534,02 |
| 4 бөлмөлүү | 23 | - | 2608,52 |
| 3 бөлмөлүү дуплекс | 4 | - | 358,4 |
| 4 бөлмөлүү дуплекс | 4 | - | 413,2 |
| **Жалпы** | **80** | | **7591,57** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы



### 1.4.4. Студенттер үйү

3 даана студенттер үйү А корпусу (680 орундуу), Б корпусу (466 орундуу) жана В корпусу (234 орундуу) болуп бөлүнөт. А жана Б корпусунан турган студенттер үйүнө кыздар жана уландар үчүн өз-өзүнчө киришет. В корпусунда болсо жалаң гана кыздар жашашат. Студенттер үйүндө кантин, чексиз интернет, окуу залдары, компьютердик залдар, 24 саат бою ысык суу, акысыз эртең мененки тамак, санариптик телеберүү, ар бир бөлмөдө жуунучу жай жана дааратканa ж.б. бардык шарттар түзүлүп, аларга кызматкерлер жоопкерчилик жана ачык маанай менен күнү-түнү кызмат кылышат.



**Студенттер үйү**

**А корпусу**

- Сыйымдуулугу: 680
- Бөлмөлөрдүн саны: 141
- Орундун толушу: 100%

**Б корпусу**

- Сыйымдуулугу: 466
- Бөлмөлөрдүн саны: 94
- Орундун толушу: 100%

**В корпусу**

- Сыйымдуулугу: 240
- Бөлмөлөрдүн саны: 40
- Орундун толушу: 100%
- Студенттер, кыздар жана уландар үчүн өз-өзүнчө курулган студенттер үйүндө 4 жана 6 орундуу бөлмөлөрдө жашашат.



**ОКУУ ЗАЛДАРЫ**

Студенттер үйүнүн Б корпусунда 100 орундуу 1 даана, А корпусунда 5 даана окуу залы жайгашкан. Окуу залдары кадыресе күндөрү 23:00го чейин, ал эми сынак тапшыруу мезгилинде 24 саат бою иштейт. Студенттер үйүндө кир жуучу жана үтүктөөчү атайын бөлмөлөр, о.э. студенттер үчүн Wİ-Fİ интернет түйүнү, видео көзөмөлдөө системасы, санариптик телекөрсөтүү менен камсыздалган жана тамактануу кызматын көрсөткөн кантин бар.

**10-таблица. Студенттер үйү**

| Бир бөлмөдөгү орундардын саны | Саны | Жабык аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундук) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Кыз | Эркек | Жалпы |
| 4 орундуу | 141 | 11997 | 472 | 208 | 680 |
| 6 орундуу | 94 | 6697,07 | 208 | 258 | 466 |
| 8 орундуу | 40 | 1365 | 240 | - | 240 |
| **Жалпы** | **275** | **20059,07** | **920** | **466** | **1386** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 1.4.5. Спорттук объекттер

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде студенттер менен академиялык жана административдик кызматкерлердин колдонуусуна берилген жалпы аянты 23454,70 м²ди түзгөн 2 даана ачык спорт комплекси жана 1 даана жабык спорт комплекси бар.

**11-таблица. Спорттук объекттер**

| Объекттер | Саны (даана) | Аянт (м²) | Түшүндүрмө |
|---|---|---|---|
| Ачык спорттук аянтчалар | 2 | 19965,00 | Жабык спорт комплексинин жанындагы 14525 м² аянт. Студенттер үйүнүн Б корпусунун жанындагы 5440 м² аянт |
| Жабык спорт комплекси | 1 | 3489,70 | Жабык спорт салону |
| **Жалпы** | **3** | **23454,70** | |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы

### 1.4.6. Жыйын залдары жана конференц-залдар

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде басымдуу көпчүлүгү 0-50 орундуу 11 даана жыйын залы менен ар кандай сыйымдуулукта 3 даана конференц-зал бар.

**12-таблица. Жыйын жана конференц залдары**

| Сыйымдуулугу | Жыйын залы | Конференц-зал | Жалпы |
|---|---|---|---|
| 0–50 орундуу | 16 | 0 | 16 |
| 51-150 орундуу | 1 | 1 | 2 |
| 151– жана андан жогору орундуу | 0 | 2 | 2 |
| **Жалпы** | **17** | 3 | **20** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 1.5. Склад, архив жана өнөрканалар

Университеттин архивдөө бөлүмү КРнын Улуттук архив фондунун Эксперттик-текшерүү усулдук комиссиясы тарабынан даярдалган жана Ректораттын буйругу менен бекитилген жобого ылайык иш-чараларды ишке ашырат.

**13-таблица. Склад, архив жана өнөрканалар**

| | Даана | Аянт (м²) |
|---|---|---|
| Складдар | 16 | 1018,2 |
| Архивдер | 17 | 271,215 |
| Өнөрканалар | 13 | 294,25 |
| **Жалпы** | **46** | **1460,665** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт баш. жана бардык бөлүмдөр

### 1.6. Башка социалдык багыттагы имараттар

**14-таблица. Кинозал жана концерттик залдар**

| | Аянт (м²) | Сыйымдуулугу (орундуу) |
|---|---|---|
| Кинозал | 128 | 132 |
| Маданият борбору | 594,4 | 400 |
| К.Тыныстанов атындагы жыйындар залы | | 276 |
| Ректорат имаратынын жыйындар залы | 336 | 180 |
| Көп функционалдуу жыйын залы | 286 | 104 |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

## 2. Уюштуруучулук түзүмү

### Университеттин башкаруу органы

Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан 1995-жылдын 30-сентябрында Измир шаарында кол коюлган «Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк «Манас» университетин ачуу боюнча эл аралык келишимдин» негизинде ачылып, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставына ылайык аныкталган.

### Камкорчулар кеңеши

Университеттин эң жогорку чечим чыгаруучу органы болуп Камкорчулар кеңеши саналат. Камкорчулар кеңеши университеттин жалпы башкаруусун алып баруу максатында биргелешип иштетүү – биргелешип башкаруу принцибине ылайык эки тараптуу 8 кишиден турат. Кеңештин төрагасы жана үч мүчөсү Түркия Республикасынын Өкмөтү (Президент, Премьер-министр жана министр) тарабынан кабыл алынган чечим менен дайындалат. Бул чечимдер Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү кеңешинин Аткаруу комиссиясынын сунушу боюнча

Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлиги тарабынан даярдалат.

Камкорчулар кеңешинин калган 4 мүчөсү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен дайындалат. Кеңештин мүчөлүгүнүн мөөнөтү-5 жыл. Мүчөлүк мөөнөтүнөн мурун аяктаган учурда мурдагыдай эле тартипте мүчө дайындалат. Камкорчулар кеңешинин мүчөлүгүнө дайындалган төрага жана мүчөлөр негизги жумуш ордунан бошотулганда Камкорчулук кеңешиндеги кызматы да аяктайт.

**Текшерүү комиссиясы**

Университеттин административдик, финансылык жана академиялык жактан текшерүү иштери эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан дайындалган жана 4 мүчөдөн турган Текшерүү комиссиясы тарабынан жылда бир жолкудан кем эмес өткөрүлөт. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрү Камкорчулар кеңеши аныктаган тартипте 5 жылдык мөөнөткө дайындалат. Текшерүү комиссиясынын төрагасы 2 жылда бир жолу Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ичинен кезеги менен эки өлкөнүн өкмөттөрү тарабынан дайындалат. Текшерүү комиссиясы Камкорчулар кеңешинин чыгымдарын ж.б. иш-чараларын да текшерет. Текшерүү комиссиясынын бирден мүчөсү эки өлкөнүн Өкмөттөрүнө караштуу Финансы министрлигинин бюджет бөлүмүнүн кызматкерлеринин ичинен шайланат.

**Ректор – Биринчи проректор**

Ректор жана Биринчи проректор (Ректордун биринчи орун басары) Келишимде аныкталган тартипте 4 жылдык мөөнөткө дайындалышат. Ректордун жана Биринчи проректордун кызмат мөөнөтү аяктаганда, алар кайрадан дайындалышы мүмкүн. Биринчи проректордон сырткары 2 проректор дайындалат. Проректорлор Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан 4 жылдык мөөнөткө дайындалышат. Ректордун кызмат мөөнөтү аяктаган кезде, проректорлордун да кызмат мөөнөтү аяктайт. Университеттин административдик, финансылык жана академиялык иш-чаралары Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан жүргүзүлөт.

**Окумуштуулар кеңеши**

Окумуштуулар кеңеши университеттин академиялык түзүмү болуп саналат. Ректор -Окумуштуулар кеңешинин төрагасы. Окумуштуулар кеңешинин курамына проректорлор, декандар, институттардын жана жогорку мектептердин мүдүрлөрү менен ар бир факультеттин кеңеши тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалган профессордук-окутуучулук курамдын 1 ден мүчөсү кирет.

**Университеттин Башкаруу кеңеши**

Ректордун төрагалыгындагы университеттин башкаруу кеңеши декандардан жана окумуштуулар кеңеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындала турган институт менен жогорку мектептердин жана университетке караштуу башка окуу бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн ичинен тандалган 5 профессордон түзүлөт. Биринчи проректор университеттин Башкаруу кеңешинин анык мүчөсү болот жана добуш берүү укугуна ээ. Ал эми проректорлор добуш берүү укугуна ээ эмес, бирок Башкаруу кеңешинин жыйынына катыша алышат.

**Факультеттер**

Факультеттин башкаруу органдары – факультеттин деканаты, факультеттин кеңеши жана факультеттин башкаруу кеңеши болуп саналат. Факультеттин жана ага караштуу бөлүмдөрдүн өкүлү болгон

декандар Ректордун сунушу боюнча Камкорчулар кеңеши тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Ар бир декандын университетте толук айлык акы менен иштеген окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган 2 орун басары болот. Декандын орун басарлары декандын сунушу боюнча Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан дайындалат. Декандын кызмат мөөнөтү аяктаган кезде орун басарларынын дагы кызмат мөөнөтү аяктайт. Кызмат мөөнөтү аяктаган декандар кайрадан дайындалышы мүмкүн.

**Институттар**

Институттун башкаруу органдары – институттун мүдүрлүгү, институттун кеңеши жана институттун башкаруу кеңеши болуп саналат. Институттун мүдүрү Ректордун сунушу боюнча Камкорчулар кеңеши тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Кызмат мөөнөтү аяктаган институттун мүдүрү кайрадан дайындалышы мүмкүн. Ар бир институттун мүдүрүнүн университетте толук айлык акы менен иштеген окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган 2 орун басары болот. Институттун мүдүрүнүн орун басарлары институттун мүдүрүнүн сунушу боюнча Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан дайындалат. Институттун мүдүрүнүн кызмат мөөнөтү аяктаган кезде орун басарларынын дагы кызмат мөөнөтү аяктайт.

**Жогорку мектептер**

Жогорку мектептин башкаруу органдары – жогорку мектептин мүдүрлүгү, жогорку мектептин кеңеши жана жогорку мектептин башкаруу кеңеши болуп саналат. Жогорку мектептин мүдүрү Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Кызмат мөөнөтү аяктаган жогорку мектептин мүдүрлөрү кайрадан дайындалышы мүмкүн. Ар бир жогорку мектептин мүдүрүнүн университетте толук айлык акы менен иштеген окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган 2 орун басары болот. Жогорку мектептин мүдүрүнүн орун басарлары жогорку мектептин мүдүрүнүн сунушу боюнча Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан дайындалат. Жогорку мектептин мүдүрүнүн кызмат мөөнөтү аяктаган кезде орун басарларынын дагы кызмат мөөнөтү аяктайт.

**Бөлүмдөр**


Бир факультетте же жогорку мектепте бирдей же ага окшош окуу программаларын ишке ашырган эки бөлүм болбойт. Бөлүмдөр бөлүм башчылары тарабынан жөнгө салынат. Бөлүмдүн башчылыгына профессорлор, бөлүмдө профессорлор болбогон кезде, алардын ордуна доценттер, доценттер болбогон учурда доценттин милдетин аткаруучулар факультетерде декандын, ал эми жогорку мектептерде мүдүрдүн сунушу боюнча Биринчи проректордун макулдугу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Кызмат мөөнөтү аяктаган бөлүм башчылары кайрадан дайындалышы мүмкүн.

**Илимий изилдөө борборлору**

Илимий-изилдөө борборлору университеттин ичинде жана сыртында жергиликтүү жана эл аралык уюмдар менен кызматташат. Ар кандай коомдук катмарларга теориялык жана практика жүзүндө билим берүү, негизги жана практикалык изилдөөлөрдү жана долбоорлорду жүргүзүү үчүн бул борборлорго Ректорат тарабынан толук айлык акы менен иштеген профессордук-окутуучулук курамдын мүчөсү 3 жылдык мөөнөткө мүдүр болуп дайындалат.


Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин академиялык жана административдик түзүмдөрү 1-схемада жана 2-схемада көрсөтүлгөн.

## КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН АКАДЕМИЯЛЫК ТҮЗҮМҮНҮН СХЕМАСЫ



## КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН

## АДМИНИСТРАТИВДИК ТҮЗҮМҮ






### 3. Маалыматтык жана технологиялык ресурстар

2019-2020-окуу жылына карата пландаштырылган программалык жабдууларды жаңыртуу иштеринин алкагында 2019-жылдан баштап, резервдик көчүрүү жана башкаруу HP Proliant DL380 G10 жана маалыматтарды сактоо HP MSA2050 серверлери пайдаланылып келаткан серверлерге кошулуп, ишке киргизилген. Бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында интернет аркылуу иштеген системанын жана веб-баракчалардын коопсуз, ишенимдүү жана тез иштөөсү менен бирге маалыматтарды сактоо мүмкүнчүлүктөрү да кеңейтилген.

Университеттеги бардык иштерди электрондук түрдө жүргүзүү боюнча долбоорлор ж.б. иш-чаралар маалыматтык технологиялар башкармалыгы тарабынан ишке ашырылып жатат. 2019-жылга карата пландаштырылган программалык жабдууларды жаңыртуу иштеринин бир бөлүгү аякталган. Университеттин түзүмдөрүндө маалыматтарды электрондук түрдө алмашуу үчүн тийиштүү системалар орнотулган. Бирдиктүү маалымат базасы түзүлүп, маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу, колдонуу жана алмашуу боюнча стандарттар аныкталып жүзөгө ашырылган.

#### 3.1. Студенттик шаарчанын була-оптикалык байланышы

Университеттин студенттик шаарчасынын ичиндеги бардык имараттарда кабелдүү интернет орнотулган. Университеттин конференц-залдарында, жыйын залдарында, китепкананын окуу залдарында, студенттик үйлөрдө, буфет-кафетерийлерде жана коомдук пайдалануудагы жерлерде интернет түйүнү орнотулуп, wi-fi кызматы иштейт. 2019-жылдан баштап студенттик шаарчанын ичинде жайгашкан студенттик үйлөрдө, окуу залдарында, китепканаларда жана факультеттерде 82 даана wi-fi жабдуулары орнотулуп, Eduroam системасы ишке киргизилген.

Ошондой эле 2019-жылдан баштап, кызматкерлер жана студенттер корпоративдик электрондук почта кызматын Google өнүмү болгон GSuit кызматы аркылуу колдоно башташкан. Академиялык жана административдик кызматкерлерге жана студенттерге @manas.edu.kg электрондук почтасын колдонуу мүмкүнчүлүгү берилген.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин маалыматтык технологиялар башкармалыгы байланыш-катыш (network) тармагынын жабдууларын иштетүү, башкаруу жана була-оптикалык кабелдерди орнотуу иштери боюнча маалыматтык технологиялар чөйрөсүндө кызмат көрсөтө баштаган. Бул кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн материалдык-техникалык базаны чыңдоо иштерин улантат. Аталган иштерди ырааттуу жана натыйжалуу жүргүзүү үчүн бардык серверлер бир жерде топтолгон. Бир топ сервердин (компьютердин) кубаттуулугун, электр энергиясын жана мейкиндикти үнөмдүү пайдалануу үчүн 1 даана 24 ГБ оперативдүү эс тутуму, 7.5 Тб катуу диски жана 4 даана Intel Xeon

4C 2.53 Ghz CPU процессордук блогу бар IBM Blade Center Server, лицензиялуу Windows Server 2012 R2 операциондук система жана Open Source Linux операциондук система орнотулган.

Ошону менен катар студенттик шаарчаны кеңейтүү планы боюнча жаңы курулган имараттарда интернет түйүнү орнотулуп, курула турган жаңы имараттардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча иштер улантылууда. Бул жаатта жакында эле пайдаланууга берилген ректораттын имаратында, инженерия жана табигый илимдер факультеттеринин имараттарында була-оптикалык кабелдерди орнотуу иштери бүтүрүлгөн. Жабык спорт комплексинде, ТРнын Улуттук билим берүү министрлигине караштуу Бишкек башталгыч мектеп жана орто мектептин имаратында, теологи факультеттин имаратында була-оптикалык байланыш линиясын куруу иштери бүтүрүлгөн.

Интернет тармагындагы өнүгүүлөргө катарлаш электрондук университет болуу максатында веб-сервер жана электрондук почта системасына кошумча катары төмөндө көрсөтүлгөн программалык жабдуулар менен маалыматтык системалар кеңири колдонулууда.

Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчанын Server бөлмөсүндө Cisco 3750 switch жана 1 даана Cisco 2960-S switch, ошондой эле коммуникация факультетинде 2 даана Nortel switch жана 2 даана Zyxel switch, экономика жана башкаруу факультетинде 3 даана Nortel жана 1 даана Cisco-Linksys switch, университеттин башкы имаратында 1 даана Cisco-Lynksys switch, интернет тармагынын коопсуздугун камсыздоо үчүн мындан мурун колдонулган 1 даана Labris L8 антивирустук программанын ордуна университеттин кызматкерлери тарабынан иштелип чыккан DEBIAN операциондук системанын жардамы менен иштеген Linux өзөгүнүн негизинде Open Source KTMÜ- DEBIAN аттуу программалык жабдуу колдонулат. Персоналдык компьютерлерде колдонулган антивирустук программа катары Microsoft фирмасынын Security Essential программасы колдонулууда. Студенттик шаарчалардын ар түрдүү жерлеринде (университеттин башкы имараты, Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарча, кызматкерлердин турак жайы жана студенттик үйлөр) WI-FI интернет түйүнү орнотулган.

## 3.2. Программалык жабдуулар жана компьютерлер:






Электрондук университет болуу максатында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде бар болгон маалыматтык системаларга жаңылары кошулуп, манас маалыматтык системасынын жардамы менен бардык маалыматтык системалар кеңири колдонулууда. Университеттин маалыматтык технологияларын жана ресурстарын серверлер, байланыш-катыш (network) тармагынын жабдуулары, компьютерлер ж.б. кеңсе буюмдары түзөт. Маалыматтык технологиялар жана ресурстар төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн. Университетте пайдаланылган компьютерлердин жана программалык жабдуулардын болжол менен 15%ы жыл сайын жаңыланып турат.

Университет тарабынан иштелип чыккан системалар жана программалык жабдуулар:

1. Академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу системасы

2. Студенттик үйлөргө студенттерди каттоо системасы

3. КТМУнун электрондук маалыматнаамасы

4. “Алтын көпүрө” түрк тилин үйрөтүү окуу куралынын топтому

5. “Алтын көпүрө” кыргыз тилин үйрөтүү окуу куралынын топтому

6. Конок үйүн жана кызматтык турак жайларды иштетүү бөлүмүнүн конокторду каттоо системасы

7. Сабактар тууралуу маалыматтар пакети

8. КТМУнун комиссиялары

9. Сапатты башкаруу системасы (KYS)

10. КТМУнун келишимдери

11. КТМУнун кызматкерлерине жана

**15-таблица. Программалык жабдуулар жана компьютерлер**

| Түрү | Административдик максатта | Билим берүү максатында | Жалпы |
|---|---|---|---|
| Программалык жабдык | 34 | 9 | 43 |
| Компьютер | 438 | 811 | 1249 |
| Ноутбук | 82 | 141 | 223 |

студенттерине СМС жиберүү системасы

12. Окуу жана маектешүү жайынын тамак-аштар тизмеси жана анын илиниши боюнча программалык жабдуу

13. Коомдук илимдер институтунун диссертациялык иштерин архивдөө жана диссертациялык иштердин темаларын каттоо системасы

14. КТМУнун кызматкерлерин жана студенттерин издөөнү автоматташтыруу

15. Иш-чараларды каттоо системасы

16. Унааларды каттоо жана автоматташтыруу системасы

17. Eduroam wi-fi системасы

18. Университеттин түзүмдөрүнүн ортосундагы өз ара маалымат алмашуу системасы

19. КТМУнун имараттарды көзөмөлдөө системасы

20. Академиялык кызматкерлерди ишке кабыл алууну автоматташтыруу системасы

21. Илимий изилдөө долбоорлорун башкаруу системасы

22. Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди башкаруу системасы

23. Электрондук түрдө кыдырма барагын толтуруу жана буюмдарды көзөмөлдөө боюнча программалык жабдуу

24. Сабактардын мазмуну (коомдук илимдер институту жана табигый илимдер институту).

### 3.3. Китепкана кызматтары жана окуу борборлору

1998-жылы ишке киргизилген китепкана кызматтары замандын талабына ылайык жана эл аралык деңгээлге жооп берген шарттарда маалымат булактары менен камсыз кылууда. Китепкананын максаты ар кыл багытта эмгектенген илимпоздордун, кенже илимий кызматкерлердин жана студенттердин окуу-тарбия, илим изилдөө жаатындагы жана жалпы эле маданий муктаждыктарын канааттандыруу болуп саналат. Китепканабыздын коллекциясы жардам катары келген жана сатып алынган маалымат булактары менен күндөн-күнгө толукталууда. КТМУнун китепканасынын базасында 83231 даана китеп, мезгилдүү басма сөз каражаттары, аудио-видео материалдар, дипломдук, диссертациялык иштер жана электрондук китептер бар.

Университет кызматташтык түзгөн ар бир тармак боюнча өнөктөштүктү бекемдөөгө, ишенимди арттырууга, байланыштарды күчөтүүгө шарт түзө турган жыйындардын, коомдук жана маданий иш-чаралардын уюштурулушуна, биргелешкен долбоорлордун жүргүзүлүшүнө өзгөчө көңүл бөлүп келет.



Китепкананын жалпы аянты 1647,79 м². (Башкы имараттагы китепкананын аянты 476,2 м², борбордук китепкананыкы – 680,41 м², Азиз Санжар атындагы китепкананын аянты – 491, 18 м²).



Китепкана 305 орунга эсептелип, 390 китеп текчелери коюлган, 44 компьютер интернетке (алардын ичинен 15и кызматкерлер үчүн, 27си студенттер үчүн, 2 компьютер техникалык тейлөө үчүн) туташтырылган. Ошону менен катар эле китепканабыз 7 принтер, 2 сканер, атайын абонементтерге эскертүү жүргүзүүчү 3 система, штрихкод окуй турган атайын 6 сканер, 2 ксерокөчүрмө, көчмө чакан 3 терминал, 2 компьютер киоск менен жабдылган. Бардык окуу залдарында окурмандар үчүн интернет түйүнү кошулган.

**Борбордук китепкана**

Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчада студенттер үйүнүн А-блогу менен чогуу курулган борбордук китепкана 2013-жылдын сентябрында пайдаланууга берилген. Китепканада 32622 китеп жана 1950 бакалаврдык бүтүрүүчү квалификациялык иштер бар. Мында 119 китеп текчеси коюлган жана 82 окурманга орун бар. Ошондой эле китепкана 8 даана компьютер менен камсыз кылынган.

**Даярдоо курсунун окуу залы**

Башкы имараттагы китепкана даярдоо курсунун окуу залы катары кызмат көрсөтөт. Даярдоо курсунун окуу залы китептерди каттоо, каталогго киргизүү жана классификациялоо системаларына жана окуу китептери менен мезгилдүү басылмалардын архивине ээ. Ошондой эле даярдоо курсуна тиешелүү 21732 китеп жана 13987 окуу китеби бар. Даярдоо курсунун окуу залында 206 китеп текчеси жана 159 окурманга орун бар. Ошондой эле окуу залы 22 даана компьютер менен камсыз кылынган.

**Проф. Азиз Санжар атындагы китепкана**

2018-жылдын 20-апрелинде пайдаланууга берилген проф. Азиз Санжар атындагы китепканада бардыгы болуп 13588 китеп жана магистрдик/ доктордук диссертация бар. Китепканада 76 китеп текчеси коюлган жана 120 окурманга орун бар. Ошондой эле китепкана 14 даана компьютер менен жабдылган.

**Түрк цивилизациясын изилдөө борборунун окуу залы**

Түрк цивилизациясын изилдөө борборуна таандык окуу залында китепкананын балансында турган 2204 китеп бар. 42 китеп текчеси коюлуп, 5 окурманга ылайыктуу.

**Электрондук китеп жана мультимедиа мүмкүнчүлүктөрү**

Китепкананын электрондук каталогу 2005-жылдын 1-ноябрынан баштап окурмандар тарабынан колдонулуп келүүдө. 2008-2018-жылдар аралыгында электрондук каталогдон маалымат издөөнүн саны 629782 болсо, 2019-жылы маалымат издөөнүн саны 35864кө жетип, бардыгы болуп 665646ны түзөт. Аталган каталогдун ачык дареги http:// www.yordam.manas.edu.kg сайты аркылуу жүргүзүлөт.

Университеттин китепканасы тарабынан иштетилген «Manas Elibrary» маалыматтар базасында 4998 жана «KTMU DataBase» маалыматтар базасында 670 даана электрондук китеп интернет аркылуу окурмандарга сунушталган. «КТМУнун илимий басылмаларынын каталогуна (Манас маалыматтар базасы) 1005 илимий басылма катталган. Мындан сырткары электрондук журналдарга жана булактардын маалыматтар базасына таандык веб-баракчаларынын шилтемелериуниверситеттин веб-баракчасынын (http://library.manas.edu.kg) "Пайдалуу шилтемелер" бөлүгүнө жайгаштырылган.

Электрондук маалыматтар базасына катталуу

2019-жылы электрондук маалыматтар базасына бардыгы болуп 59 киши катталган (6сы – акылуу негизде; 16сы – долбоор катары акысыз негизде; 3ү китепкана тарабынан түзүлгөн; 31и колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ; 3үнө белгилүү убакытка колдонуу мүмкүнчүлүгү берилген)

Бул электрондук маалыматтар базасы тууралуу маалыматтар (http://library.manas.edu.kg) жана электрондук каталог (http://yordam.manas.edu.kg) университеттин веб-баракчасынын «Маалыматтар базасы» бөлүмүндө жайгашкан.

Китептердин саны (өз алдынча өнүктүрүүчү китептер, маалымдама адабияттар, сейрек кездешүүчү чыгармалар, томдуу журналдар ж.б.) – 68.768

Окуу китептери – 13.987 Бүтүрүүчү квалификациялык иштер - 790

Китептен сырткары материалдар (CD, DVD, кассета, карта ж.б.) – 588, электрондук китеп – 4.998+670 (электрондук каталог)

Мезгилдүү басылмалар – (аталышы боюнча) 57 / 106 (даана)

Электрондук маалыматтар базасына катталуу – 59

**16-таблица. Китепкана булактары**

| Бөлүмү | Китеп | Материал (CD, DVD, Карта, v.b.) | Мезгилдүү басылмалар | | Элект. бас-лар | Дисертация | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жергиликтүү басылмалар | Чет өлкөлүк бас-лар | | | |
| Техника ж-а табигый илимдер | 10042 | 29 | 0 | 4 | 1552 | 165 | 11792 |
| Экономика ж-а башкаруу | 7915 | 6 | 0 | 0 | 477 | 165 | 8563 |
| Коомдук илимдер | 25479 | 332 | 9 | 0 | 1970 | 260 | 28050 |
| Журналистика | 1399 | 5 | 0 | 0 | 64 | 31 | 1499 |
| Айыл чарба ж-а ветеринария | 2460 | 1 | 0 | 0 | 220 | 22 | 2703 |
| Филология | 7597 | 137 | 4 | 3 | 343 | 81 | 8165 |
| Туризм ж-а мей-кана иштетүү | 2062 | 6 | 0 | 0 | 182 | 19 | 2269 |
| Дене тарбия ж-а спорт | 490 | 0 | 0 | 3 | 120 | 0 | 613 |
| Искусство | 2435 | 39 | 0 | 0 | 114 | 15 | 2603 |
| Медицина | 745 | 0 | 0 | 0 | 72 | 0 | 817 |
| Башка | 22131 | 33 | 26 | 8 | 554 | 32 | 22784 |
| **Жалпы** | **82755** | **588** | **39** | **18** | **5668** | **790** | **89858** |

Булак: Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы

### 3.4. Башка маалыматтык жана технологиялык булактар

**17-таблица. Башка маалыматтык жана технологиялык булактар**

| Түрү | Административдик жана билим берүү максатындагы (саны) | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 1995-2017* | 2018 | 2019 | Жалпы |
| Проектор | 119 | 11 | 48 | 178 |
| Принтер | 257 | 29 | 23 | 309 |
| Ксерокөчүрмө | 15 | 1 | 0 | 16 |
| Фотоаппарат | 47 | 3 | 0 | 50 |
| Камера | 105 | 171 | 10 | 286 |
| Телевизор | 209 | 6 | 13 | 228 |
| Сканер | 23 | 1 | 3 | 27 |
| Микроскоп | 80 | 6 | 0 | 86 |
| Кондиционер | 75 | 13 | 2 | 90 |
| Телефон | 794 | 22 | 33 | 849 |
| Муздаткыч | 167 | 17 | 3 | 187 |
| Интерактивдүү такта | 5 | 0 | 0 | 5 |
| **Жалпы** | **1896** | **280** | **135** | **2311** |

*Колдонуу мөөнөтү бүткөн буюм-тайымдардын колдонуудан чыгарылышы.

Булак: Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы

**18-таблица. Маалыматтык жана технологиялык булактардын бөлүштүрүлүшү**

| Түзүму | Компьютер | Принтер | Ноутбук | Проектор | Свитч | wi-fi | Сканер |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Административдик** | 811 | 131 | 141 | 144 | 37 | 118 | 13 |
| **Академиялык** | 438 | 178 | 82 | 34 | 156 | 258 | 14 |
| **Жалпы** | **1249** | **309** | **223** | **178** | **193** | **376** | **27** |

Булак: Маалыматтык технологиялар башкармалыгы

**19-таблица. Лабораториялар (бардык академиялык бөлүмдөр б-ча)**

| Лабораториянын/өнөрканананын аталышы | | Колдонулган жер |
|---|---|---|
| 1 | Компьютердик лаборатория | Экономика жана башкаруу факультети |
| 2 | проф. Касым Карахан атындагы интерактивдүү окуу аудиториясы | Экономика жана башкаруу факультети |
| 3 | Конфуций атындагы мультимедиалык лаборатория | Гуманитардык факультет |
| 4 | Психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү лабораториясы | Гуманитардык факультет |
| 5 | Синхрондук котормо боюнча окуу-өндүрүштүк жана мультимедиалык лаборатория | Гуманитардык факультет |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Компьютердик лаборатория | Табигый илимдер институту |
| 7 | Физика лабораториясы | Табигый илимдер институту |
| 8 | Биохимия лабораториясы | Табигый илимдер институту |
| 9 | Гистология лабораториясы | Табигый илимдер институту |
| 10 | Компьютердик лаборатория | Көркөм өнөр факультети |
| 11 | проф. Мехмет Башбуг атындагы сүрөт тартуу өнөрканасы | Көркөм өнөр факультети |
| 12 | Сахна өнөрканасы | Көркөм өнөр факультети |
| 13 | Графикалык дизайн лабораториясы | Коммуникация факультети |
| 14 | Видео монтаж лабораториясы | Коммуникация факультети |
| 15 | Графикалык анимация лабораториясы | Коммуникация факультети |
| 16 | «Манас» гезитинин өнөрканасы | Коммуникация факультети |
| 17 | Сүрөт өнөрканасы | Коммуникация факультети |
| 18 | Тамак бышыруу өнөрканасы-1 | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 19 | Тамак бышыруу өнөрканасы-2 | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 20 | Меймандарды тейлөө өнөрканасы | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 21 | Барды иштетүү өнөрканасы | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 22 | Компьютердик лаборатория (меймандарды кабыл алуу) | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 23 | Окуу-өндүрүштүк мейманкана | Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби |
| 24 | Энтомология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 25 | Молекулярдык биология жана биотехнология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 26 | Фитопатология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 27 | Клиникалык лаборатория | Айыл чарба факультети |
| 28 | Биотехнология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 29 | Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн изилдөө лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 30 | Талаа өсүмдүктөрүн изилдөө лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 31 | Тоют өсүмдүктөрүн изилдөө лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 32 | Нематология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 33 | Помология лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 34 | Гербология лабораториясы | Айыл чарба факультети |

| | | |
|---|---|---|
| 35 | Урук өндүрүү лабораториясы | Айыл чарба факультети |
| 36 | Компьютердик лаборатория | Айыл чарба факультети |
| 37 | Cisco байланыш технологиялары лабораториясы | Инженерия факультети |
| 38 | Изилдөөлөрдү жүргүзүү жана долбоорлорду иштеп чыгуу лабораториясы | Инженерия факультети |
| 39 | Программалоо лабораториясы | Инженерия факультети |
| 40 | Илимий изилдөө лабораториясы | Инженерия факультети |
| 41 | Жалпы химия лабораториясы | Инженерия факультети |
| 42 | Органикалык химия лабораториясы | Инженерия факультети |
| 43 | Радиоэкология лабораториясы | Инженерия факультети |
| 44 | Айлана-чөйрөнү көзөмөлдөө лабораториясы | Инженерия факультети |
| 45 | Айлана-чөйрө инженериясы лабораториясы | Инженерия факультети |
| 46 | Илимий изилдөө лабораториясы | Инженерия факультети |
| 47 | Башкы имараттагы илимий изилдөө лабораториясы | Инженерия факультети |
| 48 | Тамак-аш азыктарын өндүрүү технологиясы лабораториясы | Инженерия факультети |
| 49 | Тамак-аш азыктарын жана чийки заттарды анализдөө лабораториясы | Инженерия факультети |
| 50 | Физикалык химия лабораториясы | Инженерия факультети |
| 51 | Тамак-аш азыктарынын микробиологиясы лабораториясы | Инженерия факультети |
| 52 | Биостатистика лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 53 | Фармакология лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 54 | Биохимия лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 55 | Жаныбарларды азыктандыруу жана тамак сиңирүү ооруларын изилдөө лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 56 | Зоотехния лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 57 | Окуу-өндүрүштүк лаборатория-1 | Ветеринария факультети |
| 58 | Окуу-өндүрүштүк лаборатория-2 | Ветеринария факультети |
| 59 | Тамак-аш азыктарын өндүрүү гигиенасы жана технологиясы | Ветеринария факультети |
| 60 | Патология лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 61 | Генетика лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 62 | Паразитология лабораториясы | Ветеринария факультети |

| | | |
|---|---|---|
| 63 | Микробиология лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 64 | Вирусология лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 65 | Анатомия лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 66 | Гистология лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 67 | Клиникалык диагностика лабораториясы | Ветеринария факультети |
| 68 | Автоунаа өнөрканасы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 69 | Бетон иштетүү өнөрканасы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 70 | Компьютердик лаборатория – CAD лабораториясы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 71 | Компьютердик графика лабораториясы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 72 | Заманбап кеңсе лабораториясы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 73 | Техникалык чиймелерди даярдоо өнөрканасы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 74 | Жыгач иштетүү өнөрканасы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 75 | Бетон иштетүү (Kagir) өнөрканасы | Кесиптик жогорку мектеп |
| 76 | Компьютердик лаборатория | Маалымат технологиялар башкармалыгы |
| 77 | Компьютердик лаборатория | Маалымат технологиялар башкармалыгы |
| 78 | Компьютердик зал | Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы |
| 79 | Компьютердик зал | Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы |
| 80 | Компьютердик зал | Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы |

Булак: Административдик жана академиялык түзүмдөрү



## 4. Адам ресурстары

Университет адам ресурстарын башкарууда талбай изденүү жана ачык-айкын башкаруу жолун тандап алган. Бул жаатта кызматкерлердин иш натыйжалуулугун арттыруу жана өнүккөн технологияга ылайык долбоорлорду даярдоо максаттарын көздөп жатат.

Университет кадрларды тандап алууда алардын санына эмес, квалификациясына басым жасап, университетке жумушка кабыл алууда кылдат мамиле жасайт. 2010-жылдан бери ТРнын 2547-номерлүү «Жогорку билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын» 39-беренесине ылайык, Түркиянын 63 ар кыл университетинен 217 кызматкер дайындалып, бардыгы болуп 514 кызматкер, анын ичинен 401 академиялык жана 113 административдик кызматкер жумуш менен камсыз кылынган. Мындан сырткары бардыгы болуп 455 кызматкер, анын ичинен 337 академиялык жана 118 административдик кызматкер ар түрдүү себептерден улам жумуштан кеткен. Ошондой эле Камкорчулар кеңешинин чечимдерине ылайык, жогорку квалификациялуу академиялык кызматкерлер менен камсыздоо жана профессордук-окутуучулук курамды даярдоо жаатындагы иш-чараларыбыз улантылууда. Бөлүмдөрдүн ишин өнүктүрүү үчүн 2010-жылдан тарта 36 кенже илимий кызматкер, 34 доценттин милдетин аткаруучу, 4 доцент жана 5 профессор кызматка жогорулатылган.

**20-таблица. Кызматкерлердин саны**

| | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2018-2019 өзгөртүү % |
|---|---|---|---|---|---|
| Академиялык кызматкер | 552 | 536 | 501 | 533 | 6,39 |
| Административдик кызматкер | 296 | 297 | 289 | 312 | 7,96 |
| Кыска мөөнөттүү келишим м-н иштеген администр. кызматкерлер | 159 | 169 | 138 | 128 | -7,25 |
| **Жалпы** | 1007 | 1002 | 928 | 973 | 4,85 |


Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)



1-график. Кызматкерлердин кызмат ордуна карата бөлүштүрүлүшү




2-график. Академиялык кызматкерлердин штаттык кызмат ордуна жараша бөлүштүрүлүшү



| 21-таблица. Академиялык кызматкерлердин саны | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Наамы | Штаттык кызмат орундарына жараша | | | |
| | Толук айлык акы алып иштеген | Жарым айлык акы алып иштеген | Саатына акы алып иштеген | Жалпы |
| Профессор | 64 | 10 | 5 | 79 |
| Доцент | 43 | 9 | 31 | 83 |
| Доценттин м.а. | 45 | 0 | 0 | 45 |
| Ага окутуучу. докт. | 52 | 13 | 17 | 82 |
| Ага окутуучу | 48 | 24 | 33 | 105 |
| Окутуучу | 95 | 4 | 2 | 101 |
| Адис | 8 | 0 | 0 | 8 |
| Кенже илим. кызматкер | 30 | 0 | 0 | 30 |
| **Жалпы** | **385** | **60** | **88** | **533** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)

### 4.1. Кыргыз Республикасынын жараны болгон академиялык кызматкерлер

Университетибизде 360 кыргызстандык жаран академиялык кызматкер катары эмгектенишет. Алардын ичинен 217сы толук айлык, 59у жарым айлык акы, 84ү саатына акы алып иштешет.

| 22-таблица. Кыргыз жараны болгон академиялык кызматкерлер | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Наамы | Штаттык кызмат орундарына жараша | | | |
| | Толук айлык акы алып иштеген | Жарым айлык акы алып иштеген | Саатына акы алып иштеген | Жалпы |
| Профессор | 23 | 10 | 5 | 38 |
| Доцент | 22 | 9 | 31 | 62 |
| Доценттин м.а. | 24 | 0 | | 24 |
| Ага окутуучу. докт. | 46 | 13 | 15 | 74 |
| Ага окутуучу | 31 | 23 | 32 | 86 |
| Окутуучу | 43 | 4 | 1 | 48 |
| Адис | 5 | 0 | 0 | 5 |
| Кенже илим. кызматкер | 23 | 0 | 0 | 23 |
| **Жалпы** | **217** | **59** | **84** | **360** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)

## 4.2. Түркия Республикасынан жана башка өлкөлөрдөн келген окутуучулар

Университетте Түркиядан 167, Кытайдан 5 жана Сириядан келген 1 академиялык кызматкер болуп бардыгы 173 чет элдик академиялык кызматкер эмгектенет.

**23-таблица. ТР жана башка мамлекеттердин жараны болгон академиялык кызматкерлер**

| Наамы | Штаттык кызмат орундарына жараша | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Толук айлык акы алып иштеген | Жарым айлык акы алып иштеген | Саатына акы алып иштеген | Жалпы |
| Профессор | 41 | 0 | 0 | 41 |
| Доцент | 21 | 0 | 0 | 21 |
| Доценттин м.а. | 8 | 0 | 0 | 8 |
| Ассоциацияланган профессор | 13 | - | - | - |
| Ага окутуучу. докт. | 6 | 0 | 2 | 8 |
| Ага окутуучу | 17 | 1 | 1 | 19 |
| Окутуучу | 52 | 0 | 1 | 53 |
| Адис | 3 | 0 | 0 | 3 |
| Кенже илим. кызмат | 7 | 0 | 0 | 7 |
| **Жалпы** | **168** | **1** | **4** | **173** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)

**3-график. Академиялык кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүштүрүлүшү**



### 4.3. Башка университеттерден келип, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде иштеп жаткан академиялык кызматкерлер

Түркия Республикасынын 2547-номерлүү "Жогорку билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде кызматка алынган 67 академиялык кызматкер эмгектенет.

**24-таблица. Башка университеттерден келип иштеген академиялык кызматкерлер**

| Наамы | Иштеген бөлүмү | Келген университети | Киши саны |
|---|---|---|---|
| Проф. | Ветеринария факультети<br>Көркөм өнөр факультети<br>Айыл-чарба факультети<br>Табигый илимдер факультети<br>Теология факультети<br>Дене тарбия ж-а спорт жогорку мектеби<br>Инженерия факультети<br>Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби<br>Коммуникация факультети<br>Кесиптик жогорку мектеп | Анкара университети<br>Акдениз университети<br>Анкара Хажы Байрам Вели университети<br>Балыкесир университети<br>Бурса Улудаг университети<br>Жумхурийет университети<br>Эржийес университети<br>Фырат университети<br>Кахраман Мараш сүтчү имам университети<br>Кыршехир Ахи Эвран университети<br>Кутахья Думлупынар университети<br>Гази Университети<br>Он тогузунчу май университети<br>Селчук университети<br>Мерсин университети<br>Памуккале университети<br>Мармара университети<br>Муш Алпарслан университети<br>Сакария университети<br>Йылдырым Бейазыт университети<br>Йылдыз техникалык университети<br>Ван жүзүнчү жыл университети<br>Үскүдар университети | 35 |
| Доцент | Гуманитардык факультети<br>Коммуникация факультети<br>Көркөм өнөр факультети<br>Экономика жана башкаруу фак.<br>Табигый илимдер факультети<br>Дене тарбия ж-а спорт жогорку мектеби<br>Теология факультети<br>Айыл-чарба факультети | Ататүрк университети<br>Чукурова университети<br>Эржийес университети<br>Эрзинжан Бинали Йылдырым университети<br>Гази Университети<br>Кутахья Думлупынар университети<br>Килис 7 аралык университети<br>Стамбул меденийет университети<br>Кожаели университети<br>Кахраман Мараш Сүтчү Имам университети<br>Мимар Синан көркөм өнөр университети<br>Он тогузунчу май университети<br>Нежметтин Эрбакан университети<br>Бүлент Эжевит университети<br>Сакария университети | 19 |
| Доцент. м.а. | Экономика жана башкаруу фак.<br>Теология факультети<br>Ветеринария факультети<br>Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби<br>Гуманитардык факультети<br>Көркөм өнөр факультети<br>Коммуникация факультети<br>Айыл-чарба факультети<br>Табигый илимдер факультети<br>Инженерия факультети | Хатай Мустафа Кемалк университети<br>Акдениз университети<br>Абант Иззет Байсал университети<br>Нежметтин Эрбакан университети<br>Аднан Мендерес университети<br>Токат Газиосманпаша университети<br>Селчук университети<br>Памуккале университети<br>Ниде Омерхалис университети<br>Шырнак университети<br>Он тогузунчу май университети | 13 |
| **Жалпы** | | | **67** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)

### 4.4. Академиялык кызматкерлердин жаш курагына карай бөлүнүшү


Академиялык кызматкерлердин жаш курагына карата бөлүштүрүлүшүндө 30-39 жаш жана 40-49 жаш курактагылар башка 3 курактык топтордун тең жарымын үзгөндүгүн көрүүгө болот.

25-таблица. Академиялык кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү

| | 20-29 жаш | 30-39 жаш | 40-49 жаш | 50-59 жаш | 60 жаштан жогору | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Киши саны** | 37 | 129 | 164 | 122 | 81 | 533 |
| **% Көрсөткүч** | **6,9** | **24,2** | **30,8** | **22,9** | **15,2** | **100,0** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)

### 4-график. Академиялык кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү




26-таблица. Академиялык кызматкерлердин илимий наамына жана жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү

| Наамы | 20-29 жаш | 30-39 жаш | 40-49 жаш | 50-59 жаш | 60 жаштан жогору |
|---|---|---|---|---|---|
| Профессор | - | 1 | 12 | 27 | 39 |
| Доцент | - | 4 | 26 | 36 | 17 |
| Доценттин м.а. | - | 21 | 19 | 5 | - |
| Ага окутуучу. докт. | - | 21 | 37 | 17 | 7 |
| Ага окутуучу | 11 | 23 | 29 | 25 | 17 |
| Окутуучу | 12 | 40 | 38 | 10 | 1 |
| Адис | - | 3 | 3 | 2 | - |
| Кенже илим. кызматкер | 14 | 16 | - | - | - |
| **Жалпы** | **37** | **129** | **164** | **122** | **81** |

### 4.5. Эмгек келишиминин негизинде толук айлык акы менен иштеген академиялык кызматкерлер


Университетте толук айлык акы менен иштеген академиялык кызматкерлер төмөндөгү таблицада берилген.

**27-таблица. Эмгек келишиминин негизинде толук ставкада эмгектенген академиялык кызматкерлер**

| Наамы | КР | ТР | Башка өлкөлөрдөн келген ак. кызматкерлер |
|---|---|---|---|
| Профессор | 23 | 41 | - |
| Доцент | 22 | 20 | 1 |
| Доценттин м.а. | 24 | 8 | - |
| Ассоциацияланган профессор | - | 13 | |
| Ага окутуучу, докт. | 46 | 6 | - |
| Ага окутуучу | 31 | 16 | 1 |
| Окутуучу | 43 | 47 | 5 |
| Адис | 5 | 3 | - |
| Кенже илим.кызматкер | 23 | 7 | - |
| **Жалпы** | **217** | **161** | **7** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (январь, 2019)

**5-график. Штаттык курам боюнча академиялык кызматкерлердин бөлүштүрүлүшү**



### 4.6. Академиялык кызматкерлерди дайындоо / кызматтан бошотуу

Университеттеги кадр маселесинде сапатка маани берүү принцибине таянып дайындалат жана профессордук-окутуучулук курамдын жетишкендиктерине баа берүү жыйынтыктарын эске алуу менен иш жүргүзүлөт.

28-таблица. Академиялык кызматкерлерди дайындоо / кызматтан бошотуу

| 2018 | | 2019 | |
|---|---|---|---|
| "Кызматка дайындалган" | "Кызматтан кеткен " | "Кызматка дайындалган" | "Кызматтан кеткен " |
| 32 | 20 | 34 | 34 |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)

### 4.7. Административдик кызматкерлер

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин административдик структурасынын схемасы жана административдик кызмат орундарынын саны Камкорчулар кеңешинин 2011-жылдын 30-сентябрында №2011-02-жыйынында ал эми административдик кызматкерлерге төлөнө турган айлык маяналардын өлчөмдөрү 2009-жылдын 15-декабрында 2009-02-номерлүү жыйынында аныкталып бекитилген. Буга ылайык, университеттин административдик кызматкерлерин дайындоо иштери иреттүү жана уюштурулган формада жүргүзүлүшү камсыздалган.

6-график. Административдик кызматкерлердин өлкөлөргө карата катнашы



**29-таблица. Административдик кызматкерлердин бөлүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү**

| БӨЛҮМҮ | Кызматкерлердин саны (TP) | Кызматкерлердин саны (КР) | Жалпы |
|---|---|---|---|
| Ректорат ж-а башкы катчылык | 13 | 32 | 45 |
| Анкара байланыш бюросу | 3 | - | 3 |
| Кадрлар башкармалыгы | 3 | 5 | 8 |
| Стратегиялык пландаштыруу бөлүмү | 5 | 7 | 12 |
| Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | - | 11 | 11 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 2 | 9 | 11 |
| Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы | 7 | 53 | 60 |
| Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 3 | 61 | 64 |
| Маалыматтык-технологиялар башкармалыгы | - | 12 | 12 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 3 | 18 | 21 |
| Табигый илимдер факультети | 1 | 2 | 3 |
| Гуманитардык факультет | - | 6 | 6 |
| Инженерия факультети | - | 6 | 6 |
| Коммуникация факультети | 1 | 6 | 7 |
| Экономика жана башкаруу факультети | - | 4 | 4 |
| Айыл чарба факультети | - | 3 | 3 |
| Ветеринария факультети | - | 2 | 2 |
| Көркөм өнөр факультети | 1 | 2 | 3 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | - | 3 | 3 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | - | 4 | 4 |
| Теология факультети | - | 3 | 3 |
| Кесиптик жогорку мектеп | - | 5 | 5 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 3 | 5 | 8 |
| Коомдук илимдер институту | - | 5 | 5 |
| Табигый илимдер институту | - | 2 | 2 |
| Балоо, тандоо жана жайгаштыруу башкармалыгы | 1 | - | 1 |
| Изилдөө борборлору | - | - | 0 |
| **Жалпы** | **46** | **266** | **312** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)

## 4.8.Административдик кызматкерлердин билим деңгээли

**30-таблица. Административдик кызматкерлердин билим деңгээли**

| | Башт-ч класс | Орто билим | Орто кесиптик билим | Бакалавр | Магистратура | Докторантура | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кишинин саны | 9 | 68 | 10 | 74 | 1145 | 6 | 312 |
| % | 2,88 | 21,79 | 3,21 | 23,72 | 46,47 | 1,92 | 100,00 |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)


## 4.9.Административдик кызматкерлердин эмгек стажы

**31-таблица. Административдик кызматкерлердин эмгектенген жылдарына жараша бөлүштүрүлүшү**

| | 1-5 жыл | 6-10 жыл | 11-15 жыл | 16-20 жыл | 21-25 жыл | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кишинин саны | 79 | 39 | 96 | 83 | 15 | 312 |
| % | 25,33 | 12,5 | 30,76 | 26,7 | 4,81 | 100 |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)

**7-график. Административдик кызматкерлердин эмгек стажына жараша бөлүштүрүлүшү**



### 4.10. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү


Административдик кызматкерлердин көпчүлүк бөлүгүн 31-50 жаш курактыгы кызматкерлер түзөөрүн төмөндө берилген таблицадан байкоого болот.

**32-таблица. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү**

| | 20-29 жаш | 30-39 жаш | 40-49 жаш | 50-59 жаш | 60 жаштан жогору | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кишинин саны | 19 | 123 | 117 | 35 | 18 | 312 |
| % көрсөткүчү | 6,09 | 39,42 | 37,5 | 11,22 | 5,77 | 100 |

Булак: Кадрлар башкармалыгы (декабрь, 2019)

**8-график. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жараша бөлүштүрүлүшү**




### 4.11.Административдик кызматкерлердин жумушка алынуусу / жумуштан кетиши

**33-таблица. Административдик кызматкерлердин жумушка алынуу / жумуштан кетүү саны**

| 2018 | | 2019 | |
|---|---|---|---|
| "Жумушка алынган" | "Жумуштан кеткен " | "Жумушка алынган" | "Жумуштан кеткен " |
| 7 | 12 | 29 | 5 |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019)

## 4.12. Келишимдик негизде иштеген кызматкерлер

34-таблица. Келишимдик негизде иштеген кызматкер (Иштеген позициясына жараша)

| Кызматы | Саны |
|---|---|
| Юрист | 2 |
| Инженер-программист | 1 |
| Кызматкер | 25 |
| Дарыгер | 5 |
| Медайым | 1 |
| Уста / кызматкер | 1 |
| Техникалык кызматкер | 11 |
| Оператор | 2 |
| Машыктыруучу | 7 |
| Музикант | 26 |
| Катчы | 5 |
| Лаборант | 4 |
| Коопсуздук кызматкери | 15 |
| Жүк ташуучу | 22 |
| Адис | 1 |
| **Жалпы** | **128** |

Булак: Кадрлар башкармалыгы(декабрь, 2019






## 5.Көрсөтүлгөн кызматтар

### 5.1. Студенттерге көрсөтүлгөн кызматтар

#### 5.1.1. Билим берүү кызматтары

Кыргыз-Түрк "Манас" университети бейпилдик өкүм сүргөн чөйрөдө жаштарга билим берүү, аларды коомго пайда келтиргендей тарбиялоо, тажрыйбалуу адис катары даярдоо жана алдына "эл аралык марка болуу" максаттарын коюу менен агартуу ишинде өз милдетин аткарууда. Окуу-тарбия иштерине салым кошуу жана жаңычылдык киргизүү менен өзүн далилдеген Кыргыз-Түрк "Манас" университети алдына койгон максаттарына ылайык, алдыга карай ишенимдүү адымдап бара жатат. Өмүр бою үйрөнүү түшүнүгүн туу тутуунун, инсанга багытталган окутуу принцибинин жана күчтүү материалдык-техникалык базасынын аркасында заманбап деңгээлде окуу-тарбия иштерин жүргүзүп келет.

Университетте окутуу түрк жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлөт. Муну менен катар эле чет тилдер жогорку мектебинин тил үйрөтүү даярдоо курсунда орус, англис жана кытай тилдери да окутулат.

2018-2019-окуу жылында университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде жана 1 кесиптик жогорку мектебинде орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары, 2 институтунда ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары жүзөгө ашырылып, 4 илимий изилдөө борборунда, балоо, тандоо жана жайгаштыруу борборунда жана үзгүлтүксүз билим берүү борборунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлгөн.

### 5.1.1.1. Орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программалары

**35-таблица. Факультеттерде/жогорку мектептерде ж-а кесиптик жогоркумектебинде б-ча 2 жана 4 жылдык билим берүү программаларынын саны**

| Аталышы | Саны |
|---|---|
| Гуманитардык факультет | 11 |
| Табигый илимдер факультети | 3 |
| Көркөм өнөр факультети | 4 |
| Экономика жана башкаруу факультети | 4 |
| Теология факультети | 2 |
| Коммуникация факультети | 3 |
| Инженерия факультети | 6 |
| Ветеринария факультети | 1 |
| Айыл чарба факультети | 2 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 3 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 2 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | - |
| Кесиптик жогорку мектеп | 10 |
| **Жалпы** | **51** |

Университетте күчтүү материалдык-техникалык базаны пайдалануу менен билим берүү жаатында заманбап мүмкүнчүлүктөр жана билим берүү кызматы көрсөтүлүп келет. Университеттин максаттарына ылайык, коомдук жоопкерчилик аң-сезиминин алкагында эмгек рыногундагы керектөөлөргө жараша квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн 2019-2020-окуу жылынан тарта инженердик факультетте 2 бөлүм жана кесиптик жогорку мектепте 3 бөлүм билим берүү кызматтарын көрсөтө баштаган. Өзгөчө баса белгилеп айтсак Manas теле-радио берүүлөрү жана кабар маалыматтык бюллетени аркылуу көптөгөн мекеме, уюмдар менен кызматташтык жүргүзүп келет. Окуу жайыбызда дистанттык билим берүү системасы түзүлүп, жалпы билим берүүчү сабактар аталган система аркылуу борбордук билим берүү иш-аракети башталган(http://eders.manas.edu.kg/).Түрк, кыргыз жана орус тилдерин бирдей ыкмалар аркылуу кеңири үйрөтүү максатында курстар өтүлүп, жыйынтыгында сертификат тапшыруучу программалар уюштурулган. Өзгөчө, Үзгүлтүксүз билим берүү программасы боюнча кызматкерлерибизге жана студенттерибизге түрдүү курстар өтүлөт. Кош диплом программасынын негизиндеги Селчук жана Нежметтин Эрбакан университеттери менен келишимдер түзүлүп, мындан ары да өнүктүрүү үчүн аракеттер жасалууда. Баса белгилесек, профессордук-окутуучулук курамды даярдоо программасынын негизинде 2 кенже илимий кызматкер алгачкы этапта Селчук университетине кызматка тажрыйба алмашуу үчүн иштеп келүүгө жөнөтүлгөн. Ушуну менен катар эле университеттер аралык түзүлгөн кызматташтыктардын алкагында студент жана академиялык кызматкерлер үчүн алмашуу программаларынан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн.

**36-таблица. 2018-2019-окуу жылындагы студенттердин саны**

| Факультеттердин жана бөлүмдөрдин аталышы | Эркек | Кыз | Жалпы |
|---|---|---|---|
| **ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ** | **206** | **585** | **791** |
| БАТЫШ ТИЛДЕРИ (АНГЛИС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ) БӨЛҮМҮ | 16 | 74 | 90 |
| ЧЫГЫШ ТИЛДЕРИ (КЫТАЙ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ) БӨЛҮМҮ | 14 | 49 | 63 |
| ЧЫГЫШ ТИЛДЕРИ (ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ) БӨЛҮМҮ | 21 | 54 | 75 |
| ФИЛОСОФИЯ БӨЛҮМҮ | 14 | 21 | 35 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (КЫРГЫЗЧА-АНГЛИСЧЕ) | 12 | 53 | 65 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (КЫРГЫЗЧА-ТҮРКЧӨ) | 9 | 36 | 45 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (ТҮРКЧӨ-ОРУСЧА) | 26 | 43 | 69 |
| ПСИХОЛОГИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖАНА КӨМӨК БӨЛҮМҮ | 21 | 69 | 90 |
| СОЦИОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 14 | 54 | 68 |
| ТАРЫХ БӨЛҮМҮ | 29 | 45 | 74 |
| ТҮРКОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 30 | 87 | 117 |
| **ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ** | **71** | **191** | **262** |
| БИОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 6 | 78 | 84 |
| МАТЕМАТИКА БӨЛҮМҮ | 13 | 49 | 62 |
| КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА БӨЛҮМҮ | 52 | 64 | 116 |
| **КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ** | **90** | **163** | **253** |
| ГРАФИКА БӨЛҮМҮ | 26 | 49 | 75 |
| МУЗЫКАЛЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 13 | 41 | 54 |
| ЖИВОПИСЬ БӨЛҮМҮ | 22 | 33 | 55 |
| ТЕАТРАЛДЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 29 | 40 | 69 |
| **ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ** | **181** | **336** | **517** |
| ФИНАНСЫ ЖАНА КРЕДИТ БӨЛҮМҮ | 39 | 85 | 124 |
| ЭКОНОМИКА БӨЛҮМҮ | 40 | 82 | 122 |
| МЕНЕДЖМЕНТ БӨЛҮМҮ | 52 | 88 | 140 |
| ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БӨЛҮМҮ | 50 | 81 | 131 |
| **ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **84** | **126** | **210** |
| ДИН ТААНУУ БӨЛҮМҮ | 27 | 57 | 84 |
| ИСЛАМ ТААНУУ БӨЛҮМҮ | 57 | 69 | 126 |
| **КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **128** | **299** | **427** |
| ЖУРНАЛИСТИКА БӨЛҮМҮ | 28 | 94 | 122 |
| КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ЖАНА ЖАРНАМА БӨЛҮМҮ | 37 | 101 | 138 |
| РАДИО, ТЕЛЕКӨРСӨТҮҮ ЖАНА КИНЕМАТОГРАФИЯ | 63 | 104 | 167 |
| **ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **190** | **198** | **388** |
| КОМПЬЮТЕРДИК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 111 | 42 | 153 |
| ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 25 | 44 | 69 |
| ЭЛЕКТРОНИКА ЖАНА ЭЛЕКТР ИНЖЕНЕРЛИГИ БӨЛҮМҮ | 2 | | 2 |
| ӨНӨР-ЖАЙ ИНЖЕНЕРЛИГИ БӨЛҮМҮ | 1 | | 1 |
| ТАМАК-АШ ИНЖЕНЕРИЯСЫ БӨЛҮМҮ | 28 | 62 | 90 |
| ХИМИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 23 | 50 | 73 |
| **ВЕТЕРИНАРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **75** | **55** | **130** |
| ВЕТЕРИНАРИЯ БӨЛҮМҮ | 75 | 55 | 130 |
| **АЙЫЛ ЧАРБА ФАКУЛЬТЕТИ** | **55** | **117** | **172** |
| МӨМӨ-ЖЕМИШ ЖАНА ТАЛАА ӨСҮМДҮКТӨРҮ БӨЛҮМҮ | 34 | 46 | 80 |
| ӨСҮМДҮКТӨРДҮ КОРГОО БӨЛҮМҮ | 21 | 71 | 92 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **88** | **35** | **123** |
| МАШЫКТЫРУУЧУЛАРДЫ ДАЯРДОО БӨЛҮМҮ | 38 | 13 | 51 |
| ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МУГАЛИМИ БӨЛҮМҮ | 50 | 22 | 72 |
| **ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШТЕТҮҮ ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **170** | **284** | **454** |
| РЕСТОРАН ИШИ ЖАНА КУЛИНАРДЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 37 | 111 | 148 |
| САЯКАТ ИШИ ЖАНА ГИД КЫЗМАТЫ БӨЛҮМҮ | 54 | 75 | 129 |
| ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШТЕТҮҮ БӨЛҮМҮ | 79 | 98 | 177 |
| **ЧЕТ ТИЛДЕР ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **527** | **878** | **1405** |
| ТИЛ БОЮНЧА ДАЯРДОО ПРОГРАММАСЫ | 527 | 878 | 1405 |
| **КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕП** | **131** | **298** | **429** |
| АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ЖАНА ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАЛАРЫН ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» ПРОГРАММАСЫ | 1 | 1 | 2 |
| ОФИС МЕНЕДЖМЕНТ ПРОГРАММАСЫ | 16 | 38 | 54 |
| МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛОО | | 64 | 64 |
| КУРУЛУШ ПРОГРАММАСЫ | 42 | 23 | 65 |
| БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕП ПРОГРАММАСЫ | 12 | 61 | 73 |
| АВТОУНААЛАРДЫ ТЕЙЛӨӨ ЖАНА ОҢДОО ПРОГРАММАСЫ | 34 | 8 | 42 |
| МАРКЕТИНГ ПРОГРАММАСЫ | 13 | 42 | 55 |
| ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШТЕТҮҮ ПРОГРАММАСЫ | 13 | 61 | 74 |
| **Жалпы** | **1996** | **3565** | **5561** |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

2018-2019-окуу жылында орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5552 студент билим алган. Теология факультетинде 5 студент, табигый илимдер факультетинде 4 студент кошумча жана кош адистик билим берүү программасы боюнча билим алгандыктан, бөлүмдөрдө бардыгы болуп 5561 студент окуйт.

**“64,11 % Кыз”**
**“35,89 % Эркек”**


**37-таблица. 2018-2019–окуу жылында өлкөлөргө карата студенттердин саны**

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Афганистан | 35 |
| 2. | Азербайжан | 6 |
| 3. | Бангладеш | 1 |
| 4. | Бельгия | 1 |
| 5. | Кытай Эл Республикасы | 11 |
| 6. | Казакстан | 91 |
| 7. | Кыргызстан | 4743 |
| 8. | Монголия | 33 |
| 9. | Өзбекстан | 84 |

| | | |
|---|---|---|
| 10. | Россия Федерациясы | 18 |
| 11. | Таджикстан | 154 |
| 12. | Түркия | 356 |
| 11. | Түркмөнистан | 19 |
| **Бардыгы** | | **5552** |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

9-график. Студенттердин жарандыгына карата бөлүштүрүлүшү




38-таблица. Студенттерге бөлүнгөн кваталардын саны жана аларды толтуруу

| | Квота | Катталган | "Толгон орундардын %дык көрсөткүчү" |
|---|---|---|---|
| Факультеттер | 1102 | 982 | 89,11% |
| Жогорку мектептер | 396 | 325 | 82,07% |
| Кесиптик жогорку мектеп | 400 | 297 | 74,25% |
| **Жалпы** | **1898** | **1604** | **84,51%** |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

2018-2019-окуу жылында кабыл алынган студенттердин сандык көрсөткүчү мурдагы жылдарда болгон сыяктуу эле бирдей деңгээлде болгондугу аныкталды.

| 39-таблица. 2018-2019–окуу жылында университеттен кеткен студенттердин саны | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Өз каалоосу менен | Сабактардын каттоолорун жаңыртпагандыктан | Сабактагы же-тишпегендиктеринен улам | Сабактарга катышпагандыгы үчүн | Башка университетке тапшыруу | Башка себептерден улам | Алмашуу программасы | Бардыгы | Студенттердин саны | Коэффициенти % |
| 327 | 87 | 42 | 129 | 2 | 2 | 23 | 612 | 5561 | 11,01% |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

| 40-таблица. 2018-2019-окуу жылында тартип жазасын алган студенттердин саны жана алган жазалардын түрлөрү | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| "Университеттен чыгаруу" | "2 жарым жылга мөөнөтк‌ө унив-тен четтетүү" | " жарым жылдык мөөнөтк‌ө унив-тен четтетүү " | "1 аптадан 1 айлык мөөнөтк‌ө унив-тен четтетүү" | Сөгүш | Эскертүү | Жалпы |
| - | - | 2 | 22 | - | 1 | 25 |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

**Стипендиянын түрлөрү**

**1. Кирүү сынагына ылайык берилген стипендия:** Бул даярдоо курсунан тартып 1-курстун биринчи жарым жылдыгына чейин төмөндө белгиленген шарттарга ылайык бериле турган стипендия болуп саналат. Студент бул категориялардын биринен гана стипендия алат. Кирүү сынагына ылайык берилген стипендия алган студенттер биринчи курстун экинчи жарым жылдыгынан тартып академиялык жетишкендиктери үчүн стипендияга ээ болот.

**а) Биринчи категориядагы стипендия:** Манас-СТЖСнын (студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы) бир түрү (коомдук/ табигый илимдер/ жалпы билим берүү) же КРнын жалпы республикалык тестирлөөнүн (Грант/ ЖРТ) жыйынтыгы боюнча тизмеде биринчи 50 орунду ээлеген жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган олимпиадаларда ар бир илимий багыт боюнча алгачкы үч орунду ээлеген студенттер менен ТРнын Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы боюнча тизмеде тургандардын алгачкы 15 пайызын түзгөн жана университеттин каттоосунан өткөн студенттерге берилүүчү стипендия.

**б) Экинчи категориядагы стипендия:** Манас-СТЖСнын (Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы) бир түрү (коомдук/ табигый илимдер/ жалпы билим берүү) же КРнын жалпы республикалык тестирлөөнүн (Грант/ ЖРТ) жыйынтыгы боюнча тизмеде экинчи 50 (51-100) орунду ээлеген студенттер менен ТРнын Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы боюнча тизмеде тургандардын алгачкы 20 пайызын түзгөн жана университеттин каттоосунан өткөн студенттерге берилүүчү стипендия.

**2. Жөлөк стипендиясы:** Университетке Түркия жана Кыргызстандан башка мамлекеттерден кабыл алынган студенттерге академиялык жетишкендик боюнча стипендиясынын биринчи категориясына жараша даярдоо курсунда жана биринчи курстун биринчи семестринин аягына чейин берилүүчү стипендия. Жөлөк стипендиясын алган студенттер биринчи курстун экинчи семестринен тартып, академиялык жетишкендик боюнча стипендия алышат.

**3. Академиялык жетишкендик боюнча стипендия:** биринчи курстун экинчи жарым жылдыгынан тарта жана ар бир жарым жылдыктын аягында студенттердин академиялык жетишкендиктери эске алынып берилген стипендия.

**а) Биринчи категориядагы стипендия:** Жетишүүнүн орточо баллы 3.50-4.00 ортосунда болгон студенттерге берилүүчү стипендия. **b) Экинчи категориядагы стипендия:** Жетишүүнүн орточо баллы 3.00-3.49 ортосунда болгон студенттерге берилүүчү стипендия.

**4. Улуттук спортчуларга берилүүчү стипендия:** Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын атынан эл аралык таймаштарда олимпиадалык спорт оюндарына катышкан жана "улуттук спортчу" наамына ээ болгондорго "университетке өткөн студенттерге берилүүчү стипендиянын" 1-категориясы боюнча даярдоо курсунда жана биринчи курстун биринчи семестринин аягына чейин берилүүчү стипендия. Бул стипендия биринчи курстун экинчи семестринен тартып, жетишүүнүн орточо баллы 2.50дөн жогору болгон студенттерге төлөнөт. Бул стипендияны алган студенттер университет ылайык көргөн университеттердин ортосундагы таймаштарга Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин атынан катышууга милдеттүү. Болбосо, стипендия төлөнбөйт. "Улуттук спортчу" стипендиясын алуу үчүн студент тийиштүү министрлик же федерациядан алган акыркы 3 (үч) жылдын ичинде "улуттук спортчу" экендигин тастыктаган документи жана арызы менен кайрылышы керек. Бул документ университеттин Башкаруу кеңеши тарабынан бекитилиши зарыл.

**41-таблица. Стипендия алган студенттердин саны**

| Стипендиянын түрү | Өлчөмү (сом) | Студенттин саны |
|---|---|---|
| Кирүү сынагы боюнча стипендия (1-категория) | 1600 | 248 |
| Кирүү сынагы боюнча стипендия (2-категория) | 1300 | 634 |
| Жөлөк стипендиясы | 1600 | 245 |
| Академиялык жетишкендиги б-ча стипендия (1-категория) | 2500 | 85 |
| Академиялык жетишкендиги б-ча стипендия (2-категория) | 1500 | 80 |
| Улуттук спортчу стипендиясы | 2500 | 4 |
| **Жалпы** | | 1296 |

**42-таблица. Бүтүрүүчүлөрдүн саны**

| "Академиялык жыл" | ТР | КР | Башка | Жалпы |
|---|---|---|---|---|
| 2012-2013 | 90 | 470 | 12 | 572 |
| 2013-2014 | 54 | 498 | 18 | 570 |
| 2014-2015 | 66 | 534 | 17 | 617 |
| 2015-2016 | 66 | 614 | 17 | 697 |
| 2016-2017 | 54 | 657 | 18 | 729 |
| 2017-2018 | 69 | 677 | 35 | 781 |
| 2018-2019 | 52 | 584 | 32 | 668 |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

Магистратура жана докторантура программалары боюнча билим алган 89 студентке кирүү сынагы жана академиялык жетишкендик боюнча стипендия берилет. 2018-2019-окуу жылында университетте студенттердин жалпы санынын 23%ы стипендия алып окуйт.

**43-таблица. Жылдарга карата окутуучуга туура келген студенттердин саны**

| "Окуу жылы" | "Программалардын саны" | "Студенттердин саны" | Окутуучулар-дын саны | "Бир окутуучуга туура келген студенттер % " |
|---|---|---|---|---|
| | | (А) | (Б) | (А/Б) |
| 2012-2013 | 49 | 4173 | 525 | 7,95 |
| 2013-2014 | 46 | 4482 | 492 | 9,11 |
| 2014-2015 | 46 | 4802 | 514 | 9,34 |
| 2015-2016 | 46 | 5037 | 552 | 9,13 |
| 2016-2017 | 46 | 5277 | 536 | 9,84 |
| 2017-2018 | 46 | 5468 | 501 | 10,91 |
| 2018-2019 | 51 | 5561 | 533 | 10,43 |


Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

**44-таблица. 2018-2019-окуу жылына карата профессордук-окутуучулук курамга туура келген студенттердин саны**

| "Окуу жылы" | "Программалардын саны" | "Студенттердин саны" | Проф.-окутуучулук курам | "Бир профессор окутуучуга туура келген студенттер (А/Б) |
|---|---|---|---|---|
| | | **(А)** | **(Б)** | **(А/Б)** |
| 2017-2018 | 46 | 5468 | 194 | 28,18 |
| 2018-2019 | 51 | 5561 | 207 | 26,86 |

Булак: Студенттик иштер боюнча башкармалык (январь, 2019)

## 10-график. Кесиптик жогорку мектеп, бакалавр, магистратура жана докторантураны бүтүргөн студенттердин жылдар боюнча бөлүштүрүлүшү



**45-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында келген студенттер**

| Келген университети | Бөлүмү | Студенттердин саны |
|---|---|---|
| *Мевляна алмашуу программасы* | | |
| Биледжик Шейх Эдебали университети | Тарых | 1 |
| Эржийес университети | Кытай тили жана адабияты | 1 |
| | Дин таануу | 1 |
| | Орус тили жана адабияты | 1 |
| Селчук университети | Орус тили жана адабияты | 1 |
| | Эл аралык мамилелер | 3 |
| | Тарых | 2 |
| | Экономика | 1 |
| Кастамону университети | Түркология | 1 |
| Ардахан университети | Түркология | 1 |
| Акдениз университети | Живопись | 2 |
| | Графика бөлүмү | 1 |
| Кафкас университети | Орус тили жана адабияты | 1 |
| Ататүрк университети | Эл аралык мамилелер | 2 |
| Аднан Мендерес университети | Ресторан иши жана кулинардык өнөр | 1 |
| Агры Ибрахим Чечен университети | Орус тили жана адабияты | 1 |
| Памуккале университети | Менеджмент бөлүмү | 1 |
| *Орхон алмашуу программасы* | | |
| Ахмет Йесеви эл аралык казак-түрк университети | Эл аралык мамилелер | 1 |
| | Түркология | 2 |
| Атырау университети | Синрондук котормо бөлүмү | 2 |
| Ататүрк Университети | Түркология | 5 |
| | Эл аралык мамилелер | 1 |
| *Эки тараптуу кызматташтык менен алмашуу программасы* | | |
| Ош мамлекеттик университети | Колдонмо математика жана информатика | 4 |
| | Дин таануу | 3 |
| **Жалпы** | | **40** |

Булак: КТМУнун Мевляна алмашуу программасынын координаторлугу

**46-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында кеткен студенттер**

| Кеткен университети | Бөлүмү | "Студенттерин саны" |
|---|---|---|
| *Мевляна алмашуу программасы* | | |
| Тракия университети | Финансы жана кредит | 1 |
| | Түркология | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| Кожаели университети | Англис тили жана адабияты | 1 |
| | Эл аралык мамилелер | 1 |
| | Экономика | 1 |
| Караманоглу Мехметбей университети | Түркология | 1 |
| Он тогузунчу май университети | Социология | 1 |
| | Менеджмент бөлүмү | 1 |
| Памуккале университети | Англис тили жана адабияты | 1 |
| | Тарых | 1 |
| | Социология | 1 |
| | Эл аралык мамилелер | 1 |
| | Синрондук котормо бөлүмү | 1 |
| Ататүрк университети | Эл аралык мамилелер | 1 |
| Селчук университети | Журналистика | 1 |
| | Англис тили жана адабияты | 1 |
| | Радио телекөрсөтүү жана кинематография | 1 |
| Сүлейман Демирел университети | Дин таануу | 2 |
| | Менеджмент (офис менеджмент) | 1 |
| | Философия | 1 |
| Акдениз университети | Журналистика | 1 |
| | Театралдык өнөр бөлүмү | 1 |
| | Философия | 1 |
| | Түркология | 1 |
| | Туризм жана мейманкана иштетүү | 1 |
| Сакария университети | Финансы жана кредит | 1 |
| | Экономика | 1 |
| | Ислам таануу | 2 |
| | Социология | 1 |
| | Графика бөлүмү | 1 |
| | Дин таануу | 2 |
| Аднан Мендерес университети | Туризм саякат иши жана гид кызматы | 1 |
| Дүзже университет | Туризм жана мейманкана иштетүү | 1 |
| Мерсин университети | Журналистика | 1 |
| Стамбул университети | Орус тили жана адабияты | 1 |
| *Erasmus алмашуу программасы* | | |
| Чукурова университети | Экономика | 1 |
| | Финансы жана кредит | 1 |
| | Эл аралык мамилелер | 1 |
| Жумхуриет университети | Компьютер инженериясы | 1 |
| *Орхун алмашуу программасы* | | |
| Ататүрк университети | Эл аралык мамилелер | 3 |
| | Түркология | 4 |
| Аль-Фараби казак улуттук университети | Эл аралык мамилелер | 4 |

| | | |
|---|---|---|
| Евразия улуттук университети | Эл аралык мамилелер | 2 |
| *Эки тараптуу кызматташтык менен алмашуу программасы* | | |
| Ош мамлекеттик университет | Дин таануу | 2 |
| **Жалпы** | | **57** |

Булак: КТМУнун Мевляна алмашуу программасынын координаторлугу

**47-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында келкен академиялык жана административдик кызматкерлер**

| Келген университети | Бөлүмү | Саны |
|---|---|---|
| *Erasmus алмашуу программасы* | | |
| Жумхуриет университети | Дин таануу | 3 |
| | Социология | 1 |
| | Түркология | 1 |
| Ахи Эвран университети | Түркология | 2 |
| Чукурова университети | Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 1 |
| *Орхун алмашуу программасы* | | |
| Ататүрк университети | Эл аралык мамилелер | 1 |
| | **Жалпы** | **9** |

**48-таблица. 2018-2019-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында кеткен академиялык жана административдик кызматкерлер**

| Кетген университети | Бөлүмү | Саны |
|---|---|---|
| *Erasmus алмашуу программасы* | | |
| Чукурова университети | Тышкы байланыш бюросу | 1 |
| Жумхуриет университети | BİDB | 1 |
| | PDB | 1 |
| | ÖİDB | 1 |
| *Мевляна алмашуу программасы* | | |
| Стамбул университети | Орус тили жана адабияты | 1 |
| Измир Катип Челеби Университети | Философия | 1 |
| Аднан Мендерес университети | Философия | 1 |
| Сакария университети | Музыкалык бөлүм | 1 |
| | **Жалпы** | **8** |

Булак: КТМУнун Мевляна алмашуу программасынын координаторлугу



### 5.1.1.2. Магистратура жана докторантура программаларындагы билим берүү

#### 5.1.1.2.1. Коомдук илимдер институту

Коомдук илимдер институту 2001-жылы тарых жана түркология багыты боюнча магистратура программаларын ачып иштей баштаган. Андан соң экономика, менеджмент, финансы, коммуникация багыты боюнча ачылган магистратура жана докторантура программалары, педагогика багыты боюнча ачылган магистратура программасы менен өз ишин улантткан. Университеттин Камкорчулар кеңешинин 2013-жылдын 11-ноябрындагы 2013.02.10 а) номерлүү чечимине ылайык, институтта эл аралык мамилелер, социология, билим берүүнү башкаруу жана инспекциялоо багыты боюнча магистратура программалары, педагогика багыты боюнча докторантура программасы; 2014-жылдын 19-майындагы 2014.01.4 – номерлүү чечимине ылайык философия, синхрондук котормо, ислам таануу, туризм жана мейманкана иштетүү багыты боюнча магистратура программалары; 2014-жылдын 22-декабрындагы 2014.02.6 – номерлүү чечимине ылайык англис тили жана адабияты багыты боюнча магистратура программасы ачылган. Камкорчулар кеңешинин 2017-жылдын 19-июндагы 2017-01 – номерлүү чечимине ылайык ислам таануу багыты боюнча докторантура программасы; 2018-жылдын 2-июлундагы 2018-01– номерлүү чечимине ылайык педагогика багыты боюнча психологиялык кеңеш, дене тарбия жана спорт багыты боюнча дене тарбия жана спорт, тарых багыты боюнча археология жана социалдык антропология, финансы багыты боюнча магистратура программалары ачылган.

**49-таблица. Коомдук илимдер институсунун студенттеринин магистратура (диссертация жакталган/диссертация жакталбаган) жана докторантура программаларына карата бөлүштүрүлүшү**

| Багыты | Магистратура | Докторантура | Жалпы |
|---|---|---|---|
| Педагогика | 15 | 6 | 21 |
| Экономика | 7 | 7 | 14 |
| Менеджмент | 14 | 7 | 21 |
| Коммуникация | 23 | 8 | 31 |
| Тарых | 16 | 9 | 25 |
| Түркология | 15 | 11 | 26 |
| Ислам таануу | 16 | 9 | 25 |
| Эл аралык мамилелер | 15 | | 15 |
| Философия | 7 | | 7 |
| Котормо жана котормо таануу | 9 | | 9 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү | 20 | | 20 |
| Социология | 15 | | 15 |
| Тарых-археология жана социалдык антропология | 3 | | 3 |
| Психология (Псхологиялык кеңеш) | 2 | | 2 |
| Дене тарбия | 8 | | 8 |
| Англис тили жана адабияты | 9 | | 9 |
| **Жалпы** | **194** | **57** | **251** |

Булак: Коомдук илимдер институту (декабрь, 2019)

2018-2019-окуу жылынын күзгү/жазгы семестринин аякталышы менен магистратура

жана докторантура программалары боюнча бардыгы болуп 43 студент окууну бүтүргөн. Институтта 2019-жылдын декабрынан баштап бардыгы болуп 251, анын ичинен 194 магистрант жана 57 докторант окуйт.

Мындан сырткары институтта билим алып жаткан 60 студентке стипендия төлөнүп берилет. Стипендияга ээ болчу студенттер "КТМУнун стипендия берүү боюнча нускамасынын" негизинде тандалып алынат. Магистранттарга 50 АКШ доллары, докоранттарга 75 АКШ доллары көлөмүндө стипендия берилет.




### 5.1.1.2.2. Табигый илимдер институту

Табигый илимдер институтун түзүү жөнүндөгү чечим Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Окумуштуулар кеңеши тарабынан кабыл алынып, Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитүүгө сунушталган. Институт 2001-жылдын 18-октябрында Камкорчулар кеңешинин чечими менен бекитилген соң, Окумуштуулар кеңешинин 2006-жылдын 5-декабрындагы 2006 25.100-номерлүү чечимине ылайык, инженерия жана табигый илимдер факультеттеринде окутулган фундаменталдык илимдер менен бирге инженерия тармагында билим берүүнүн сапатын жакшыртуу жана текшерүү максатында иш алпара баштаган.

Табигый илимдер институтунда компьютердик инженерия, өсүмдүктөрдү коргоо, биология, экология инженериясы, тамак аш инженериясы, химия инженериясы, математика багыттары боюнча магистратура програмамалары; биология, компьютердик инженерия, тамак-аш инженериясы, химия инженериясы жана математика багыттары боюнча докторантура программалары окутулат. 2020-2021-окуу жылынын күзгү семестринен баштап биотехнология, мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү багыттары боюнча магистратура программаларына студенттерди кабыл алуу иштери башталат.

Университеттин ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары Европа биримдиги тарабынан аныкталган Болонья процессинин билим берүү стандарттарына шайкеш келип, Кыргыз Республикасы тарабынан аныкталган стандарттарга да жооп берет. Ошентип, эл аралык аренада таанылып, өз аймагында алдыңкы орунду ээлейт.

Табигый илимдер институтунда толук айлык акы менен 20 профессор, 14 доцент, 10 доценттин милдетин аткаруучу жана 6 илимдин кандидаты иштеп жатат.


Табигый илимдер институтунда бардыгы болуп  88 студент окуйт. Бүгүнкү күнгө чейин институт 116 студентти уядан учурган. 2011-2012-окуу жылынан тарта ар бир билим берүү программасы боюнча академиялык жетишкендигине ылайык алгачкы 3 магистрантка  50 АКШ доллары, докторанттарга 75 АКШ доллары көлөмүндө КТМУнун кирүү сынагы жана академиялык жетишкендиги боюнча стипендия же жөлөк стипендиясы берилет.

**50-таблица. Табигый илимдер институту студенттердин магистратура (диссертация жакталган/диссертация жакталбаган) жана докторантура программаларына карата бөлүштүрүлүшү**

| Багыт | Магистратура | Докторантура | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү | - | - | - |
| Өсүмдүктөрдү коргоо | 12 | - | 12 |
| Компьютердик инженерия | 9 | 10 | 19 |
| Биотехнология | - | - | - |
| Биология | 12 | 1 | 13 |
| Тамак-аш инженериясы | 7 | 1 | 8 |
| Экологиялык инженерия | 11 | 1 | 12 |
| Химиялык инженерия | 9 | 1 | 10 |
| Математика | 12 | 2 | 14 |
| **Жалпы** | **72** | **16** | **88** |

Булак: Табигый илимдер институту (Декабрь, 2019)

**11-график. 2018-2019-окуу жылындагы студенттердин саны**



### 5.1.1.3. Илимий изилдөө борборлору

#### 5.1.1.3.1. Биотехнология жана био артүрдүүлүктү изилдөө борбору

Кыргызстандын, өзгөчө Бишкек шаарынын өзгөчөлүктөрүн жана керектөөлөрүн эске алып, биотехнология жана био артүрдүүлүктү изилдөө иштерин жүргүзүү, бул жаатта илимий жана практикалык иштерге колдоо көрсөтүү, биринчи кезекте КТМУнун изилдөөчүлөрүнө борбордун инфраструктурасынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн түзүү жана биргелешип жасалган иш-аракеттер аркылуу эл аралык аренада университеттин атын чыгаруу максатында түзүлгөн.

Борбордун алдына койгон милдети: биотехнология жана био ар түрдүүлүк боюнча мамлекеттик жана эл аралык деңгээлде изилдөө жана практикалык иштерди жүргүзүү, илимий-изилдөө жана өнүктүрүү боюнча кызмат көрсөтүү аркылуу өз тармагында сапат стандарттарына жооп берген мыкты борбор катары иш алпаруу, күн сайын өз ишин жайылтуу менен Кыргызстанда гана эмес, Орто Азиядагы эң чоң борборлордун бири болуу.

Шаардын, аймактардын жана өлкөнүн артыкчылыктарына жана муктаждыктарына жооп берген, өз учурунда адам жашоосуна зор салымын кошо ала турган мыкты изилдөөлөрдү жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү; мамлекеттик жана жеке ишканалар менен университеттин ортосунда предметтик сабактар боюнча биргелешкен илимий-техникалык долбоорлорго багытталган кызматташтык келишимдерин түзүү, аларды өркүндөтүү; сапат стандарттарына ылайык илимий-изилдөө лабораторияларын түзүү жана алардын аккредитациядан өтүүсүн камсыз кылуу; эл аралык деңгээлдеги артыкчылыктарын улам кеңейтүү менен эл аралык мамилелерди бекемдөө жана дипломдун таанылышы боюнча иштерди жүргүзүп жатат.



2019-жылы университеттин изилдөө борборунда жүргүзүлгөн иш-чаралар:

• «Кажы-Сай айылындагы уран калдыктарын сактоочу жайдын айлана-чөйрөгө тийгизген терстаасиринин деңгээлин аныктоодо өсүмдүк түрлөрүнүн биомонитордук организми катары чекендинин жана шалфейдин колдонулушу » аттуу долбоор аяктаган.

• «Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин аймагындагы флоранын флористикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана аларды сактоо» долбоору аяктаган .

• «Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин аймагындагы флорадан тандалма өсүмдүктөр» аттуу китеп жазылып бүтүрүлгөн.

• «Кыргызстанда көп эгилген буудайдын (Triticum aestivum L.) жана арпанын (Hordeum vulgare L.) түрлөрүнө биотехнологиялык ыкма колдонуу менен генетикалык жана филогенетикалык таасирин изилдөө» аттуу долбоордо өсүмдүктөрдү анализге даярдоо иштери аяктаган.

• Бул жылы ландшафт иштери да жүргүзүлгөн.

•




### 5.1.1.3.2. Орто Азия изилдөө борбору (ОАИБ)

Түркия жана Орто Азия мамлекеттеринин орток маданиятын жана иденттүүлүгүн изилдөө максатында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңеши 2010-жылдын 30-ноябрында кабыл алган чечимине ылайык Орто Азия изилдөө борбору (ОАИБ) түзүлгөн.

ОАИБ Түркиядагы, Кыргызстандагы жана Орто Азиядагы түрк тилдүү элдердин жана мамлекеттердин ортосундагы коомдук, саясий жана экономикалык байланыштарды бекемдөө, жалпы маданиятты аныктоо, күчтөндүрүү жана жакшыртуу аркылуу дүйнөдө тынчтыкты орнотууга өз салымын кошууну өзүнө миссия кылган. Максаты – Орто Азиянын маданиятын өнүктүрүүгө багытталган стратегиялык максаттарды алдыга коюп, долбоорлорду иштеп чыгуу, аларды ишке ашыруу, алмашуу жана ошол эле максатта иш алпаргандар менен кызматташтыктарды түзүү жана көмөк көрсөтүү. ОАИБ кайсы бир саясий уюмдун кызыкчылыгын же кандайдыр бир саясий көз карашты көздөбөйт, тескерисинче тынчтык саясатын жүргүзүүдө маалыматтык инфратүзүмдү түзгөн жана перспективаларды ачкан изилдөө борбору болуп саналат.

Изилдөө борбору Орто Азиянын жана коңшу өлкөлөрдүн университеттери, изилдөө борборлору, мамлекеттик эмес уюмдары, мамлекеттик жана эл аралык мекемелер менен кызматташып, жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде конгресс, симпозиум, семинар, конференция, форум, панель сыяктуу иш-чараларды уюштурууда.

2019-жылы ОАИБ тарабынан уюштурулган иш-чаралар:

Орто Азиянын өлкөлөрүнүн экономикасы жана саясаты тууралуу кабар берген ОАИБнун айлык бюллетенинин 9 саны түрк тилинде, 8 саны англис тилинде басып чыгарууга даяр. Аталган бюллетень ОАИБнун веб-баракчасында, социалдык медиа аккаунттарында жана электрондук почта аркылуу бөлүштүрүлүп, кеңири аудиторияга тараган.

Казакстандын, Кыргызстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын, Түркменистандын, Түркиянын жана Орто Азиянын бир топ медиа уюмдары тарабынан жарыяланган маалыматтар боюнча кабарлар даярдалган жана булактары көрсөтүлгөн. Бул кабарлар түрк, кыргыз, орус жана англис тилдерине которулган. Которулган бул кабарлар ОАИБнун веб-баракчасында жана социалдык медиа аккаунттарында жарыяланып, кеңири аудиторияга тараган.

2019-жылдын апрель-сентябрь айларында КТМУнун MEDIAMANAS радио берүү-телекөрсөтүү мүдүрлүгүнө караштуу Манас FM радиосунда «Апталык обзор» аттуу 12 программа түз обого чыккан.

Ошондой эле 2019-жылы 7 семинар, 2 доклад, 1 панель жана 1 китеп иштери жүзөгө ашырылган.



### 5.1.1.3.3. Түрк цивилизациясын изилдөө борбору

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору негизделген күндөн бери негизги үч багытта өз ишин улантууда: конференцияларды уюштуруу, басылмаларды жарыкка чыгаруу жана долбоорлорду иштеп чыгуу. Бул жаатта 22 конференция, 1 семинар жана 1 талкуу уюштурулду, 26 китеп, 2 журнал басылып чыгарылды, 25 сөздүк даярдалып, 25 долбоор кабыл алынды. Бул изилдөөлөрдүн бардыгы борбордун түрк цивилизациясына байланыштуу баалуулуктар активдүү изилденип жатканын жана ал изилдөөлөр аркылуу түрк цивилизациясына жаңы баалуулуктар киргенин айгинелейт.

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору 2017-жылдан бери долбоорлордун негизинде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү алдыңкы планга коюуда. Бүгүнкү күнгө чейин ТЦИБда 25 долбоор ишке ашырылды. Мындан тышкары ушул долбоорлордун жыйынтыгында даярдалган мыкты эмгектер китеп болуп басылып чыгарылууда.

2018-жылдын 12-апрелинде филармонияда ТРнын Кыргызстандагы элчилигинин билим берүү боюнча кеңешчилиги тарабынан уюштурулган программада, эл аралык Орто Азия симпозиумунда жана Түрк кеңешинин Түрк университеттеринин ассоциациясынын 3-жалпы жыйынынын алкагында 2018-жылдын 19-апрелинде ТЦИБны тааныштыруу иш-чарасы болуп өткөн. Мындан тышкары биздин университет жана борбор 2019-жылдын 9-декабрында “Сейтек” улуттук балдар жана өспүрүмдөр борборунда университетти жана борборду тааныштыруу боюнча стенддерди коюп, китеп көргөзмөсүн уюштурду.

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору 2020-жылы долбоорлорду жүзөгө ашыруу менен кызыктуу семинарларды, тегерек столдорду жана талкууларды уюштуруу аркылуу ишин улантууда. Мындан тышкары борбор коомчулукка таанытуу багытындагы иш-аракеттерди күчөтөт жана котормолорго жана басылмаларга басым жасамакчы.

МАНАС
Дистанттык билим берүү борбору

#### 5.1.1.3.4. Дистанттык билим берүү борбору

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дистанттык билим берүү борбору университеттин жалпы билим берүүчү сабактарынын (TAR-251 Ата Мекен тарыхы I, TAR-252 Ата Мекен тарыхы II, FLS-251 Философия, ÇEV-151 Экология, FEN-102 Заманбап табият таануу илимдеринин концепциялары, TUR-226 Манас таануу, EDF-202 Дүйнөлүк жана түрк цивилизациялары) өткөрүлүшүн камсыздайт. Ошондой эле коду CEV-200/ÇEC-153 болгон Кыргызстандын географиясы сабагы дагы борбор тарабынан өткөрүлө баштады. Университетте болжол менен 2600 студент окуган жалпы билим берүүчү сабактар борбордун координаторлугу астында өткөрүлүп, жазгы/ күзгү семестрде бардыгы болуп сегиз сабак боюнча сынактар (ара жана финалдык сынак) жүргүзүлөт.

2018-2019-окуу жылынын жазгы семестринде аталган борбор тарабынан 5 жалпы билим берүүчү сабак боюнча ара жана финал сынактары жүргүзүлгөн. Жалпы 46 дарсканада 1745 студент жогоруда айтылган жалпы билим берүүчү сабактар боюнча ара жана финал сынактарына катышкан. Сынактын жыйынтыктары борбор тарабынан кыска мөөнөт ичинде чыгарылып, тийиштүү координаторлукка жиберилген.

Борбор тарабынан жалпы билим берүүчү сабактарды жана сынактарды өткөрүү, сынак жыйынтыктарын чыгаруу боюнча аныкталган кемчиликтерди жоюуга багытталган иш-чаралар улантылууда. Борборубуздун веб-баракчасында жалпы билим берүүчү сабактарга тиешелүү материалдарды электрондук форматка өткөрүү иштери да жүргүзүлүүдө. Ошентип, борборубуздун веб-баракчасы аркылуу окутулган сабактардын материалдарын жаңыртуу жана интерфейсти башкаруу иштери жүргүзүлүп турат.

2018-2019-окуу жылынын жазгы семестринде дистанттык билим берүү борбору тарабынан факультеттерге баруу уюштурулган. Бул иштердин алкагында студенттер менен жыйындар өткөрүлүп, жалпы билим берүүчү сабактарда эске алына турган жагдайлар жана сабактарга даярдануу тууралуу видео аркылуу студенттерге маалымат берилген.

Аталган иштердин алкагында;

Студенттердин студенттик билети болбой туруп сынакка катышуусуна байланыштуу маселе жоюлган.

Жалпы билим берүүчү сабактардын бирөөсүн төрт жолу окуган студенттердин саны да 10 %га чейин төмөндөгөнү аныкталган.

КТМУ ҮББ

### 5.1.1.3.5. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин үзгүлтүксүз билим берүү борбору (КТМУ ҮББ) университеттин бакалавриат жана магистратура/докторантура программаларынан сырткары илимий изилдөө жүргүзүлгөн бардык тармактар боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу, университеттин мамлекеттик, жеке мекемелер, мамлекеттик эмес жана эл аралык уюмдар менен кызматташуусун өнүктүрүү максатында түзүлгөн.

Аталган максаттар үчүн ачылган үзгүлтүксүз билим берүү борбору өмүр бою үйрөнүүнүн өзөгүн түзгөн «адам баласынын өмүр бою улам жаңыланган билимин, көндүмдөрүн жана компетенцияларын өнүктүрүүгө көмөкчү болуу максатында иш алып барат». Ошондуктан университетте бирдиктүү билим берүү мейкиндиги катары иш алып барган үзгүлтүксүз билим берүү борбору тил үйрөтүү, технология, искусство жана спорт боюнча жеке инсандык жана кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган бир топ тармакта окуу иштерин жүргүзүүдө. Ошол эле учурда аталган борбор мамлекеттик жана жеке секторлор менен кызматташууга даяр. Окуу-тарбия, илимий изилдөө ж.б. тажрыйбалар менен бөлүшүшкүсү келген адистерге бул ишти жеңилдете турган көпүрө милдетин аткарат.

Үзгүлтүксүз билим берүү борбору өмүр бою көндүмдөрдү өнүктүрүү максатында тил үйрөтүү, технология, искусство жана спорт боюнча жеке инсандык жана кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган бир топ тармакта окуу-тарбия иштерин ишке ашырууда.

КТМУ ҮББ 2018-2019-окуу жылында тил үйрөтүү, технология, спорт жана искусство, жеке инсандык жана кесиптик өнүгүү боюнча 10 адистик боюнча курстарды ачкан. Бул курстарга 250 киши катышуу үчүн арыз тапшырышкан. Курстарга катталган кишилердин ичинен 160ы курстарды ийгиликтүү аяктап, сертификат алышкан. КТМУ ҮББ курстарга катышууну каалагандарга кыйла сапаттуу кызмат көрсөтүү үчүн технологиялык борбордун аймагынын ичинде ага бөлүнүп берилген жаңы имаратта парта, стол, доска ж.б. буюмдарды толуктап, курстардын жана курска катышуучулардын санын арттыруу менен 2019-2020-окуу жылында да өз иштерин улантмакчы.

### 5.1.1.3.6. Салттуу оюндар жана спорт изилдөө борбору

Аталган борбор 2017-жылы түрк тилдүү жана боордош элдердин, о.э. түрдүү географиялык чөлкөмдөрдө жашаган калктардын унутта калган жана унутулуп бараткан салттуу оюндарын жана спорттун түрлөрүн аныктоо; бул жаатта билим берүү, илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди иштеп чыгуу, жүзөгө ашыруу максатында түзүлгөн.



Ошону менен катар эле алдына түрк тилдүү жана боордош элдердин унутта калган, унутулуп бараткан жана учурда ойнолуп жүргөн салттуу оюндарын аныктоо, аларга илимий изилдөө жана практикалык иштерди жүргүзүү, кайрадан жандандыруу, бул жааттагы иштердин уюштурулушун жана координацияланышын камсыз кылуу жана жүзөгө ашыруу, салттуу оюндар жана спорт түрлөрү боюнча изилдөө иштерин жүргүзүүнү каалаган изилдөөчүлөргө көмөк көрсөтүү, тийиштүү мекеме жана уюмдар менен тажрыйба алмашуу жана бул жаатта илимий басылмаларды жарыялоо, түрдүү өлкөлөрдө жашаган түрк элдеринин салттуу оюндарын жана спорт түрлөрүн таанытуу боюнча иш-чараларды уюштуруу, о.э. өзү жашаган аймакта салттуу оюндарды уюштуруу иштерин жүзөгө ашыруу максаты коюлган. Бул жаатта 2019-жылы жүзөгө ашырылган иш-чаралар төмөнкүлөр:

Салттуу жаа атуу жана салбуурун боюнча мелдеш уюштурулган.

Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы жана КТМУнун Салттуу оюндар жана спорт изилдөө борборунун ортосунда биргелешкен протоколго кол коюлган.

Кыргызстандагы жана Түркиядагы салттуу ат оюндарын изилдөө долбоорунун алкагында Алтай, Хакасия жана Тува пертоглифтерине изилдөө жүргүзүлүүдө.

II Эл аралык этноспорт конфедерациясынын форуму, (Казакстандын Алматы шаары), Эл аралык көк бөрү федерациясынын конференциясы (Бишкек);

VIII Түрк элдеринин улуттук спорт оюндарынын эл аралык симпозиуму (Кахраманмараш – Түркия) сыяктуу иш-чараларга катышты.

2020-жылы салттуу оюндар жана спорт изилдөө борбору тарабынан ишке ашырыла турган иш-чаралар:

1. Түрк элдеринин салттуу күрөштүн түрлөрүн изилдөө долбоору менен тааныштыруу;

2. Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын форумуна салым кошуу (февраль, 2020)

3. Салбуурун жана жаа атуу оюну боюнча талкуу (18-апрель, 2020);

4. Азиянын мыкты машыктыруучуларына арналган окуу семинары (июнь, 2020 – Шератон мейманканасы)

5. Монголияда "Надам" жана Алтайда "Элдик оюндар" фестивалына катышуу (июль, 2020);

6. Р. Рождеветскийдин 1928-жылдагы "Кыргыздын улуттук спорт оюндары" аттуу китебин которуп, басмага чыгаруу;

7. IV Көчмөндөр оюнун уюштурууга катышуу ( октябрь, 2020 – Изник / Түркия);

8. IX Эл аралык түрк элдеринин спорттук оюндары симпозиумун уюштуруу (ноябрь, 2020);

### 5.1.1.3.6. Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу борбору (БТЖБ)

Университетке студенттерди кабыл алууну жана чет тили сынагын өткөргөн Манас БТЖБ 2013-жылдын ноябрында кол коюлган протоколдун негизинде ТРнын студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун Бишкектеги сынак координаторлугу болуп калды.

Аталган борбор сынак өткөрүү, тесттик суроолорду түзүү жана даярдоо, маалыматтарды талдоо жана иштеп чыгуу, сынактын жыйынтыктарын баалоо, студенттерди бөлүмдөргө жайгаштыруу, доо арыздарды карап чыгуу боюнча жумушчу топтор жана борбордун аткаруу комитети, борбордун жетекчиси, борбордун жетекчисинин орун басарлары, кызматкерлери менен бирдикте иш алпарышууда.

Ошондой эле университетте борбор тарабынан студенттердин жана окутуучулардын канааттануу деңгээлин аныктоо үчүн сурамжылоо жүргүзүлөт.

Манас БТЖБ башчылыгы тарабынан өткөрүлгөн сынактар:

Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы;

Чет тилди билүү деңгээлин текшерүү сынагы;

Түрк тилдүү мамлекеттерден жана боордош элдерден келген студенттерди университеттин бөлүмдөрүнө жайгаштыруу сынагы жана түрк тилдүү элдерден жана боордош мамлекеттерден келген студенттер үчүн жыл сайын август айында өткөрүлүүчү “Манас” университетине кирүү сынагы;

Кыргызстандын тарыхы боюнча мамлекеттик сынак.

**МАНАС БТЖБ**

**Университетке студенттерди кабыл алуунун жолдору**

**У**ниверситетке кабыл алына турган студенттерди тандоо жана алардын каалоосуна жараша жайгаштыруу боюнча иштер “Манас” университетинин Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу борбору тарабынан жүргүзүлүп, студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы жылына бир жолу өткөрүлөт. Мунун натыйжасында абитуриенттер баалоо учурундагы субъективдүү факторлордон алыс болгон чыныгы атаандаштыкка негизделген сынактан өтүшөт.

“Манас” - Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы боюнча 2019-жылга карата маалымат:

• 2019-жылдын 19-майында өткөрүлгөн сынакка 129 талапкер;

•2019-жылдын 15-декабрында өткөрүлгөн сынакка 154 талапкер катышуу ниетин билдирген.

**Сынакка кимдер катыша алат?**

**А. Кыргыз Республикасынан**

Кыргыз Республикасынын орто билими тууралуу аттестатына же ага эквиваленттүү документине ээ болгондор;

КРнын ЖРТнын (жалпы республикалык тестирлөө) босого баллын жана андан жогору баллды топтой алгандыгы тууралуу сертификаты менен;

Дене тарбия жана спорт жогорку мектебине жана көркөм өнөр факультетине студенттердин жөндөмдөрүн аныктоо сынагына кире турган абитуриенттер ЖРТ жыйынтыгы боюнча 100 баллдан кем эмес баллга ээ болуусу керек.

Университетте окуган студенттер;

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан эквиваленттүүлүгү кабыл алынган орто билими тууралуу аттестатка ээ болгон башка мамлекеттердин жарандары;

КРнын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, университеттин бүтүрүүчүлөрү “Манас” университетинин кирүү сынагына кире алышпайт. Орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү “Манас” университетинин кирүү сынагына кире алышат.

ЖОЖдордо билим алып жаткан студенттер;

Башка университеттерде катталган студенттер. Бирок алар студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагынан өткөндө Кыргыз-Түрк "Манас" университетине катталышы үчүн каттоодо турган башка университеттен чыгууга тийиш.

**B. Түркия Республикасынан**

Түркия Республикасынын жарандары ТРнын Жогорку билим берүү комитетинин студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун башкармалыгы тарабынан өткөрүлгөн кирүү сынагынын жыйынтыгына жараша университетке кабыл алынышат.

**C. Түрк тилдүү жана боордош мамлекеттерден**

Келишим түзүлгөн университеттердин жардамы менен университет бөлүп берген квотага ылайык тийиштүү мамлекеттерде жайгашкан жана окуу жайга студенттерди тандоо ыйгарым укугу берилген университеттер тарабынан тандалган студенттер университетке кабыл алынат.

**Комиссиянын чечими менен**

Университеттин алдында түзүлгөн түрк тилдүү жана боордош мамлекеттерден студенттерди тандоо комиссиясынын чечими менен тийиштүү мамлекеттерден студенттер кабыл алынат. Комиссиянын сунушу боюнча тийиштүү мамлекеттерге атайын комиссия жөнөтүлүп, ал жерде комиссия өз мүмкүнчүлүктөрү менен окууга тапшырган абитуриенттердин билим деңгээлин аныктайт. Талапка жооп берген абитуриенттердин университетке кабыл алынуусу боюнча сунушун университеттин Окумуштуулар кеңешине жиберет. Абитуриенттер университет бөлүп берген квотага ылайык кабыл алынат.

**Сынакты өткөрүү жана сынактын жыйынтыктарын баалоо**

Кирүү сынагы абитуриенттердин гуманитардык жана табигый илимдер боюнча билимин текшерген 120 суроодон турат. Негизги адистиги чет тили болгон бөлүмдөргө



тапшырган абитуриенттер 60 суроодон турган чет тили сынагын да тапшырышат. Ошентип, кирүү сынагы жалпысынан 180 суроону камтыйт. Сынакта суроолор беш варианттуу жооптор менен берилет.

Суроо китепчеси эки бөлүмдөн туруп, биринчи бөлүмүндөгү суроолор кыргыз тилинде, ал эми экинчи бөлүмүндөгү суроолор орус тилинде берилет. Абитуриенттер өздөрү каалаган бөлүмдөгү суроолорго жооп бере алышат. Сынактын жыйынтыгында "гуманитардык илимдер", "табигый илимдер", "гуманитардык жана табигый илимдер боюнча суроолордун ортосундагы тең салмактуулук" жана "чет тили" деген критерийлер боюнча төрт түрдүү балл эсептелинет. Абитуриенттер "Бөлүмдөрдү тандоо" деген жерге өздөрү тандаган бөлүмдөрдү ирети менен жазышат. Эң көп 5 бөлүмдү тандай алышат. Абитуриенттердин баллдары, тандаган бөлүмдөрү, бөлүмдөргө бөлүнгөн квота жана шарттары эске алынып, студенттерди бөлүмдөргө жайгаштыруу иши компьютердин жардамы менен ишке ашырылат. Сынактын жыйынтыктары сынак өткөн борборлордо (Бишкек жана Ош шаарларында) жана университеттин веб-баракчасында кулактандыруу аркылуу жарыяланат. Сынак жана бөлүмдөргө жайгаштыруунун жыйынтыктарына наразы болгон абитуриенттер 3 (үч) күндүн ичинде студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун башкармалыгына арыз менен кайрыла алышат. "Манас" университетинин студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин кирүү сынагы–2018 боюнча маалыматтары төмөндөгү № 50 таблицада берилген.

**51-таблица. Манас-СТЖС-2019 Абитуриенттер туралуу статистикалык маалымат**

| | |
|---|---|
| Документ тапшырган абитуриенттердин саны | 7080 |
| Тандоого катышкан абитуриенттердин саны | 2163 |
| Толугу менен каттоо укугуна ээ болгон абитуриенттердин саны | 1112 |

**"Манас" - Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы**

Бул сынак университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан аныкталган күнү жылына эки жолу өткөрүлөт. Мындан сырткары ректораттын талабы боюнча университетке кенже илимий кызматкерди ишке кабыл алуу үчүн кошумча сынактар өткөрүлүп турат.

"Манас" - Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы боюнча 2019-жылга карата маалымат:

• 2019-жылдын 19-майында өткөрүлгөн сынакка 129 талапкер;

• 2019-жылдын 15-декабрында өткөрүлгөн сынакка 154 талапкер катышуу ниетин билдирген.

**Түрк тилдүү элдерден жана боордош мамлекеттерден келишкен студенттер үчүн кирүү сынагы:**

Ар жылы август айында өтүүчү сынакка КМШ өлкөлөрүнөн келген студенттер катышат. Кирүү сынагынан ийгиликтүү өтүп, даярдоо курсун жакшы аяктаган студенттер бөлүм тандоо сынагына катышуу укугун алышат.

**КТМУнун бөлүм тандоо сынагы (БТС)**

Түрк тилдүү элдерден жана боордош мамлекеттер менен катар эле башка мамлекеттерден келишкен студенттер университеттин бөлүм жана программаларын тандоолору үчүн жылына бир жолу бөлүм тандоо сынагы өткөрүлөт. Тагыраак айтканда, жылына даярдоо курсун ийгиликтүү аяктап, башка бөлүмгө которулууну кааалаган студенттер сынактын жыйынтыгына жараша тандаган бөлүмдөрүнө кабыл алынат.

КТМУнун бөлүм тандоо сынагы боюнча (БТС) 2019-жылдагы маалымат: 2019-жылдын 1-июнунда өткөрүлгөн сынакка 147 талапкер катышкан. 2020-жылдын талапкерлери үчүн Түрк тилдүү элдерден жана боордош мамлекеттерден келген студенттер үчүн университеттин бөлүм тандоо сынагына 166 талапкер арыз менен кайрылган. 2019-жылдын 22-августунда өткөрүлгөн сынакка 147 талапкер катышкан..

**КТМУнун БТЖБсынын жетекчилиги тарабынан өткөрүлгөн сынактар:**

Кыргызстандын тарыхы боюнча мамлекеттик сынак 2019-жылдын 11-майында КТМУнун Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу борборунун жетекчилиги астында тарых бөлүмү менен биргелешип ишке ашырылды.

**Бишкектеги сынак координаторлугуна тапшырылган арыздар боюнча өткөрүлгөн сынактар:**

• ТРнын мамлекеттик кызматкерлерди тандоо сынагы (бакалавр деңгээли б-ча) – 2019: 6 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын жогорку окуу жайга тапшуруу сынагы – 2019: 6 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын медицина тармагы б-ча чет өлкөдө диплом алган докоранттардын дипломунун эквиваленттүүлүгүн аныктоо сынагы – 2019 (1-семестр): 3 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын медицина тармагы б-ча чет өлкөдө диплом алган докоранттардын дипломунун эквиваленттүүлүгүн аныктоо сынагы – 2019 (2-семестр): 40 талапкер арыз тапшырган;

• Ординатурага кабыл алуу сынагы – 2019 (1-семестр): 1 талапкер арыз тапшырган;

• Стоматология багыты боюнча билим деңгээлин аныктоо сынагы: 1 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын жогорку окуу жайларында чет тили сынагы: 5 талапкер арыз тапшырган.

• ТРнын чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы – 2019 / 1: 3 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын академиялык кызматкерлигине жана ЖОЖдон кийинки билим берүү

программаларына кабыл алуу сынагы – 2019 / 1:7 талапкер арыз тапшырган;

• ТРнын академиялык кызматкерлигине жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына кабыл алуу сынагы – 2019 / 3:1 талапкер арыз тапшырган;

**КТМУнун БТЖБсы тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоолор:**

Университетибиздин сапатын жакшыртуу иш-чараларынын алкагында канааттануу боюнча ар кандай сурамжылоолор жүргүзүлүп, МАНАС БТЖБ жетекчилиги тарабынан "ишти жакшыртуу, кемчиликтерди четтетүү жана алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу" максатында тийиштүү иш-чаралар жана баалоо жүргүзүлүп келет. Бул сурамжылоолордун алкагында биздин университеттин академиялык, административдик кызматкерлеринин жана студенттеринин канааттануусу бааланат.

**Окутуучулардын канааттануусун изилдөө**

Профессордук-окутуучулук курамдын канааттануусун сурамжылоонун алкагында "Кафедранын ишине, университет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга жана университетке болгон канааттануу" ченемдери боюнча профессордук-окутуучулар курамынын ой-пикирлери бааланган. Бул иш-чаранын алкагында 2018-жылы 180, 2019-жылы 260 профессор-окутуучу сурамжылоого тартылган.

**Академиялык жана административдик кызматкердин канааттануусун изилдөө**

Академиялык жана административдик кызматкердин канааттануусун иликтөөнүн алкагында академиялык жана административдик кызматкердин ой-пикирлери "Айлана-чөйрөнүн тийгизген таасири, корпоративдик тилектештик сезими, көрсөтүлгөн кызматтар, башкаруу аракети жана карьера мүмкүнчүлүктөрү" деген ченемдер боюнча бааланды. Бул иш-чаранын алкагында 2018-жылы 248, 2019-жылы 267 кызматкердин пикирлери бааланган.

Кызмат көрсөтүүчү түзүмдөргө канааттануу боюнча сурамжылоо университеттин тейлөө бөлүмдөрүнө канааттануу деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат. Сурамжылоодо Маалыматтык технология бөлүмү, Сервистерди тейлөө башкармалыгы, Башкы катчылык, Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы, Студенттик иштер башкармалыгы, Кадрлар башкармалыгы, Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы, Стратегияны иштеп чыгуу башкармалыгы, о.э  Курулуш жана техникалык иштер башкармалыгы тарабынан жасалган иштерге жана көрсөтүлгөн кызматтарга канааттануу деңгээлин аныктоого аракет кылынат. Бул изилдөөдө 2018-жылы 163, 2019-жылы 183 кызматкерден маалымат чогултулган.

**Студенттердин канааттануусун аныктоо**

Университетибизде билим алган студенттердин канааттануусун аныктоо максатында "Университеттин мүмкүнчүлүктөрү, билим берүү жана административдик практика" бөлүгүндө студенттердин канааттануусун сурамжылоо жүргүзүлөт. Бул изилдөө иштеринин алкагында 2018-жылы 3868 студенттен жана 2019-жылы 4044 студенттен маалымат топтолуп, алардын ой-пикирлерине баа берилген.

**Профессордук-окутуучулук курамга баа берүү боюнча изилдөө**

Студенттер арасында жүргүзүлгөн окутуучуну баалоо анкетасы окутуучулар жамаатынын билим берүү процессиндеги жүрүм-турумун баалоо үчүн колдонулат. Бул практиканын алкагында 2018-жылы 446 профессор-окутуучу тарабынан өткөрүлгөн 2075 сабакка карата 36754 жана 2019-жылы 36 925 сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Төмөндө 2019-жылы жүргүзүлгөн канааттануу боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары келтирилген. Жогоруда айтылган изилдөө иш-чараларынан тышкары, 2019-жылы камсыздоо кызматын көрсөткөн өнөктөштөрдүн жана ата-энелердин канааттануусун сурамжылоо да кайрадан жаңыдан түзүлүп даярдалды. Бул сурамжылоолор 2020-жылы ишке ашырылмакчы.

Студенттердин канааттануусу

**52-таблица. Студенттердин канааттануусу боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары**

| Критерийлер | Ариф орт. | Жооп |
|---|---|---|
| Башкаруу | 4,24 | Толугу менен кошулам |
| Университеттин мүмкүнчүлүктөрү | 4,19 | Көбүнө кошулам |
| Социалдык, маданий жана спорттук иш-чаралар | 4,19 | Көбүнө кошулам |
| Окуу-тарбия иштери | 4,18 | Көбүнө кошулам |
| **Жалпы** | **4,2** | **Толугу менен кошулам** |

Булак: Студент тандоо жана жайгаштыруу борбору

Кызматкерлердин канааттануусу

**53-таблица. Кызматкерлердин пикирлерин критерийлер боюнча баалоо**

| Критерийлер | Ариф орт. | Жооп |
|---|---|---|
| Университеттен канааттануу | 3,29 | Толугу менен кошулам |
| Иштеген жеринен канааттануу | 3,2 | Кошулам |
| **Жалпы** | **3,25** | **Толугу менен кошулам** |

Булак: Студент тандоо жана жайгаштыруу борбору

**54-таблица. Академиялык жана административдик ызматкерлердин пикирлерин критерийлер боюнча баалоо**

| Критерийлер | Ариф орт. | Жооп |
|---|---|---|
| 1. КТМУга сырткы чөйрөнүн таасири | 4,45 | Толук канааттанам |
| 2. КТМУда корпоративдик идентүүлүк | 4,31 | Толук канааттанам |
| 3. КТМУнун кызмат көрсөтүүлөрү | 4,27 | Толук канааттанам |
| 4. КТМУда башкаруу түшүнүгү | 4,18 | Канааттанам |
| 5. КТМУда жумуш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрү | 4,09 | Канааттанам |
| **Жалпы** | **4,26** | **Толук канааттанам** |

Булак: Студент тандоо жана жайгаштыруу борбору

**55-таблица. Академиялык жана административдик кызматкерлердин пикирлерин түзүмдөргө карата баалоо**

| Критерийлер | Ариф орт. | Жооп |
|---|---|---|
| 1. Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | 4,45 | Толук канааттанам |
| 2. Студенттик иштер башкармалыгы | 4,36 | Толук канааттанам |
| 3. Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы | 4,34 | Толук канааттанам |
| 4. Курулуш иштер башкармалыгы | 4,27 | Толук канааттанам |
| 5. Кадрлар башкармалыгы | 4,16 | Канааттанам |
| 6. Башкы катчылык | 4,15 | Канааттанам |
| 7. Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 4,14 | Канааттанам |
| 8. Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы | 4,1 | Канааттанам |
| 9. Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 4,03 | Канааттанам |
| **Жалпы** | **4,22** | **Канааттанам** |

### 5.1.1.4. Психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү кызматы

Студенттерге маалымат-кеңеш берүү борбору 2000-2001-окуу жылынын жазгы семестринде ректоратка караштуу психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү борбору катары ачылган. Кийинки жылдары Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы ачылып, аталган борбор ушул башкармалыктын алдындагы мүдүрлүк катары ишин уланткан. 2013-жылдын март айында студенттерге маалымат-кеңеш берүү борбору болуп аталган.

Жалпысынан 176 студентке 770 консультациялык сабак / терапия иш-чаралары өткөрүлүп, жекече психологиялык-консультациялык кызмат көрсөтүлгөн. 2019-жылы Студенттик өнүгүү жана кеңеш берүү борборунун кызматтарынан жалпысынан 2315 студент пайдана алган. Бул кызматтар боюнча маалымат төмөнкү таблицада келтирилген..

**56-таблица. Психологиялык кеңеш берүү жана көшөк көрсөтүү кызматтары**

| | Кыз | Эркек | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| Жеке психологиялык кеңеш берүү кызматы | 137 | 39 | 176 |
| Кеңеш берүү кызматтары | 345 | 124 | 469 |
| Өнүктүрүүчү психологиялык программалар | - | - | 175 |
| Психологиялык кеңеш берүү жана багыт көрсөтүү боюнча басылмалардын таркатылышы | - | - | 1495 |
| Алдын алуу психикалык ден соолук кызматтары (тактага илинген көргөзмө материалдардын саны) | - | - | 26 |
| **Жалпы** | **482** | **163** | **2315** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 5.1.2.Медициналык кызматтар



Университеттин ден соолук борборунун максаты: эрте диагноз коюу жана дарылоо, профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү, дарыланып жаткан адамдар менен дайыма байланышта болуп, алардын абалына көз салуу, жеке адамга жана коомго профилактикалык медициналык кызмат көрсөтүү, өнөкөт ооруларга үзгүлтүксүз кам көрүү жана дарылоо, оорунун өнөкөт түрү менен ооругандарды көзөмөлдөө, алардын жашоо деңгээлин жана ден соолугун жакшыртууга аракеттенип, коомдун өнүгүшүнө салым кошуу..

**57-таблица. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр**

| Кызмат түрү | Эркек | Аял | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| Тез жардам кызматы | 5 | 1 | 6 |
| Операция боло турган бейтаптардын саны | 34 | 15 | 49 |
| | **Кызматкер** | **Студент** | |
| Амбулатордук жол менен дарыланган бейтаптардын саны | **1583** | **6155** | 7738 |
| Педиатрия | 1053 | | 1053 |
| **Жалпы** | | | **8791** |

Булак: Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы

### 5.1.3. Турак жай кызматтары

Студенттик үйлөрдө кир жуучу жана үтүктөөчү бөлмөсү, ошондой эле студенттер ар дайым колдоно ала турган зымсыз интернет туташтырылган ашкана, спутникалык берүүсү бар телевизор жана тамактануу кызматы бар. Ошондой эле китепкана, теннис жана бильярд залы, окуу залы, кыздар жана эркек балдар үчүн мечит бар.

Студенттерди турак жай менен камсыз кылуу кызматтары "Студенттер үйү тууралуу жобого" ылайык ишке ашырылат. Студенттик үйлөргө кайрылган студенттердин өтүнүчү жылдын акырына чейин жарыяланган резервдик тизмеге ылайык аткарылат.

Студенттик үйлөргө кайрылган студенттер курстагы ийгилигине, ата-энесинин абалына, университетте окуган бир туугандарынын санына, жашаган дарегине жараша тандалып алынган соң, негизги жана резервдик тизмелер боюнча квотага ылайык түзүлөт. Жатаканада жашаган студенттер белгилүү бир критерийлерге туура келбей, жүрүм-туруму начарлап, студенттик үйдүн эрежелерин жана тартибин бузса, алардын упайларына терс таасирин тийгизет жана кийинки жылы рейтингинин өзгөрүшүнө себеп болуп, упайларын төмөндөтөт.

Биздин университеттин турак жай кызматтары "Студенттер үйү тууралуу жобого" ылайык ишке ашырылат жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Чыңгыз Айтматов кампусунун алкагында 2000-2001-окуу жылында ачылган жана 6 кабаттуу кыздар жана балдар үчүн Б-блокто жана 2013-2014 окуу жылында колдонууга берилген 684 орундуу А-блокто студенттик үйү дагы студенттерге кызмат көрсөтүүдө. Мындан тышкары, кампустагы С-блок студенттик үйүндө (9 кабаттуу үйдөн сатып алынган 40 батир) студенттер үчүн турмуш-тиричилик шарттары түзүлгөн.



Биздин университеттин Студенттик үйлөрүндө жашагысы келген студенттердин 70%ынын муктаждыгы канааттандырылды. Студенттик үйлөрдө жашаган студенттерибиз турак жай үчүн айына 1500 сом, В жана С блоктору үчүн 1200 сом төлөшөт. Студенттер

бул акыны сентябрь жана январь айларында эки бөлүп же акыркы катталуу учурунда бардыгын накталай төлөй алышат. Мындан тышкары, биздин студенттерден депозиттик төлөм катары 2500 сом талап кылынат.

### 5.1.4.Тамак-аш менен тейлөө кызматы:

Ашкана жана буфеттерди иштетүү бөлүмүнүн максаты – университеттин студенттери менен академиялык жана административдик кызмакерлеринин ден соолукка пайдалуу, тен салмактуу жана сапаттуу тамактануусун камсыздоо. Бардык тамак-аштар Ч. Айтматов атындагы студенттик шаарчанын ичинде жайгашкан Турмуш-тиричиликти тейлөө комплексиндеги ашканада даярдалат. Студенттик ашканада студенттерге түшкү жана кечки тамак берилет. Жалпы тамактандыруу кызматы университеттин студенттерине, академиялык жана административдик кызмакерлерине түшкү тамак берет. Студенттердин физикалык өзгөчүлүктөрүн эске алуу менен алардын энергияга болгон муктаждыктарын жетиштүү жана тен салмактуу тамак-аш менен камсыздап, жыл мезгилинин өзгөчөлүктөрүнө жараша ай сайын атайын меню даярдалат. Буфеттин кызматтарынан күнүнө орточо эсеп менен 2000-3000 киши пайдаланат. Күн сайын студенттерге жана кызматкерлерге комплекстүү түшкү жана кечки тамак берилет.





Университеттин бардык факультеттеринде жана жогорку мектептеринин имараттарында буфеттер бар. Буфеттер 08:00-17.30га чейин иштеп, анда студенттердин тез тамактануусун камсыздоо үчүн суусундук жана тамак-аш азыктары сатылат. Күн сайын тамак-аш азыктарынан сынама алынып, 72 саат бою тийиштүү шарттарда сакталат.

Университеттин социалдык, спорттук жана маданий иш-чараларына катышкан студенттерге иш-чаралар өткөрүлгөн учурда күл азык, эртең мененки, түшкү жана кечки тамак берилет. Ашкана жана буфеттерде иштеген кызматкерлер өздөрүн таза кармап, баш кийим, жең кап жана кол кап кийип иштешет. Жыл мезгили жана организм муктаж болгон калориянын өлчөмү эске алынып, түшкү жана кечки тамактар үчүн университеттинтамак-ашинженеритарабынан айлык меню даярдалып, университеттин веб-баракчасында жарыяланып турат.

### 5.2. Студенттик кеңеш башкармалыгы

Студенттик кеңеш студенттер менен университеттин жетекчилиги ортосунда байланыш түзүп, студенттердин демократия жолу менен университетти башкаруу ишине катышуусун камсыз кылат. Студенттик кеңештин мүчөлөрү факультеттердин жана бөлүмдөрдүн жыйындарына катышса, студенттик кеңештин төрагасы университеттин Окумуштуулар кеңешинин жыйындарында өзүнүн ой-пикирин жана сунуштарын билдирет. Ошентип, университеттин жетекчилиги менен пикир алмашуу жүрөт. Студенттик шаарчанын ажырагыс бир бөлүгү болгон студенттер тобу студенттердин өздөрүн өнүктүрүү, топтун ичинде иштөө, илимий, социалдык, маданий жана спорттук керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн сабактан тышкаркы иштерди уюштуруу максатында түзүлгөн структура болуп саналат. Университетибизде 2018-2019-окуу жылында 31 студенттик клуб иш алпарды. Бул клубдарга 1021 студент мүчө болгон.

Студенттик кеңештин төрагалыгы Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн координациялык бөлүмү менен биргелешип социалдык, маданий жана илимий иш-чараларды уюштурат. Сынактар, атайын уюштурулган күндөр жана дебаттар коомдук иш-чаралардын алкагында өткөрүлөт. 2018-2019-окуу жылында Студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлгөн ден соолукка пайдалуу иш-аракеттерди көбөйтүү максатында жаңы орун бөлүндү. Студенттик кеңеш университеттин ишин илгерилетүү процессинде жана студенттердин ишмердүүлүгүндө жигердүү роль ойнойт. Кеңештин төрагасы университеттин Окумуштуулар кеңешинин отурумдарына катышат. Кеңеш студенттерге жана пландаштырылган иш-чараларга байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн жогорку жетекчилик менен макулдашууну камсыз кылат..

















## Ар түрдүү улуттагы студенттердин координаторлугу

Ар түрдүү улуттагы студенттердин координаторлугу ректораттын колдоосу менен 2015-жылдын 11-февраль айында түзүлгөн. Максаты – университетте окуп жаткан ар түрдүү улуттагы студенттердин сапаттуу билим алуусуна, социалдык, маданий жана спорттук иш-чараларга катышуусуна, башка маданияттар менен таанышуусуна колдоо көрсөтүү жана окууну бүтүргөндөн кийин университеттин ыктыярдуу элчилери катары иштеп кетүүсүнө салым кошуу болуп саналат. Университетте 11 өлкөдөн жана 23 боордош улуттан келип билим алып жаткан студенттердин ичинен ар бир өлкөдөн тандалган активдүү студенттер бул координаторлукта ыктыярдуу түрдө иштеп жатышат.

Эл аралык студенттердин координаторлугу студенттердин көйгөйлөрүн жана сунуштарын кароо, көңүл ачуучу жана маалымат арттыруучу иш-чараларды өткөрүү боюнча ар дайым иштерди жүргүзүп келет. Студенттерге багыт берүүчү иш-чаралар, элчиликтер менен жолугушуу жана маектешүү жыйындары, университеттер аралык “Өлкөлөрдүн улуттук баалуулуктары” аттуу интеллектуалдык оюн ж.б.у.с. иш-чаралар менен университетте уюштурулган социалдык, маданий жана таанытуу иш-чараларына өз салымын кошуп келет. Студенттер жана координаторлуктун иш-чаралары тууралуу маалыматтарды www.students.manas.edu.kg дарегинен таба аласыз.





### 5.3. КТМУнун Бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер ассоциациясы

Кыргыз-Түрк "Манас" университети алгачкы бүтүрүүчүлөрүн 2001-2002-окуу жылында өз уясынан учурган. Бүгүнкү күнгө чейин 12 өлкөдөн жана 23 боордош улуттардан 8283 студент университетти бүтүргөн. КТМУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясы 2006-жылдын 21-апрелинде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин GR0042381-номерлүү чечими менен расмий түрдө өз ишин баштаган. Бүтүүчүлөр жана ассоциациянын иш-чаралары тууралуу маалыматтарды www.mezun.manas.edu.kg дарегинен таба аласыз.

"Манас" университети өзүнүн студенттери менен такай тыгыз байланыш түзүүгө өтө маани берет. Университет бүтүрүүчүлөрү үчүн түрдүү иш-чараларды уюштуруу аркылуу үзгүлтүксүз байланыш түзүүгө аракет жасайт. Ошондой эле университет жөнүндө бүтүрүүчүлөрдүн пикирин билүү максатында канааттануу сурамжылоосун уюштурат.

2019-жылдын май айына карата 750 бүтүрүүчү-студенттен чогултулган маалыматтар боюнча жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыктары 4 аталышта талдоого алынган:

Билим берүү аркылуу алынган максаттуу жүрүм-турумга байланышкан натыйжалар 5 баллдан 4,06ны түзгөн.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетине таандык болуу сезими (корпоративдик идентификация) 5 баллдан 3,77ни түзгөн.

Университетибиздеги тейлөө бөлүмдөрүн баалоонун натыйжалары:

1. Башкаруу – 10 баллдан 8,24;

2. Тейлөө бөлүмдөрү жана кызматтарды сатып алуу боюнча – 10 баллдан 8,03;

3. Иш-чаралар - 10 баллдан 7,77;

4. Сабактар жана билим берүү иш-аракеттери – 10 баллдан эң жогоркусу 8,62 жана эң азы 7,06ны түзгөн.

Бүтүрүүчүлөрдүн каалоо-тилектери жана сунуштары:

• Сан жана сапат жагынан чет тил билимин жогорулатуу (айрыкча англис тилинде);

• Окуу программаларында практикалык сабактардын саатын көбөйтүү;

• Эл аралык студент алмашуу программаларынын багыттарын жана квоталарын арттыруу;

• Кесиптик жогорку мектептин аудиторияларына жетиштүү терезе жана кондиционерлерди орнотуу маселесин чечүү.

### 5.4. Ишкерлер чөйрөсү жана коомчулук менен байланыш

Университет коомчулук жана ишкерлер дүйнөсү менен тыгыз байланышта болуп,

өнөктөштөрү аркылуу өзүн таанытуу максатында ар түрдүү мекеме жана уюмдарга барып өз өнөктөштөрүнүн катышуусу менен социалдык, маданий, көркөм өнөр жана спорттук иш-чараларды уюштуруп келет. Ушундан улам студенттердин ата-энелери менен байланышты күчтөндүрүү максатында ата-энелер комитети да түзүлгөн.

Бүтүрүүчүлөр менен болгон мамиле көп багытта улантылат. Бул жаатта бүтүрүүчүлөрдүн баалоосун аныктоо максатында канааттануу боюнча сурамжылоолор жүргүзүлүп турат. 2019-жылдын май айына карата жүргүзүлгөн баалоонун жыйынтыгы боюнча 750 бүтүрүүчүдөн чогултулган маалыматтарга ылайык:

Окутуу аркылуу калыптандырылышы пландаштырылган көндүмдөр 5 баллдан 4,06ны, "Манас" университетине таандык болуу сезими (корпоративдик идентификация) 5 баллдан 3,77ни түзгөн. Университетибиздеги тейлөө бөлүмдөрүн баалоонун натыйжалары: башкаруу өлчөмү – 10 баллдан 8,24тү, тейлөө бөлүмдөрү жана кызматтарды сатып алуу боюнча – 10 баллдан 8,03тү, иш-чаралар - 10 баллдан 7,77ни, сабактар жана билим берүү иш-аракеттери – 10 баллдан эң жогоркусу 8,62 жана эң азы 7,06ны түзгөн.

Бул өңүттө үзгүлтүксүз жана ырааттуу түрдө иш алып баруу максатында "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин консультациялык кеңеш берүү комитеттерин түзүү жана иштетүүнүн жол-жоболору боюнча жобосу" жана "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ата-энелер комитетин түзүү жана иштетүүнүн жол-жоболору боюнча жобосу" иштелип чыккан. Түзүлгөн ата-энелер комитети өз ишмердүүлүгүн жигердүү түрдө жүргүзүп келүүдө. Университетти таанытуу иш-чараларына студенттердин активдүү катышуусун камсыздоо максатында студенттик кеңеш жана бул кеңештин жетекчилиги астында түзүлгөн студенттик клубдардын университетке жана коомчулукка багытталган иш-чараларына (акыл таймаштары, карьера күндөрү, дебаттар, куттуктоо жана эскерүү кечелери, таанытуу жана социалдык жардам көрсөтүү иш-чаралары ж.б.у.с.) колдоо көрсөтүлөт.

Жыл сайын академиялык түзүмдөр тарабынан уюштурулган карьера күндөрү студенттердин бизнес дүйнөсүнө таанылышына шарт түзөт. Мындан тышкары бизнес чөйрөсүнөн келген коноктор академиялык жана административдик түзүмдөр менен биргеликте бизнес чөйрөсүнө байланыштуу семинарларды уюштурууга чакырылат.



### А. Ишкерлер чөйрөсү менен байланыш жана кызматташтык

Жаңычыл жана демилгелүү университет болуу максатында ишкерлер чөйрөсү менен күчтүү жана эки тарапка тең пайдалуу болгон байланыштар, бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусун кыйла жеңилдеткен кызматташтыктар түзүлүп жатат. Бул жаатта билим берүү жана илимий-изилдөө долбоорлорун иштеп чыгуу жана тийиштүү сектордун өкүлдөрүнүн бул долбоорлорго катышуусун камсыздоо, долбоорлордун натыйжалары тууралуу ишкерлер дүйнөсүнө маалымат берүү максаты көздөлөт. Бул иш-чаралар университеттин жаңы ресурстар менен камсыз болушуна жана бүтүрүүчүлөрдүн бул секторлордо оңой иш табууларына өбөлгө түзөт

Улуттук жана эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана ишкерлер чөйрөсү менен түзүлгөн кызматташтыктын натыйжасында университеттин ишкерлер чөйрөсү менен байланыштары бекемделип, коомчулуктун приоритеттүү керектөөлөрүнө жараша билим берүү багыттары аныкталып, окуу программалары жаңылануууда.

Мындан сырткары ишкерлер чөйрөсү муктаж болгон тармактар боюнча биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгуу, консультациялык кеңеш кызматтарын көрсөтүү, кызматкерлердин билимин жогорулатууга багытталган кыска жана атайын курстарды уюштуруу, университеттин имараттарын, лабораторияларын жана жабдыктарын колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн коом менен бөлүшүү жаатында маанилүү иш-чаралар көрүлөт. Аткарылган иш-чаралардын натыйжасында студенттердин өндүрүштүк практикадан өтүүсү жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп, университет менен ишкерлер чөйрөсүнүн ортосунда маалымат жана тажрыйба алмашуу жүрөт.

КТМУнун 2017-2021-жылдарга карата стратегиялык планы беш негизги максатты көздөйт. Бул максаттарды ишке ашыруу 19 милдеттен жана 74 стратегиядан турат. КТМУ стратегиялык планда белгиленген төмөнкү максаттарына, милдеттерине жана стратегияларына ылайык иш-чараларын жүргүзүүнү улантат:

- Билим берүү жаатында эл аралык марка катары таанымал болуу;
- Өзүнө тартып турган илимий борбор болуу;
- Интернационалдаштыруу жаатында үлгү болуу;
- Коомчулук жана ишкерлер дүйнөсү үчүн чыныгы баалуулук болуу;
- Түрк дүйнөсүнүн биригишинде жана өнүгүшүндө таасирдүү күч болуу;
- Дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет болуу.

### Б. Өнөктөштөр

Университет өнөктөштөр менен тыгыз байланышта болгон ар бир сектордун өкүлдөрүнүн ортосундагы ишенимди арттыруу, маалымат алмашуу жана кызматташтыкты түзүү максатында жыйындардын, ар түрдүү социалдык жана маданий иш-чаралардын уюштурулушуна жана биргелешкен долбоорлордун иштелип чыгышына өзгөчө маани берет.

**B. Коомчулукка кызмат көрсөтүү, социалдык жоопкерчилик боюнча иш-чаралар**

Кыргыз-Түрк "Манас" университети коомдун бакубатчылыгын арттыра турган ар түрдүү маалыматтарды жана тажрыйбаны өткөрүп берүү үчүн коомдун бардык катмарларынын керектөөлөрүн камсыздоо жана жашоо стандарттарын жакшыртуу жаатында жергиликтүү бийлик органдары, мамлекеттик эмес уюмдар жана профсоюздар менен кызматташып, тийиштүү окуу программаларын ачып, ар түрдүү көйгөйлөрдү чечүү жолдорун табууга аракет кылып келет.



Социалдык жоопкерчилик жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылуу принциптерин эске алуу менен студенттердин жана окутуучулардын социалдык жана инсандык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү, алардын мотивацияларын өнүктүрүү, иденттүүлүк, бир нерсеге ээ болуу жана тиешелүүлүк сезимдерин өркүндөтүү, коомчулук жана ишкерлер чөйрөсү менен байланышын камсыздоо максатында окуу календарына ылайык социалдык, маданий, көркөм өнөр жана спорттук иш-чаралар даярдалып, академиялык жана административдик кызматкерлердин түздөн-түз катышуусу жана колдоосунун натыйжасында студенттик кеңеш жана студенттик клубдардын жигердүү катышуусу менен бир окуу жылы ичинде уюштурулган иш-чаралардын жүзөгө ашырылышына көмөк көрсөтүлөт.

Университетте семинарларды уюштуруу, балдар үйлөрүнө жана карылар үйүнө баруу сыяктуу социалдык багыттагы 52 иш-чара өткөрүлдү. Студенттик кеңеш жана факультет/жогорку мектептер түзгөн уюмар тарабынан да бул жатта иш-аракеттер жүргүзүлдү.

Коомчулукка кызмат көрсөтүү иш-аракеттеринин алкагында ветеринария факультети 2019-жылы 11253 жаныбарга медициналык жардам көрсөткөн. Муну менен катар заманбап кадрларды даярдоо жана тийиштүү мекемелерге маалыматтык колдоо көрсөтүү сыяктуу иштерди жүргүзүп келет.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү координациялоо бөлүмүнүн дирекциясы тарабынан уюштурулган иш-чаралардын алкагында ар кандай факультеттерде жана ар башка күндөрү Карьера күнөрүнүн салтына ылайык иш-чаралар өткөрүлөт. Көптөгөн компаниялар студенттерибизди бизнес дүйнөсүнө аралаштырган иш-чараларга катышышат. Жыл сайын академиялык түзүмдөр менен Студенттик иштер башкармалыгынын Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн координациялык бөлүмү менен биргелешип уюштурган "Карьера күндөрү" ар бир факультетте ар башка күнү өткөрүлгөн. Студенттерди ишкерлер менен жолугуштуруу иш-чарасына көптөгөн фирма, уюм, мекемелер келип катышат.

"Карьера күндөрүнүн" натыйжасында иш чөйрөсүнө кирүүгө даярдык көргөн студенттер

менен ишкерлер дүйнөсүнүн ортосунда көпүрө куруу, университеттин тышкы кардарлары болгон жеке жана мамлекеттик уюмдарга, башка ЖОЖдорго университетти таанытуу, Кыргызстандагы уюмдар менен студенттерди жолуктуруу, карьераны пландоодо жол көрсөтүү, университет менен өнөр жай секторунун ортосунда кызматташтыкты түзүү, университеттин жетекчилиги менен жеке жана мамлекеттик уюмдарды бир жерге топтоо максаттары көздөлөт.



**Г. Эл аралык мамилелер жана кызматташтыктар**

Университет ааламдашуу процессинде дүйнөдө күчтүү болуу жана атаандаштыкка туруштук бере алуу үчүн эки өлкөдөгү, андан кийин региондогу жана дүйнөдөгү абройлуу ЖОЖдор жана алдыңкы мекемелер менен эл аралык мамилелерди түзүп, кызматташтыкты өнүктүрүп келүүдө.

Бул максатта азыркы учурда жалпысынан 185 эл аралык кызматташтык жөнүндө келишимге кол коюлган: Түркия Республикасы менен – 91, Кыргызстан менен – 18, Россия менен – 12, Казакстан менен – 9, Кытай менен – 7, Өзбекстан менен – 6, Азербайжан менен – 5, Палестина менен – 4, Украина менен – 3, Түндүк Кипр Түрк Республикасы менен – 3, АКШ менен – 3, Япония менен – 3, Германия менен – 2, Монголия менен – 2, Индия менен – 2, Англия менен – 2, Афганистан менен – 2, Грузия менен – 1, Франция менен – 2, Корея менен – 1, Португалия менен – 1, Тажикстан менен – 1, Румыния менен – 1, Македония менен – 1 (http://iro.manas.edu.kg). Ошондой эле Мевлана алмашуу программасынын алкагында 85 университет менен кызматташтык түзүлүп, окутуучулар жана студенттер менен алмашуу жүзөгө ашырылып келет. Кыргызстан, Түркия, Азербайжан жана Казакстан менен Орхан алмашуу программасынын алкагында 7 университет менен кызматташтык түзүлүп, студенттер менен алмашуу ишке ашырылууда. (http://mdp.manas.edu.kg/)

**Д. Сыйлыктар**

2019-жылы биздин университеттин окутуучулары менен студенттери ар кыл номинациялар боюнча көп сыйлыктарга татыктуу болушту. Алар Кыргызстандагы жана Түркиядагы ийгиликтер менен катар эле эл аралык деңгээлде болгону менен сыймык жаратат. Айрымдарына токтолсок:

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин айыл чарба факультетинин өсүмдүктөрдү коргоо бөлүмүнүн башчысы проф., док. Тинатин Дөөлөткелдиева "Кыргызпатенттин"



(Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын) “Эң жаңычыл долбоор” номинациясы боюнча “Күнөскана жана ачык аянттардагы топурактын сапатын жогорулатуу жана айыл чарба продукциясынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн био жер семирткичтерди өндүрүү” аталышындагы долбоору менен сыйлыкка татыктуу болду.



*Meritorious Paper Award*

The Metal Industry Committee of the Industry Applications Society
Institute of Electrical and Electronics Engineers
Presents this Prize Paper Award to

**Erhan Sezgin and Özgül Salor**

For writing and presenting the paper entitled

**“Analysis of Power System Harmonic Subgroups of the Electric Arc Furnace Currents Based on a Hybrid Time-Frequency Analysis Method”**

53rd IEEE IAS Annual Meeting, September 23-27, 2018, Portland, OR

IEEE

Cheng-Tsung Liu
Chairman

Juan M. Lopera
Paper Review Chairman

IAS

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Инженерия факультетинин электр жана электроникалык инженерия бөлүмүнүн башчысы проф., док. Өзгүл Салор-Дурна өзүнүн илимий эмгеги үчүн сыйлыкка ээ болду. АКШнын Балтимор шаарында 2019-жылдын 29-сентябрынан 3-октябрына чейин өткөн “IEEE Industry Applications Society Annual Meeting” жыйынына катышып, “Deep Learning Based Harmonics and Interharmonics Pre-Detection Designed for Compensating Significantly Time-varying EAF Currents” деген аталышта баяндама жасаган.



2019-жылдын 11-ноябрынан 15-ноябрына чейин Бишкек шаарында өткөн “13-эл аралык адам укуктарын коргоо боюнча “Бир дүйнө-2019” фестивалында журналистика бөлүмүнүн студенти Айдана Топчубаева тарткан “Аяна” фильми “Эң мыкты фильм” сыйлыгын алды.



Гуманитардык факультеттин тарых бөлүмүнүн студенттери республика боюнча тарых бөлүмүнүн студенттери арасында биринчи жолу уюштурулган олимпиадада биринчиликти жеңип алышкан.

Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбеков тарабынан жарыяланган “2019-жыл -санариптештирүү жылы” иш-чарасынын алкагында И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети уюштурган олимпиадада тарых бөлүмүнүн студенттери Асылкан Абдыкадыр кызы, Жанона Шамшиева, Шераалы Бекташов жана Исламидин Нурдинов 1-орунга ээ болушкан. Аталган студенттердин илимий жетекчиси доц.м.а, док. Зухра Алтымышова.

Мындан тышкары коммуникация факультетине эки маанилүү сыйлык тапшырылды. 2019-жылдын 3-декабрынан 7-декабрына чейин Алматы шаарында өткөрүлгөн 8-эл аралык студенттик кино фестивалында коммуникация факультетинин бүтүрүүчүсү Асел Сыдыкованын режиссерлугу астында тартылган “Айыл үнү” тасмасы эң мыкты даректүү




тасма деп таанылды. Фестивалга 44 өлкөдөн 360 катышуучу катышкан. Коммуникация факультетинин дагы бир бүтүрүүчүсү Айназ Турдумаматованын 2019-жылдын 1-декабрынан 5-декабрына чейин Россиянын Екатеринбург шаарында өткөн 16-эл аралык “Кинопроба” фестивалында “Алыста” деген тасмасы “эң мыкты документалдык фильм” номинациясы боюнча мыкты тасма деп бааланды.

Түркиянын Газиантеп шаарындагы Хасан Калёнжу университети тарабынан 2019-жылдын 10-12-декабрь күндөрү уюштурулган “5- Алтын баклава” кинофестивалында коммуникация факультетинин радио берүү жана теле көрсөтүү, кинематография бөлүмүнүн студенти Аята Бакаеванын «Үчөө» аттуу тасмасы “Эң мыкты даректүү фильм” сыйлыгына ээ болгон.



Режиссер Осман Сынав төрагалык кылган, курамына Керем Алышык, Жансель Элчин жана Ирем Хелвачыоглу кирген калыстар тобу «фантастикалык» жана «документалдык» фильмдер категориялары боюнча 11 фильмди тандашкан. Фестивалдын сыйлык тапшыруу аземине 24 өлкөдөн 200дөн ашык тасма катышып, кинематография тармагында таанымал болгон көптөгөн коноктор чакырылган.




Табигый илимдер факультетинин биология бөлүмүнүн доц., док. Гүлбүбү Курманбекова жана доц., док. Кадырбай Чекиров, инженерия факультетинин химиялык инженерия бөлүмүнүн доц., док. Бакыт Боркоев жана Калипа Салиева 2013-жылдан бери орто мектептердин жана лицейлердин жогорку класстарынын окуучуларын республикалык жана эл аралык олимпиадаларга даярдап, мыкты ийгиликтерге жетишкендиги үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыгына татыктуу болушкан

### 5.5. Спорт жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр



Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы менен дене тарбия жана спорт жогорку мектебине караштуу спорттук имараттарда университеттин студенттерине жана кызматкерлерине жума бою кызмат көрсөтүлөт.

Университеттин ачык аба спорт комплекси 2001-2002-окуу жылынан баштап иштей баштаган. Спорттук комплекс: 1 стадион, 1 футбол, 1 чоң теннис, 2 волейбол, 2 баскетбол, 1 ачык асман алдындагы гимнастика спорттук аянтчаларынан турат. Ушуну менен катар 1 күрөш, 1 фитнес, 1 оор атлетика, 1 дзюдо, 1 самбо, 1 чатыраш (шахмат), 1 тогуз коргоол залдары жайгашкан. Спорттук комплекс зарыл болгон бардык жабдуулар жана шаймандар менен толук жабдылган. Мындан сырткары олимпиадалык оюндар өткөрүлүүчү жабык спорт комплекси 2015-жылдын октябрь айында Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинине пайдаланууга берилип, иш-чаралар башталган. Спорт объектилерибизде түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдүн катарына студенттер үчүн берилген кийинүүчү жай жана кызматкерлер үчүн түзүлгөн кеңсе кирет. Аталган спорт комплексинен университеттин бардык студенттери менен кызматкерлери пайдаланып келет.

Спорттук имараттарда спорт аянтчаларынан сырткары студенттердин кийинип чечинүү бөлмөлөрү жана кызматкерлер үчүн кеңселер орун алган. Ошондой эле элдик оюндар, музыкалык аспаптар, заманбап бий ж.б.у.с. ийримдерге катышып, студенттер өздөрүн өнүктүрүүдө жана ушул ийримдерге катышуу менен санаалаш досторду таап, ар дайым социалдык чөйрө менен карым-катнашта болушууда. X Кышкы сергек жашоо турнири (8 түр боюнча) биздин университеттин профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда 2019-жылдын 12-январынан 19-майына чейин уюштурулду.

**58-таблица. Спортчулар жөнүндө маалымат**

| | Катышкан спорт тармагынын саны | Мелдештерге катышкан кишинин саны | Медалга ээ болгондордун саны |
|---|---|---|---|
| Студент | 27 | 550 | 119 |
| Кызматкер | 8* | 250 | |
| **Жалпы** | 35 | 750 | 119 |

**59-таблица. Сыйлыктар**

| Сыйлык түрү | Саны |
|---|---|
| Илим жаатындагы сыйлык | 1 |
| Илим жаатындагы мыкты эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык | 13 |
| Илим жаатындагы шыктандырылуучу сыйлык | 3 |
| Искусство  жаатындагы мыкты сыйлык | 17 |
| Искусство  жаатында эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык | 2 |
| Искусство жаатындагы мыкты эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык | 0 |
| Илимий-изилдөө тармагындагы сыйлык | 24 |
| **Жалпы** | **60** |

Булак: Академиялык бөлүмдөр

**60-таблица. Спорт жаатындагы сыйлыктар**

| Түзүмдөр | Түшүндүрмө | Саны |
|---|---|---|
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | Машыктыруучуларды даярдоо бөлүмү | 50 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | Дене тарбия жана спорт мугалими бөлүмү | 2 |
| КТМУ | КТМУ | 2 |
| **Жалпы** | | 54 |

Булак: Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби









## 5.6. Маданий иш-чаралар

Түрк тектүү мамлекеттер менен түрк коомчулуктарынын университетке тапшырчу курактагы жаштарынын башын бириктирип, эл аралык заманбап билимдин талаптарына ылайык билим берүү менен бирге улуттук жана руханий баалуулуктарды ыйык туткан жаштарды тарбиялоо максатында курулган университетибиз бул максатты ишке ашыруу үчүн маданий иш-чараларга да өзгөчө маани берип келет.

Студенттик үйлөрдө ар жуманын бейшемби күдөрү кечкисин "маектер" өткөрүлүп турат. Бул иш-чарага профессордук-окутуучулук курам чакырылып, үй-бүлөлүк маанайда маектер өткөрүлөт. Аталган иш-чара кызматкерлер менен студенттердин тыгыз байланышта болушуна өбөлгө түзөт.

Мындан сырткары бул программанын алкагында поэзия кечелери, экскурсия жана маанай көтөрүүчү иш-чаралар өткөрүлүп, театралдык пьесалар да коюлуп келет.









**2018 Нооруз майрамы**



**10-ноябрь Ататүркты эскерүү программасы**



**Ашура күнү**



**Түркия Республикасынын майрамынын 96- жылдыгы**





**7-апрель Элдик Революцияны Эскерүү Күнү**




18-март Чанаккале (Дарданелл) жеңиш майрамынын 104 жылдыгы



Орозо айт майрамы





Чынгыз Айтматовду окуу иш-чарасы



## 5.7.Административдик кызматтар

**Башкы катчылык**

Башкы катчылык университеттин административдик структурасынын жетекчи органы болуп саналат. Аткарган иш-чаралары боюнча Ректор жана Биринчи проректордун алдында жоопту болот. Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештерине добуш берүү укугуна ээ болбостон катышып, референт-мүчөсү болуп саналат.

Башкы катчынын милдеттери, ыйгарым уктары жана жоопкерчиликтери төмөндө көрсөтүлгөн:

• Университеттин административдик структурасында орун алган түзүмдөрдүн тийиштүү мыйзам, устав, нускама, жобо, негиздерге ылайык натыйжалуу, үзгүлтүксүз жана шайкеш иштөөсүн камсыз кылуу;

• Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештерине добуш берүү укугуна ээ болбостон катышуу жана референт болуу;

• Университеттин Окумуштуулар кеңеши менен Башкаруу кеңешинин жыйналыштарынын күн тартибин даярдап, тийиштүү кишилерге өз убактысында жиберүү;

• Университеттин Окумуштуулар кеңеши менен Башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди жазуу, коргоо, сактоо жана университетке караштуу түзүмдөргө жана тийиштүү кишилерге жиберүү;

• Университеттин Окумуштуулар кеңеши менен Башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди университеттин веб-баракчасында жарыялоо;

• Ректораттын тышкы жана ички иш кагаздарын жүргүзүү;

• Университеттин административдик түзүмдөрү менен жеке жана мамлекеттик мекемелер ортосундагы мамилелердин натыйжалуу жана ырааттуу өнүгүүсүн камсыз кылуу;

• Факультет/жогорку мектеп/ институттун катчыларынын иш алып баруусун координациялоо жана жакшыртуу, кызматташтыкты камсыздоо, алардын натыйжалуу жана ырааттуу иштөөсүн камсыз кылуу;

• Башкы катчылыкка караштуу болгон түзүмдөрдү байкоо, контролдоо жана текшерүү иштерин жүргүзүү, дисциплинаны камсыз кылуу;

• Университеттин ар түрдүү административдик-чарбалык иштеринин камсыздалышын уюштуруу;

• Университетте иштеген административдик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча керектөөлөрдү аныктоо жана бул керектөөлөргө ылайык окуу программасын камсыз кылуу;

• Университеттин ар түрдүү юридикалык маселелерин көзөмөлгө алуу жана бир жыйынтыкка келтирүү;

• Университеттин басма-полиграфиялык тейлөө кызматтарынын ирээттүү иштешин камсыздоо;

• Университеттин административдик структурасына дайындала турган кызматкерлерди Ректор жана Биринчи проректорго сунуш кылуу;

• Университеттин балансында турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү коргоо боюнча чараларды көрүү;

• Ректораттын кызмат адамдарын тосуу жана азем өткөрүү иштеринде административдик-чарбалык иштин камсыздалышын жана уюштурулушун жөнгө салуу;

• Мүчө болгон кеңеш жана комиссияларга катышуу жана/же төрагалык кылуу;

• Система жана ченемдик-укуктук документтерди иштеп чыгуу;

• Университетте ар түрдүү коопсуздук чараларын көрүү;

• Университеттин бардык мүлктөрүн тариздөө, уюштуруу жана архивдөө иштерин жүргүзүү;

• Кызматкерлердин социалдык коопсуздугунун камсыздалышында тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү;

• Ресурстардын натыйжалуу колдонулушун камсыз кылуу;

• Башкы катчылыктын жана ага караштуу түзүмдөрдүн аткарган бардык иш-чараларын контролдоо, көзөмөлдөө, текшерүү жана бул иш-чаралардын жыйынтыктарын алуу боюнча Ректораттын алдында жооптуу болуп саналат;

• Ректор жана Биринчи проректор тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Маалыматтык технологиялар башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана прициптерине ылайык аткаруу;

• Университетте маалымат алмашуу иш-чараларын пландаштыруу, уюштуруу жана жүргүзүү;

• Университеттин жергиликтүү (Network) тармагына техникалык кызмат көрсөтүү жана иштетүү;

• Жергиликтүү жана эл аралык (Network) тармактары менен локалдык тармак байланышын үзгүлтүксүз камсыздоо;

• Академиялык жана административдик түзүмдөр маалыматтык технологияларды колдонуп кызмат көрсөтүү үчүн техникалык көмөк көрсөтүү;

• Университеттин веб-баракчасын даярдоо ишин координациялоо, түзүмдөрдөн келген сунуш жана маалыматтарга ылайык, веб-баракчадагы маалыматты жаңыртуу, аткарылган иш-чаралар жөнүндө маалыматты веб-баракчада жарыялоо;

• Университеттин лицензияланган программалык жабдууларга болгон керектөөсүн камсыз кылуу жана алардын жаңыланып туруусун камсыздоо;

• Университеттин академиялык жана административдик түзүмдөр тарабынан компьютердин жардамы менен өткөрүлө турган сабактар/ жыйындар үчүн компьютердик лабораторияларды техникалык жактан даярдоо;

• Университет тарабынан уюштурулган ар түрдүү жыйындарда колдонула турган компьютер жана прожекторлорду камсыз кылуу жана бетачар/билдирүү/баяндамалардын (презентациялардын) өткөрүлүшүн камсыз кылуу;

• Университеттин балансында турган бардык компьютердик системаларды, персоналдык компьютерлерди жана кошумча жабдыктарды периодикалык түрдө жана түшкөн талаптарга ылайык оңдоп-түзөө жана техникалык кызмат көрсөтүү иштерин жүргүзүү;

• Университет муктаж болгон ар түрдүү компьютер жана компьютердик жабдыктарды сатып алууга байланыштуу сатып алуу жана жана текшерүү комиссиясына техникалык маселелери боюнча комиссияга мүчө катары катышуу;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Материалдык-техниалык камсыздоо башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана приципетерине аткаруу;

• Университеттин балансында турган же колдонуусунда болгон кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөргө байланыштуу таблицалардын жыйынтыктарын даярдоо;

• Керектүү каражат жана материалдар менен камсыздоо иштерин жүргүзүү;

• Имараттарды тазалоо, жарыктандыруу, жылытуу, оңдоп-түзөө ж.б.у.с. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү;

• Университетке келген конокторго көмөк көрсөтүү жана тийиштүү кишилер менен жолугушууларын уюштуруу;

• Университеттин айлана чөйрөсүнүн тазалыгын сактоо, сугаруу ж.б.у.с. иш-чараларды өткөрүү, күнүгө көзөмөл жана текшерүүлөрдү жүргүзүү;

• Жол кыймылынын коопсуздугу жөнүндө мыйзамга ылайык университеттин балансында турган унааларга байланыштуу камсыздандыруу, оңдоп-түзөө, номер алуу жана каттоо боюнча иштерди жүргүзүү;

• Коопсуздук жана айлана-чөйрөгө көзөмөл жүргүзүү иштерин аткаруу;

• Университеттин имараттары, кызматкерлердин турак-жайы жана жатаканалардын

коопсуздугу үчүн ички иштер органдары менен келишимдердин даярдалышын камсыздоо, бул келишимдерди жетекчилерге жөнөтүү жана келишимге ылайык коопсуздук кызматынын ишке ашырылышын жана текшерилишин камсыз кылуу;

• Катышкан жана/же жооптуу болгон иш-чаралардын сапатыны жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жөнгө салуу;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык аткаруу;

• Университеттин китепканаларынын ар кыл керектөөлөрүн камсыздоо;

• Басылма, фильм, видеотасма, микрофильм, каттоо каталогдорун даярдоо;

• Профессор окутуучуларга булактарды издөө боюнча талап жана керектөөлөрүн камсыздоо;

• Библиографиялык маалыматтарды издөө иштерин жүргүзүү;

• Китепканалар ортосунда кызматташтык боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

• Коомдун белгилүү принциптерине ылайык коомго китепкана кызматтарын колдонуу мүмкүнчүгүн түзүү;

• Академиялык түзүмдөр менен биргелешип китепкананын керектөөлөрү боюнча бюджетти даярдоо;

• Университеттин басылмаларын (публикацияларын), диссертацияларды, китеп ж.б.у.с. илимий эмгектерди коомчулукка таанытуу, алардын автордук укугун коргоо жана көзөмөлдөө;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Студенттик иштер башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык аткаруу;

• Милдет жана жоопкерчиликтерге кирген бардык ищтерди тез, туура, так аткаруу жана коопсуздугун камсыздоо;

• Академиялык (окуу) календардын толук жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу;

• Академиялык түзүмдөр тарабынан кабыл алынган чечимдерди тез, туура жана так жүзөгө ашыруу;

• Университеттин студенттик иштерге байланыштуу буйруктарын тийиштүү түзүмдөргө жана кишилерге билдирүү;

• Маалыматтык технологиялар башкармалыгы менен бирдикте студенттик иштер башкармалыгынын маалыматтык системаларынын туура иштөөсүн жана коопсуздугун камсыздоо;

• Студенттерди каттоо иштерин жүргүзүү, сабактарга байланыштуу иштердин жүргүзүү жана сактоо;

• Диплом, студенттик билет, стипендия, бүтүрүүчүлөргө көзөмөл жүргүзүү боюнча иштерди аткаруу, аттестат жана дипломдун каттоолорун жүргүзүү жана каттоолорду сактоо;

• Эркек студенттердин аскердик кызмат өтөө иштерин жүргүзүү;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Кадрлар башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык аткаруу;

• Университеттин адам ресурстарына болгон керектөөлөрүн камсыздоо үчүн пландарды иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу иш-чараларын уюштуруу;

• Университетте академиялык жана административдик кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо, өздүк делолору жана пенсиялык камсыздоосуна байланыштуу иш-чараларды уюштуруу;

• Административдик кызматкерлерге квалификациясын жогорулатуу курстарын уюштуруу жана ишке ашыруу;

• Биринчи жолу ишке алына турган, башка уюм жана мекемелерден которулуу жолу менен дайындалган жана туруктуу иштей турган ар бир баскычтагы кызматкерге тийиштүү иштердин мыйзам, устав же нускамаларга ылайык иш жүргүзүлүшүн жана кызматкердин ишке баштоосун камсыздоо;

• Ай сайын келишим түзүлгөн кызматкерлердин ар бир ай ичинде аткарган иш-чараларын баалоо жана маалыматтардын улам жаңыланып туруусун камсыздоо;

• Катышкан жана/же жооптуу болгон иш-чаралардын сапатыны жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жөнгө салуу;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;

• Студенттерге жана кызматкерлерге дарылоо, ден соолукту чыңдоо боюнча кызмат көрсөтүү;

• Психологиялык кеңеш берүү кызмат көрсөтүүлөрүн толук аткарылышын камсыздоо;

• Студенттердин жана кызматкерлердин турак-жай жана тамактанууга болгон керектөөлөрүн камсыздоо;

• Студенттердин жана кызматкерлердин спорттук, маданий жана социалдык керектөөлөрүн камсыздоо үчүн керектүү иш-чараларды уюштуруу;

• Тийиштүү түзүмдөр менен бирге кызматкерлердин турак-жайын жана конок үйлөрүн үзгүлтүксүз иштетүү;

• Спорттук аянтчаларды иштетүү жана тейлөө;

• Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;

• Отчеттук жылдан кийинки 2 жылдын бюджеттик болжолдоосун камтыган административдик бюджетти стратегиялык план жана жыл ичинде аткарылган иштердин натыйжалулугу жөнүндө программага ылайык даярдоо жана административдик иш-чаралардын коюлган талаптарга ылайык келгендигин талдоо жана баалоо;

• Университеттин ченемдик-укуктук документтерге ылайык аныкталган бюджеттик принцип жана негиздеринин чектеринде чыгымдар тууралуу деталдуу программаны даярдоо жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө талабын эске алуу менен төлөмдөрдүн тийиштүү түзүмдөргө жөнөтүлүшүн камсыздоо;

• Бюджеттик эсептерди уюштуруу, бюджеттик каражаттарды колдонуу жыйынтыктары боюнча маалыматтарды топтоо, баалоо жана акыркы бюджеттик эсеп менен финансылык статистикалык маалыматтарды даярдоо;

• Университеттин ченемдик-укуктук документтеринин чектеринде кирешелерди эсептөө, киреше жана аласалардын түшүшүн көзөмөлдөө жана жыйноо иштерин жүргүзүү;

• Бюджеттик каражаттарды пайдаланган түзүмдөрдүн отчетторун эске алуу менен административдик иш-чаралардын отчетун түзүү;

• Университеттин башка администрациялар менен болгон финансылык иштерди жүргүзүү жана жыйынтыктоо,

• Финансылык мыйзамдарга байланыштуу башка мыйзамдардын жүзөгө ашырылышы тууралуу жетекчиликке жана финансы иштери боюнча жооптууларга керектүү маалымат жана кеңеш берүү;

• Ишке байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Курулуш иштери башкармалыгы**

• Башкармалыктар үчүн аныкталган милдет жана жоопкерчиликтерди университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык аткаруу;

• Имаратты куруу, система орнотуу жана курулуш материалдарына байланыштуу технологиялык өнүгүүлөрдү байкоо жана жөнгө салуу;

• Университеттин имараттарын куруу жана системаларын орнотуу боюнча стандарттарды жана негиздерди аныктоо;

• Жаңы курула турган имарат/объекттердин технологиялык өнүгүүлөргө ылайык планын

жана долбоорлорун иштеп чыгуу, имараттарды куруу жана оңдоо боюнча долбоорго ылайык келген санда жана сапатта курулуш материалдары менен камсыз кылуу жана алардын колдонулушун камсыздоо;

• Имарат/объекттерди оңдоо жана куруу иштеринин план жана долбоорго ылайык жүргүзүлүшүн камсыздоо;

• Кыймылсыз мүлктөрдүн эсебин жүргүзүү жана төлөмдөрдүн тиешелүү мамлекеттик уюмдарга өз убактысында, туура жана так төлөнүшүн камсыздоо;

• Жаңы имараттарга байланыштуу архитектура, электр энергиясы, механика, вентиляция, канализация жана айлана-чөйрөнү жакшыртуу боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;

• Тендердин алдындагы техникалык шарттар, тендердик документтер, атайын административдик шарттар, сметалар, келишимдин долбоорлору ж.б. документтердин тендер өткөрүү жана сатып алуулар жөнүндө нускамага ылайык экендигин бекитүү;

• Университеттин сырттагы фирмаларга жасаткан курулуш иштери жүргүзүлгөн учурда кабыл алуу, акыркы эсептөөлөрдү жүргүзүү жана акыркы кабыл алуу иштерин өз убактысында жана туура аткарылышын камсыздоо;

• Подрядчик фирмаларга тендер аркылуу курдурулган имараттарга байланыштуу төлөмдөрдүн жоболорго ылайык төлөнүшүн камсыздоо;

• Подрядчик фирмалар тарабынан жүргүзүлгөн курулуш иштери долбоор жана келишимге ылайык толук аткарылганда, кепилдик катынын кайтарып берилишине макулдук берүү жана келишимдин аякташы боюнча процедуралардын ишке ашырылышын камсыздоо;

• Тендердик комиссияга катышуу;

• Катышкан жана/же жооптуу болгон иш-чаралардын сапатыны жогорулатуу сунуштарды иштеп чыгуу жөнгө салуу;

• Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу

### 5.8 Система, ченемдик-укуктук документтер менен башкарууну жакшыртуу жана өнүктүрүү

#### Система

Университет салттуу башкаруу системасынан стратегиялык башкаруу системасына өттү. Мунун негизинде 2011-2015-жылдарды камтыган стратегиялык план иштелип чыгып, Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилип, иш жүзүнө киргизилген. Мындан кийин 2017-2021-жылдарды камтыган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин стратегиялык планы даярдалып Камкорчулар кеңешинин 2016-жылдын 19-декабрындагы 2016-01-номерлүү жыйынында бекитилген. Академиялык багытта жаңыча башкарууга бардык кызматкерлердин активдүү катышуусун камсыз кылуу жана жакшы натыйжаларга жетишүү максатында КТМУнун кеңеши жана комитеттери кайрадан түзүлүп, календардык план боюнча пландуу иштөө иш-аракеттери ишке ашырыла баштаган. Ушуну менен катар университетти эл аралык деңгээлде таанытуу жана биргелешип иш алпаруу максатында Болондук процесс менен бирге эле аймактык жана ааламдашуу маселелерине өзгөчө маани берилген.

## Ченемдик-укуктук документтер

Структуралык башкаруу жана стратегиялык пландоо системасынын негизинде университетти натыйжалуу башкаруу, стратегиялык планда белгиленген максаттарга аз убакытта жетүү, максатга ылайык иш-чараларды жүргүзүү үчүн университетти куруу боюнча келишимди жаңыртуу, буга караштуу уставдын даярдалышына жетишээрлик деңгээлде көмөк көрсөткөн алгачкы жылдарда даярдалган нускама жана жоболорду азыркы учурдун талабына ылайык жана өнүктүрүү муктаждыгынан улам бул багытта иш-чаралар башталып, аныкталган жаңы миссия, концепция жана максаттарга багытталган жаңы структуралык түзүлүш үчүн муктаж болгон жаңы нускама, жобо жана негиздер даярдалып, "ченемдик-укуктук документтер" аталышында веб баракчага (http://manas.edu.kg/index.php/tr/ktmu-emevzuat) жалпы колдонууга коюлган. Университеттин максаты жана концепциясы менен шайкеш келген ураан (лозунг) иштелип чыгып, жыйынтыгында "Келечек колубузда..." деген ураан кабыл алынган.

**61-таблица. 2019-жылы күчүнө кирген нускама жана жоболор**

| Нускама жана жоболордун аталышы | Чечимдер |
|---|---|
| КТМУнун мүмкүнчүлүгү чектелген студенттерди колдоо бюросу жөнүндө жобосу | Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 20-июндагы 2019-10.50 номерлүү чечими |
| КТМУнун академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускамасын колдонуу жөнүндө жобосу | Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 02-июлдагы 2019-11.58 (а) номерлүү чечими |
| КТМУнун академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускамасы | Камкорчулар кеңешинин 2019-жылдын 17-июлдагы 2019-01.8 (а) номерлүү чечими |
| КТМУнун студенттин сабакка катышып-катышпаганын электрондук көзөмөлдөө системасы | Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 05-ноябрдагы 2019-19.83 номерлүү чечими |
| КТМУнун Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин доценттин милдетин аткаруучу, доцент, профессор наамын берүү жана аларды дайындоо боюнча нускамасы | Башкаруу кеңешинин 2019-жылдын 11-декабрындагы 2019-30.220 номерлүү чечими |

Булак: Башкы катчылык (декабрь, 2019)

Өз аймагында биринчиликтерди колдон чыгарбаган "Манас" университети Түрк стандарттары институтунун İSO 9001 Сапатты башкаруу документине ылайык ишмердүүлүгүн улантып келет. Түрк стандарттары институту (ТСИ) менен университетибиз арасында жүргүзүлгөн сапатты башкаруу системасы боюнча долбоордун алкагында İSO 9001 желеги көктө желбиреп келет.






## 6. Башкаруу жана каржылык текшерүү системасы

Университеттин административдик структурасы: башкаруу органдары-Ректор, Биринчи проректор, Окумуштуулар кеңеши жана университеттин Башкаруу кеңешинен турат. Мындан сырткары проректорлор жана административдик бөлүмдөрдү жетектеген башкы катчылык да башкаруу штатына кирет.

Университетте каржылык башкаруу иштеринде каржылык тартип, эсептик отчет жана ачык-айкындык өкүм сүргөн экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу максатында каржылык булактар эффективдүү колдонулуп келет. Каржылык башкаруу жана бюджеттик процесстерди жакшыртуу иштеринин алкагында № 5018 Коомдук каржылык көзөмөл жана тескөө тууралуу мыйзамына жана Кыргызстандын базар жана каржылык түзүлүшүнө ылайыкташтырылып иштелип чыккан.

Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы бөлүмдөрүнүн иштөө усулдары жана негиздери тууралуу нускамасына ылайык Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгына караштуу ички финансылык түзүлүш иштеп келет. Бирок университеттин өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу анын Уставына ылайык Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгына караштуу Бюджет жана бухгалтерия мүдүрлүгү түзүлгөн.

Каржылык көзөмөл; коомдук булактардын белгиленген максаттарына байланыштуу тиешелүү мыйзам менен белгиленген эрежелерге ылайык эффективдүү, экономикалык жана натыйжалуу түрдө колдонулушун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн көзөмөл системасы менен структуралык түзүлүш, усул жана процесстер. Сарптоолордон жооптуу бөлүм: административдик бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды сарптоо укугуна ээ болгон бөлүмдү билдирет. Университетте бюджеттен бөлүнүп берилген ар бир каражатты сарптоо укугуна ээ болгон киши бул Ректор, ал эми эң жогорку жетекчи органы Камкорчулар кеңеши болуп эсептелет.

Университетти сырттан көзөмөлдөө иши Текшерүү комиссиясы тарабынан ишке ашырылат. Уставга ылайык бул комиссиянын ишин эки өлкөнүн 4 мүчөсүнөн турган 8 киши алып барат.





# II. НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА ПРИОРИТЕТТЕР

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин окуу-тарбия, изилдөө жана коомго кызмат көрсөтүү иш-аракеттери төмөнкү саясаттардын негизинде жүргүзүлөт:

Университетти башкарууда өз салымын кошуу жана биргелешип өнүгүүнү колдоо;

Учурдун жана келечектин талабы болгон кесиптик орто билим (2 жылдык), бакалавр (4 жылдык) жана ЖОЖдон кийинки билим берүү (магистратура, докторантура) программаларын түзүү жана бул программалардын актуалдуулугун арттыруу жаатында иш-чараларды жүргүзүү;

Илимий-изилдөөгө багытталган билим берүү методдорун колдонуу;

Билим берүүдө, биринчи кезекте Европалык шериктештиктин жогорку билим берүү платформасына таасирдүү, динамикалуу жана жигердүү катышып, абройлуу жана мартабалуу орунга ээ болуу;

Университетте жана сырткы мекемелерде улуттук жана эл аралык деңгээлде өткөрүлгөн илимий-изилдөөлөргө колдоо көрсөтүү; илимий-изилдөө иш-чараларында университет-өндүрүш-мекеме-уюм ортосундагы кызматташтыктарга маани берүү; технологиялык инновацияларды өнүктүрүү аймагын түзүү, учурда иш алып барып жаткан технологиялык инновацияларды өнүктүрүү борборун бул аймак менен бириктирип, улуттук өндүрүшкө илимий жана технологиялык инновацияларды киргизүүнү тездетүү;

Студенттердин социалдык, маданий, чыгармачылык жана спорттук жактан өнүгүүлөрүнө өбөлгө боло турган университеттин окуу программалары менен бирге эле эле үзгүлтүксүз, дистанттык билим берүү жолдору менен да коом жана аркыл мекеме-уюмдарга багытталган сертификат ыйгарылган окуу курстарын уюштуруу. Айрыкча коомчулук үчүн конференция, семинар ж.б.у.с. иш-чараларды уюштуруу менен коом жана университеттин ортосунда натыйжалуу байланыштардын түзүлүшү үчүн данакер болуу. Университеттин бүтүрүүчүлөрү жана ошондой эле көмөктөш (кызыктар) тараптар менен болгон кызматташтык мамилелерин мүмкүн болушунча натыйжалуу жана жигердүү деңгээлге жеткирүү. Университеттеги кызматкерлердин квалификацияларын жогорулатууда көмөк көрсөтүү, мотивациялоо жана иш ордуна болгон канааттануусун арттыруу;

Өмүр бою билим алуу, инсанга багытталган окутуу жана билим берүүдөгү ийкемдүүлүк.



# III. ИШ-ЧАРАЛАРГА БАЙЛАНЫШТУУ МААЛЫМАТТАР ЖАНА БААЛООЛОР

## А) Каржы иштери боюнча маалыматтар

### 1. Бюджетти ишке ашыруунун жыйынтыктары

Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы тарабынан иштелип чыккан университеттин 2019-жылдын бюджетин аткаруунун жыйынтыктары менен негизги каржылык таблицаларга байланыштуу түшүндүрмөлөр жана каржы иштеринин жыйынтыктары төмөндө кеңири көрсөтүлгөн.

Таблицада көрсөтүлгөн сандар АКШ доллары менен берилген.

**1.1. Бюджеттин кирешелери:** Университеттин бюджети 2019-жылы 25 382 719,12 долларга жетти. Жылдын аягында ишке ашырылган бюджеттик чыгымдар 17 818 684,93 долларды түздү.


2019-жылга карата университеттин бюджети Түркия Республикасынын Өкмөтү кошкон салым жана башка кирешелер менен биригип 21 106 000 АКШ долларын түзөт деп болжолдонгон. Жыл ичиндеги жалпы кирешенин 25,17 %ын түзгөн 6 388 486 АКШ доллары өлчөмүндөгү бюджеттик кирешени, 72,50 %ды түзгөн 18 402 335 01 АКШ долларын өлчөмүндөгү Түркия Республикасынын Өкмөтү кошкон салымды жана 2,33%га туура келген башка кирешелерди кошкондо жалпы 25 382 719,12 АКШ доллары өлчөмүндө акча түшкөн.

**62-таблица. Бюджеттин киреше бөлүгү**

| | 2019-ж. бюджеттин сметасы | Ишке ашыруу | Ишке ашырылгандардын көлөмү (%) |
|---|---|---|---|
| Каржы кирешелери | 5188036,00 | 6388486,41 | 123,14 % |
| ТР Өкмөтүнүн кошкон салымы | 15888056,00 | 18402335,01 | 115,82 % |
| Башка кирешелер | 29908,00 | 591898 | 1979,06 % |
| **Жалпы** | 21106000,00 | 25382719,42 | 120,26 % |

Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

**12-график. Бюджеттин киреше бөлүгү**




**1.2. Бюджеттик чыгымдар:** 2019-жылга карата бөлүнгөн 21 106 000 АКШ долларынын ичинен Кыргыз-Түрк "Манас" университети жыл ичинде 17 818 684 93 АКШ доллары өлчөмүндө сарптоо жүргүзгөн.

Университетибиз 2019-жылдагы бюджеттин 59,08 %ын эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдарга, 10,54 %ын социалдык фонддун төлөмдөрүнө, 14,97 %ын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга, 1,71 %ын акча которууларга жана 13,70 %ын капиталдык чыгымдарга бөлгөн.


**63-таблица. Бюджеттин чыгаша бөлүгү**

| | Бюджеттик төлөмдөрдүн бөлүштүрүлүшү ($) | Сарптоолор ($) | Колдонуу көлөмү (%) | Калганы ($) |
|---|---|---|---|---|
| 01-Эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар | 12469100,00 | 12244898,17 | 98,20 % | 224201,83 |
| 02-Социалдык фондго төлөмдөр | 2225300,00 | 2158931,94 | 97,02 % | 66368,06 |
| 03-Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар | 3159170,00 | 2771420,35 | 87,73 % | 387749,65 |
| 05- Акча которуулар | 360000,00 | 314552,28 | 87,38 % | 45447,72 |
| 06-Капиталдык чыгымдар | 2892430,00 | 328882,19 | 11,37 % | 2563547,81 |
| **Жалпы** | **21106000,00** | **17818684,93** | **84,42 %** | **3287315,07** |

Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

2019-жыл үчүн Кыргыз-Түрк "Манас" университетине бөлүнгөн финансылык булактарды колдонуунун пайыздык катышына көңүл бура турган болсок, эмгек акы төлөөгө бөлүнгөн чыгымдардын 98,20 %ы, социалдык фонддорго бөлүнгөн төлөмдөрдүн 97,02%ы, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар боюнча 87,73%ы, капиталдык чыгымдардын 11,37 %ы сарпталган.

**13-график. 2019-жылдагы экономикалык классификацияга карата баштапкы бюджеттик төлөмдөр**




Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин акыркы 3 жылдагы сарптоолорун салыштыра турган болсок, 2019-жылдын аягындагы жалпы сарптоолор 2017-жыл менен салыштырганда 11,78 %га жана 2018-жыл менен салыштырганда 1,15%га азайганы байкалган.

Жылдын акырына карата биздин университеттин жалпы чыгымдарынын 34,32%ын жалпы башкаруу кызматтарына кеткен чыгымдар жана 65,68%ын билим берүү жана окуу тарбия иштерине кеткен чыгымдар түзөөрүн көрүүгө болот.

**64-таблица. 2017-2019 -жж. карата университеттин чыгашалары**

| | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|
| Жалпы башкаруу кызматтары жана инвестициялар | 8512875,43 | 6323691,80 | 6115778,68 |
| Билим берүү кызматтары | 11684361,59 | 11702265,69 | 11702906,25 |
| **Жалпы сумма** | 20197237,02 | 18025957,49 | 17818684,93 |


Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

**65-таблица. Чыгашалардын % менен бөлүштүрүлүшү**

| | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|
| Жалпы башкаруу кызматтары жана инвестициялар | 42,14 | 35,08 | 34,32 |
| Билим берүү кызматтары | 57,86 | 64,92 | 65,68 |
| **Жалпы сумма** | 100 | 100 | 100 |

Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

### 14-график. 2018-2019-жж. карата чыгымдардын бөлүштүрүлүшү





Университеттин чыгымдарын жалпы түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшүнө көңүл бөлө турган болсок, эң жогорку көрсөткүч факультеттерге таандык, башкача айтканда 42,55%га жакын болгон. Андан соң административдик түзүмдөрдүн үлүшү 43,54% ды, жогорку мектеп жана кесиптик жогорку мектептердин үлүшү 22,11%ды түзгөн.

**66-таблица. Чыгымдардын административдик негизде бөлүштүрүлүшү**

| | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|
| Факультеттер | 7580646,30 | 7708654,60 | 7582299,72 |
| Институттар | 128143,70 | 147071,14 | 142538,70 |
| Жогорку мектеп//кесиптик жогорку мектеп | 3975571,59 | 3846539,95 | 3939925,95 |
| Административдик түзүлүштөрдүн | 8512875,43 | 6323691,80 | 6153920,56 |
| **Жалпы** | **20197237,02** | **18025957,49** | **17818684,93** |


### 15-график. 2019-жылдагы чыгымдардын административдик негизде бөлүштүрүлүшү



**67-таблица. 2019-жылдагы факультеттерде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

| Факультеттердин аталышы | Күнүмдүк | Акча которуулар | Капитал | Факультеттеги сарптоолордун суммасы |
|---|---|---|---|---|
| Инженерия | 1003072,29 | 19507,08 | 0,00 | 1022579,37 |
| Гуманитардык | 1794280,87 | 53569,32 | 0,00 | 1847850,19 |
| Экономика жана башкаруу | 915585,50 | 43246,71 | 376,01 | 959208,22 |
| Теология | 514001,41 | 9204,21 | 0,00 | 523205,62 |
| Коммуникация | 776280,54 | 31497,65 | 0,00 | 807778,19 |
| Табигый илимдер | 662536,62 | 12761,08 | 0,00 | 675297,70 |
| Айыл чарба | 418186,89 | 5078,95 | 89,91 | 423355,75 |
| Ветеринария | 586394,54 | 3505,86 | 0,00 | 589900,40 |
| Көркөм өнөр | 720710,16 | 11809,18 | 604,94 | 733124,28 |
| **Жалпы сумма** | 7391048,82 | 190180,04 | 1070,86 | 7582299,72 |

**16-график. 2019-жылдагы факультеттерде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**




Факультеттерге жумшалган чыгымдар боюнча биринчи орунда гуманитардык факультет (24,37 %), экинчи орунда инженерия факультети (13,49 %) , үчүнчү орунда экономика жана башкаруу факультети (12,65 %) турат.


**68-таблица. 2019-жылдагы жогорку мектептерде//кесиптик жогорку мектебинде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

| Аталышы | Күнүмдүк | Акча которуулар | Капитал | Факультеттеги сарптоолордун суммасы |
|---|---|---|---|---|
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 450001,93 | 25983,20 | 0,00 | 475985,13 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2418117,26 | 35276,03 | 0,00 | 2453393,29 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 544363,45 | 5338,35 | 0,00 | 549701,80 |
| Кесиптик жогорку мектеп | 448108,41 | 12484,73 | 252,59 | 460845,73 |
| **Жалпы сумма** | 3860591,05 | 79082,31 | 252,59 | 3939925,95 |

Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

**17-график. 2019-жылдагы жогорку мектептерде//кесиптик жогорку мектебинде сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

Жогорку мектептерге жумшалган чыгымдар боюнча биринчи орунда чет тилдер жогорку мектеби (62,27 %), экинчи орунда дене тарбия жана спорт жогорку мектеби (13,95 %), үчүнчү орунда туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби (12, 08 %) турат.





**69-таблица. 2019-жылдагы институттарда сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

| Аталышы | Күнүмдүк | Акча которуулар | Капитал | Факультеттеги сарптоолордун суммасы |
|---|---|---|---|---|
| Табигый илимдер | 28866,50 | 16314,64 | 0 | 45181,14 |
| Коомдук илимдер | 68382,27 | 28975,29 | 0 | 97357,56 |
| **Жалпы сумма** | 97248,77 | 45289,93 | 0 | 142538,70 |

Булак: Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы

**18-график. 2019-жылдагы институттарда сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

Институттарга жумшалган чыгымдар боюнча биринчи орунда коомдук илимдер институту (68,30 %), экинчи орунда табигый илимдер институту (31,70 %) турат.




**70-таблица. 2019-жылдагы административдик түзүмдөрдө сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**

| Аталышы | Күнүмдүк | Капитал | Административдик сарптоолорунун суммасы |
|---|---|---|---|
| Ректораттын катчылыгы | 818825,45 | 403,74 | 819229,19 |
| Башкы катчылык | 308597,06 | 0,00 | 308597,06 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 185914,48 | 0,00 | 185914,48 |
| Кадрлар башкармалыгы | 161425,65 | 0,00 | 161425,65 |
| Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы | 317492,57 | 0,00 | 317492,57 |
| Маалыматтык-техникалык иштерди камсыздоо башкармалыгы | 1522919,99 | 96881,55 | 1619801,54 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Китепкана жана иш-кагаздар башкармалыгы | 149094,80 | 368,65 | 149463,45 |
| Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 905865,52 | 0,00 | 905865,52 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 1017453,33 | 222295,99 | 1239749,32 |
| Анкара байланыш бюросу | 184819,58 | 0,00 | 184819,58 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 216302,75 | 7117,57 | 223420,32 |
| Студент тандоо жана жайгаштыруу борбору | 37650,64 | 491,24 | 38141,88 |
| **Жалпы сумма** | 5826361,82 | 327558,74 | 6153920,56 |

**19-график. 2019-жылдагы административдик түзүлүштөрдө сарптоолордун бөлүштүрүлүшү**




2019-жылдагы административдик түзүмдөрдүн сарптоолору боюнча 26,32% менен Сервистерди тейлөө башкармалыгы биринчи орунда, 26,15 % менен Курулуш иштери башкармалыгы экинчи орунда, 14,72% менен Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы үчүнчү орунда болгон.

## 2. Негизги финансылык таблицага карата түшүндүрмөлөр

Университеттин бардык финансылык маселелери жана операциялар Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы тарабынан каралып, ишке ашырылат. Төлөм буйрутмасы жана бухгалтердик операциялардын квитанциялары технологиянын жана улам өнүктүрүлүп жаткан программалык камсыздоонун жардамы менен көзөмөлдөнөт. Күнүмдүк отчеттор менен транзакциялар байкоого алынат. 2017-жылы sgb.net системасы аркылуу университетти башкаруунун маалыматтык системасы түзүлүп, бардык маалыматты бир системага бириктирүү менен күн тартибиндеги маселер менен таанышуу жана маалыматтык анализ жүргүзүү, иш планын түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ электрондук маалымат ситемасы менен бирге 19 модулдуу электрондук университет болуу багытында аракеттенип келатат.



**Уюмдук түзүмү sgb.net**

•Бөлүм ачуу, жабуу иш-аракеттери •Функционалдык милдеттер •Бөлүмдөрдө жооптуу кызматтык орундарга дайындоо •Жооптуу кызматтарга жараша программалык камсыздоону аныктоо •Структуралык түзүмдүн схемасын түзүү

**Стратегиялык план sgb.net**

•Миссия •Милдет •Тема •Стратегиялык максат •Стратегиялык милдет •Электрондук бюджеттин интеграциясы •Ар бир бөлүм үчүн өзүнүн стратегиялык планын (СП) түзө билүү мүмкүнчүлүгү шартталган. (Бул мекеменин базасында түзүмдөр өздөрүнүн стратегиялык планын түзө билүүсү үчүн) •SWOT-анализ •Өнөктөштөрдүн анкетасы •Түзүмдөрдүн стратегиялык пландарын бир баскыч жогору турган инстанция тарабынан бекитүү

**Операциялык план sgb.net**

•Университеттин структуралык түзүмүндөгү ар бир бөлүмдүн кызматтык милдет жана жоопкерчиликтерин бөлүштүрүү •Милдет ж-а жоопкерчиликтерди кызматкердин жетишкендиктери боюнча программага жана кызматкерге ылайыкташтыруу•Жоопкерч иликтердин негизинде иш көрсөткүчүн аныктоо

**Иш планын көзөмөлдөө epis.net**

•Жогорку структуралык түзүмдөрдүн бир жылдык иш планын түзүү •Жогорку структуралардын бир жылдык иш планынын айлар боюнча бөлүштүрүлүшү •Жогорку структуралык түзүмдөрдүн бир жылдык иш аракетинин 1 айлык жана 6 айлык мөөнөткө жараша көзөмөлдөнүшү жана отчет түзүлүшү •Карамагындагы майда түзүмдөрдүн бир жылдык иш планын түзүү •Карамагындагы майда түзүмдөрдүн бир жылдык иш планынын айлар боюнча бөлүштүрүлүшү •Карамагындагы майда түзүмдөрдүн бир жылдык иш аракетинин 1 айлык жана 6 айлык мөөнөткө жараша көзөмөлдөнүшү жана отчет түзүлүшү •Görev.net (Тапшырмаларды активдүү башкаруу) системасы менен интеграциялашуу •Өнүгүү планы сыяктуу бир нече түзүмдүн иш жүргүзүү планына көз салуу •Мобилдүү отчет түзүү

**Тапшырмаларды башкаруу gorev.net**

•Уюмдук схемага ылайык кызматтык милдеттердин иерархиясы •Күнүмдүк тапшырмаларды киргизүү жана дайындоолор •Кызматкердин жеке өзүнө күнүмдүк тапшырмаларды берүү мүмкүнчүлүгү •Берилген тапшырмаларга карата киргизилген өзгөртүүлөрдү иерархиялык түрдө электрондук почта аркылуу жетекчилерге маалымат берүүсү •Тапшырмаларга папка/сүрөт кошо тиркөө мүмкүнчүлүгү •Жетекчилик жыйыны •Мобилдик колдонмо аркылуу отчет түзүү жана тапшырма берүү аракетин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү(Планшет/Мобилдик телефон) •Иш планы менен айкалыштыруу

**Бюджетти даярдоо sgb.net**

•Түзүмдөрдөн бюджетке болгон суроо-талаптарды тактоо •Бюджеттик чек (Экономикалык коддун 1-деңгээли, сектор жана түзүмдүн деңгээлинде чектөөгө кирүү) •Түзүмдөрдүн экономикалык жаатта 1-баскычта болгон, долбоорлорго карата чектин киргизилиши •Долбоор жетекчилеринин чекке ылайык толук бюджетти жана кошумча акча которууларды киргизиши •Киргизилген цифраларга жана кошумча акча бөлүүлөргө жараша бухгалтерия бөлүмү жүргүзүлгөн сүйлөшүүлөргө жараша жаңы чектерди киргизүү •Долбоор жетекчилеринин жаңы чектөөлөргө жараша бюджет жана кошумча ассигнование киргизүүсү •Инвестиция б-ча бюджеттин долбоорун, кошумча долбоорлорду жана алардын булактарын аныктоо •Долбоорлонгон кредит жана гранттарга көзөмөл жүргүзүү •Чыгашалар боюнча бюджет •Каржылоо боюнча көрсөткүчтөр •Жыл аягына карата болжолдуу бюджет •Бюджетти даярдоо справочнигиндеги таблицалардан маалыматтарды алуу жана отчет даярдоо

**Жетишкендиктер үчүн бюджет бөлүштүрүү sgb.net**

•Жетишкендиктер боюнча алдыга коюлган максаттар •Жетишкендиктердин көрсөткүчүндөгү алдыга койгон баалар •Уюмдун иш-аракетин, жалпы башкаруу чыгымдарын, акча которууларды аныктоо жана бул аныктоолор б-ча алдыга койгон жетишкендиктерге карай N жана N ортосундагы байланышын түзүү •Электрондук бюджет менен интеграциялашуу •Бюджеттик схемага кошулган 5-өлчөм менен бюджет, төлөм жана инвестиция программасы менен байланыш түзүү

**Бюджетти колдонуу sgb.net**

•Чыгашалар планына аймактык чектөө киргизүү •Аймактар киргизилген чектөөлөрдү райондорго таратуу •Толук чыгашалар планын киргизүү •Толук чыгашалар планына жараша түзүмдүн ичинде чыгашалар планын түзүү •Чыгашалар планына ылайык акча бөлүштүрүүнү ишке ашыруу •Чыгашалар планына жараша бюджетти жүзөгө ашыруу (Долбоордун каражаты да көзөмөлдө болот)•Ассигнование жана ижарага болгон талаптар •Ассигнование жана ижара б-ча иш аркеттер •Электрондук бюджет менен интеграциялашуу •Жыл ичиндеги бюджеттик операциялардын чыгаша планы колдонулса чыгаша планына жараша, колдонулбаса толук чыгышалар планына ылайык жүрүзүлүшү

**Чыгашаларды башкаруу sgb.net**

•Бухгалтериядагы бирдиктүү эсеп системасы •Сатып алуу зарылчылыгы б-ча бланк •Абонементтик талап кылган төлөмдөр •Мамлекеттик сатып алуулар •Аванс менен алынган операциялар •Түрдүү төлөмдөр ведомосттор •Бардык жол кирелер б-ча операциялар •Айлык маяна б-ча ведомосттар •Болжолдуу наркы (Фирма жана TÜFE менен) •Финансылык операцияларга жетекчинин берген макулдук каты •Рыноктогу бааны изилдөө б-ча протокол •Тендерди өткөрүү процессине баа берүү жана жыйынтык кагаздары Инвентарлардын интеграциясы жана TİF даярдоо •Бухгалтердик интеграция ж-а төлөм жүргүзүү •Төлөмдөрдүн жүргүзүлүшүнө көз салуу •Счет-фактураларга көзөмөлдүк кылуу •Салык кызматы менен электрондук төлөмдөр б-ча интеграция •Түрдүү мекемелер менен болгон счет-фактура, квитанцияларды бириктирүү •Халкбанк жана Вакыфбанк менен алпарган иштерди бириктирүү(Чектердин номери, эсеп-кысап иштери) •Борбордук банк менен алпарган иштерди бириктирүү •Салыкка болгон карызды билүү (Салык маселесиндеги иштерди бириктирүү) •Мамлекеттик алым жана кошумча нарк салыгы, төлөмдөр менен интеграция •Милдеттендирме карточкасы •Mernis жана дарек сервиси менен интеграция •Кепилдик каттарына көз салуу жана бухгалтерия менен интеграция

**Бухгалтерия sgb.net**

•Валюталар аркылуу жүргүзүлгөн операциялар •Милдеттенмелерге көз салуу •Камсыздоо иштерин көзөмөлдөө •Төмөнкү эсептин негизинде операция жүргүзүү мүмкүнчүлүгү •Тийиштүү операциялар •Валюталарды алмаштыруудагы курстардын айырмачылыгы боюнча иш-аракеттер •Салык кызматы менен интеграция (мам пошлина, кошумча нарк салыгы,ж.б.) •Мекеменин бюджети м-н интеграциялашып иш алпаруу •Мекемени тейлеген банктар менен онлайн интеграция •Кассалык операциялар •SGB.net модулдары менен интеграция

**Кыймылдуу мүлк башкаруу taşınır.net**

•Складга келген ар бир материалга карата каттоо, каттоодон чыгаруу, башка жакка которуу сыяктуу операцияларды жасоо (Китепкана жана музейдеги операциялар биргеликте) •Кыймылдуу мүлккө жеке номер берүү •Атайын кишиге жана түзүмгө каттоо иш-аракети •RFID интеграциясы, посттордогу текшерүүлөр •TIFтен төлөм жүргүзүү буйругун алуу •Кыймылдуу мүлккө болгон зарылчылык тууралуу документ •Суроо-талапты орундатуу •Талаптан ашыкча болгон инвентарлар (келиши жана суроо-талабы) •Амортизатор б-ча иштер жана амортизатор MİFти өндүрүү

**Резервдик башкаруу taşınır.net**

•Инвентарлардын интеграциясы •Инвентардык карточка •Кепилдик жана оңдоп-түзөө боюнча келишимдер •RFID инвентарларга көзөмөлдүк кылуу •Кыймылдуу мүлк боюнча жобого ылайык амортизация б-ча жана бухгалтердик операциялар

**Кирешелер sgb.net**

•Накталай акча, кредиттик карточка боюнча чогултуулар, квитанция жана кабыл алуулар •Кассалык операциялар •Бухгалтердин кассалык операциялары •Квитанция толтуруу •Кириш документтерин башкаруу

**Кызматкерлерди башкаруу sgb.net**

•Мекемедеги кадр маселеси боюнча иш-аракеттер •Жеке жана күбөлүктөр боюнча маалыматтар •Байланыш телефондору •Үй-бүлөсү тууралуу маалымат •Аскердик милдети тууралуу маалымат •Билим деңгээли •Чет тилин билүү деңгээли •Квалификация жогорулатуучу курстар •Эмгек өргүүсү жана уруксат алуулары тууралуу маалымат •Эмгек китепчеси, эмгек стажынын эсептелиши •Алган эскертүү жана сыйлыктар •Кызматкердин карточкалары •Кызматкердин эмгек акысы боюнча маалымат •Эмгек акыны эсептөө

**Толук эсеп sgb.net**

•Электрондук бюджетти бириктирүү менен такталган эсептик төлөмдөрдү кармап калуу •Киреше жана чыгаша жүргүзүү боюнча түшүндүрмөлөрдү киргизүү •Аккредитив б-ча эсептешүүлөрдү, артка кайтарылган, жокко чыгарылган төлөмдөрдү киргизүү •Таблица б-ча түшүндүрмөлөрдү киргизүү •Уюмдун финансылык абалы жана болжолдуу отчетторду киргизүү

**Электрондук документтерди башкаруу системасы sgb.net-edys**

•TSE-13298 Электрондук документтерди башкаруу стандартынын сертификаты •Электрондук жазышуу боюнча кеңеш берүү аркылуу бирдиктүү электрондук жазышуу пакетин түзүү (ЭЖП) •Кириш документтерин каттоо •Чыгыш документтерин каттоо •Документтерди бөлүштүрүү (кириш жана чыгыш документтери боюнча) •Электрондук кол тамга боюнча иш кагаздарын жүргүзүү •PTT KEP бириктирүү •TNB KEP бириктирүү •DETSIS бириктирүү (Учурда DTVT бириктирүү колдонулат) •Иштин жүрүшүн башкаруу аркылуу бириктирүү жана динамикалык түрлөрүн даярдоо •Е-почтаны бириктирүү (POP3, IMAP) •Факс жөнөтүү •Иш кагаздардын папкасын электрондук почта аркылуу жөнөтүү •Жеке жана уюмдук архивдик папкаларды түзүү •Кызматты активдүү башкарууга кошулуу •Документтерге жараша кызмат бөлүштүрүү

**Мекеменин "Булуттук (Cloud) башкаруусу"**

•Компьютердик, интернет жана мобилдүү платформалар •Папкаларды бөлүштүрүү, коддоо, чаптоо •Папкадагы файлдарды өз ара алмашуу •Версияларды текшерүү •

**Отчет түзүү системасы sgb.net**

•Бардык модулдар үчүн Excel add-in •Ички отчетту түзүү инструментине кошулуу •Оперативдүү DB боюнча отчет •Оперативдүү DB боюнча анализ •HTML, MS Word, MS Excel, PDF, RTF жана XML форматында отчетту кагазга басып чыгаруу •Интерактивдүү схема, графиктер •Тааныш колдонуучуларга электрондук почта аркылуу жөнөтүү •Колдонуучуларга динамикалуу таратуу тизмесин түзүү •Автоматтык түрдө мезгил-мезгили менен отчет түзүү •Отчетторду китепканада сактоо.

## 2.1. Экономикалык негизде бюджет чыгашаларын иштеп чыгуу


2019-жылдагы жалпы сарптоолорго көз жүгүртө турган болсок, жылдын аягында жалпы төлөмдөр 84,42%ды түзгөн. Эмгек акы төлөмдөрүндөгү сарптоолор 98,20%га, социалдык фонддорго төлөмдөр 97,02%га, товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар 87,73%га, акча которуулар 87,38%га, капиталдык чыгымдар 11,37%га аткарылган.

71-таблица. 2017-2019-жж. Баштапкы төлөмдөрдүн экономикалык классификацияга ылайык бөлүштүрүлүшү

| | 2017-жыл | 2018-жыл | 2019-жыл |
|---|---|---|---|
| 01-Эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар | 12960332,00 | 12408433,00 | 12469100,00 |
| 02-Социалдык фондго төлөмдөр | 2368298,00 | 2361333,00 | 2225300,00 |
| 03-Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар | 3994059,00 | 3004816,00 | 3159170,00 |
| 05-Акча которуулар | 346393,00 | 489081,00 | 360000,00 |
| 06-Капиталдык чыгымдар | 3268557,00 | 2652000,00 | 2892430,00 |
| **Жалпы сумма** | **22937639,00** | **20915663,00** | **21106000,00** |


**01-Эмгек акы төлөмдөрү:** 2019-жылы эмгек акы төлөмдөрүнө кете турган чыгым жылдын башында 12 469 100 00 АКШ доллары деп болжолдонсо, жыл соңу менен бул чыгым 12 244 898,17 АКШ долларын түзгөн. Тагыраак айтканда кызматкерлердин эмгек акысы үчүн бөлүнгөн акча каражатынын 98,20%ы сарпталган.

20-график. 2019-жылдагы ай сайын эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар





02- Социалдык фондго төлөмдөр: 2019-жылда социалдык фондго 2.225.300 АКШ доллары суммасында төлөм каралган, жылдын аягында бул төлөмдүн суммасы 2.158.931,94 АКШ долларын түзгөн. 2019-жылда социалдык фондго төлөмдөр үчүн бөлүнгөн сумманын 97.02%ы колдонулган.

**21-график. 2019-жылдагы ай сайын социалдык фондго төлөмдөр**





**03- Товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар:** 2019-жылы 3 159 170 АКШ доллары өлчөмүндө каралган, 2019-жылдын декабрь айынын аягына карата бөлүнгөн каражаттын 2 771 420,35 АКШ доллары сарпталган. 2019-жылы товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга бөлүнгөн акча каражатынын 87,73 %ы колдонулган.

**22-график. 2019-жылдагы ай сайын товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар**





**05-Акча которуулар:** 2019-жылы баштапкы ассигнование 360 000 АКШ доллары өлчөмүндө каралса, жылдын декабрь айынын аягы менен 314 552,28 АКШ доллары өлчөмүндө каражат сарпталган. Тагыраак айтканда, акча которууларга бөлүнгөн каражаттын 87,38 %ы сарпталган.

**23-график. 2019-жылдагы ай сайын акча которуулар**




**06- Капиталдык чыгымдар:** 2019-жылы 2 892,430 АКШ долларын бөлүп берүү каралган, ал эми 2019-жылдын декабрь айынын акырына карата чыгашалар 328 882,19 АКШ долларын түздү. 2019-жылы капиталдык чыгымдарга бөлүнгөн жалпы каражаттын болжол менен 11,37%ы пайдаланылган.


**24-график. 2019-жылдагы ай сайын капиталдык чыгымдар**





**2.2. Бюджеттин киреше бөлүгү тууралуу**

2019-жылдагы бюджеттин киреше бөлүгүнүн айлык өзгөрүүсү 68-таблицада кененирээк көрсөтүлгөн. Бюджеттик айлык кирешелеринин катарына Түркия Өкмөтүнүн салымы жана башка кирешелер (Ишкана жана мүлк кирешеси) статьясы кирет.

**25-график. 2019-жылда айлар боюнча алынган жардамдар, гранттар жана түшкөн кирешелер**




**26-график. 2019-жылда айлар боюнча менчик кирешелери**




### 2.3. Студенттик чыгымдар

Билим берүү ж ана окутууга жумшалган жалпы чыгымдардын негизинде бир студентке кеткен чыгым да эсептелген. Бир студентке кеткен чыгымдарды эсептөөдө, билим берүүчү түзүмдөрдүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн инвесторлор тарабынан ресурстарды колдонууга болбойт.

2019-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде факультеттер арасында бир студентке жумшалган эң жогорку сарптоо 5 634,76 АКШ долларын түзүп, Ветеринария факультетине таандык болду. Экинчи орун Теология факультетине таандык болуп, 3 846,56 АКШ долларын түздү. Ал эми эң аз сарптоо 1 581,49 АКШ долларын түзүп, Коммуникация факультетинде аныкталды.

**72-таблица. 2019-жылдагы факультеттердин студентерге жумшаган чыгымдары**

| Факультеттердин аталышы | Студенттердин саны | Күнүмдүк чыгымдар($) | Бир студентке туура келген чыгым ($) |
|---|---|---|---|
| Инженерия | 388 | 1022579,37 | 2635,51 |
| Гуманитардык | 791 | 1847850,19 | 2336,09 |
| Экономика жана башкаруу | 517 | 958832,21 | 1854,61 |
| Теология | 210 | 807778,19 | 3846,56 |
| Коммуникация | 427 | 675297,70 | 1581,49 |
| Табигый илимдер | 262 | 423265,84 | 1615,52 |
| Айыл чарба | 172 | 589900,40 | 3429,65 |
| Ветеринария | 130 | 732519,34 | 5634,76 |
| Көркөм өнөр | 253 | 523205,62 | 2068,01 |
| **Жалпы сумма** | **3150** | **7581228,86** | **2406,74** |

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде 2019-жыл ичинде институттардын ичинен жумшалган чыгымдар боюнча Коомдук илимдер институту биринчи орунда болгон. Аталган институтта студенттердин саны көп болгондугуна байланыштуу орточо чыгым 387,88 АКШ долларын түзгөн. Ал эми институттардагы бир студентке жумшалган орточо чыгымдын көлөмү боюнча Табигый илимдер институту биринчи орунда болгон.

**73-таблица. 2019-жылдагы институттардын студентерге жумшаган чыгымдары**

| Аталышы | Студенттердин саны | Күнүмдүк чыгымдар($) | Бир студентке туура келген чыгым ($) |
|---|---|---|---|
| Табигый илимдер | 88 | 45181,14 | 513,42 |
| Коомдук илимдер | 251 | 97357,56 | 387,88 |
| **Жалпы сумма** | **339** | **142538,70** | **420,47** |

"Манас" университетинде 2019-жыл ичинде жогорку мектептерге жумшалган чыгымдардын көбү чет тилдер жогорку мектебине туура келген. Ошол эле учурда бир студентке жумшалган чыгымдын көлөмү дене тарбия жана спорт жогорку мектебинде 4 469,12 АКШ долларын түзгөн. Ал эми эң төмөнкү чыгым туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебине туура келет, ал - 1 048,43 АКШ долларын түзөт.

**74-таблица. 2019-жылдагы жогорку мектептердин//кесиптик жогорку мектебинин студентерге жумшаган чыгымдары**

| Аталышы | Студенттердин саны | Күнүмдүк чыгымдар($) | Бир студентке туура келген чыгым ($) |
|---|---|---|---|
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 454 | 475985,13 | 1048,43 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 1405 | 2453393,29 | 1746,19 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 123 | 549701,80 | 4469,12 |
| Кесиптикжогорку мектеп | 429 | 460593,14 | 1073,64 |
| **Жалпы сумма** | **2411** | **3939673,36** | **1634,04** |

Биздин университеттин жалпы күнүмдүк чыгымдары 2019-жылга карата 17 489 802,72 долларды, ал эми жалпы 5900 студент болсо, бир студентке кеткен чыгым 2 964,37 АКШ долларын түзгөн. Бир студентке кеткен чыгымдын наркын эсептөөдө 2 жылдык кесиптик билим берүү, бакалавр, магистратура жана докторантура программаларында билим алган студенттердин санын эске алуу менен эсептелди.

### B) Жетишкендиктер боюнча маалымат

#### 1. Иш-чаралар тууралуу маалымат

Университет Кыргызстанда жана түрк дүйнөсүндө эл аралык марка болуу жана дүйнөлүк абройлуу университеттер арасында орун алу т.

Ошондой эле университет окутуучулардын башка мекемелер жана уюмдар тарабынан уюштурулган илимий жыйындарга, форумдарга жана көрсөтмөлөргө катышууларына колдоо көрсөтөт.

**75-таблица. Илимий иш-чаралар**

| Иш-чаранын түрү | 2018-2019 |
|---|---|
| Симпозиум, конгресс жана конференция | 9 |
| Семинар | 222 |
| Концерт / Көргөзмө | 29 |
| Панель | 4 |
| Web of Science Core Collection басылмалары (2019) | 89 |
| Китеп | 101 |
| "Web of Science"тан сырткары жарыяланган макалалар | 282 |
| Долбоор (2019) | 42 |
| Эл аралык деңгээлдеги баяндамалар | 306 |
| Улуттук деңгээлдеги баяндамалар | 96 |
| **Жалпы** | **1180** |



Инвестиция салуу максатында Кыргызстанга иш сапары менен келген түрк ишкерлери Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде болушту. 2019-жылдын 23-январында болгон иш сапарында Кыргызстандагы Түркиянын ардактуу консулу др. Мустафа Курт, Айыл чарба боюнча соода иштеринин башкы координатору Мохаммад Оздемир, түрк ишкерлери менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министри, Алматыдагы Кыргызстандын мурдагы консулу Алиясбек Алымкулов да болду.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн генерал-лейтенанты Калыйнур Усенбеков атындагы Аскер институту ортосунда кызматташуу протоколуна кол коюлду. Ректор проф., док. Себахаттин Балжы, биринчи проректор проф., док. Асылбек Кулмырзаев жана институттун директору полковник Руслан Шаршембиев тарабынан 2019-жылдын 24-январында Окумуштуулар кеңешинин жыйындар залында кол коюлган протоколго ылайык, маалыматтык технологиялар, англис жана математика тармактарында билим берүүнү өркүндөтүү боюнча кызматташуу жүргүзүлүүдө.



Түрк дүйнөсүнүн жана боордош элдердин маданий чөлкөмүндө иш алып барган Эл аралык Түрк маданияты уюму (TURKSOY) түрк дүйнөсүнүн маданиятын жана искусствосун дүйнөгө жайылтуу максатында Кыргызстанда иш алып барган ТҮРКСОЙ ыктыярчыларына колдоо көрсөтүп, 25 жылдык юбилейлик медалын тапшырды. К. Баялинов атындагы Республикалык балдар жана жаштар китепканасында ТҮРКСОЙдун түзүлгөндүгүнүн 25 жылдыгынын алкагында дүйнөгө белгилүү кыргыз жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун сүрөт альбомун, казакстандык атактуу акын Магжан Жумабай уулунун поэзиялык китебин жана медаль тапшыруу аземи болуп өттү. ТҮРКСОЙдун Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн башчысы Кожагелди Күлтегин төрагалык кылган иш-чарага Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси Султан Раев, Маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Кайрат Иманалиев, Түркиянын Бишкектеги элчиси Жеңгиз Камил Фырат, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору проф., док. Сабахатин Балжы, маркум Чыңгыз Айтматовдун эжеси Роза Айтматова, Айтматовдун уулу Аскар Айтматов, ошондой эле академиктер, сүрөтчүлөр, киноактерлор, режиссёрлор, сүрөтчүлөр жана башка көптөгөн коноктор катышты.





Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору проф., док. Себахаттин Балжы жана биринчи проректор проф., док. Асылбек Кулмырзаев Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын президенти Муратбек Жуматаев менен жолугушууга барышты. Илимдер академиясында өткөн



жолугушууда (12-апрель, 2019-жылы) эки институттун ортосундагы мамилелерди жакшыртуу максатында биргелешкен илимий долбоорлорду, басылмаларды, конгресстерди уюштуруу боюнча макулдашууларды жүргүзүштү.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) ректору проф., док Себахаттин Балжы административдик жана академиялык маселелерди чечүү максатында 1-12-май күндөрү Камкорчулар кеңешинин төрагасы проф., док Фахреттин Алтун менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, университетке окутуучулукка талапкер профессор-окутуучулар менен маектешүүлөрдү өткөрүп, Текшерүү комиссиясынын жана Камкорчулар кеңешинин мүчөлөрү менен жолугушуп кайткан.

2019-жылдын 11-13-июнунда Түндүк Кипр Түркия Республикасында XI Эл аралык Евразия өлкөлөрүнүн экономисттеринин конференциясы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин, Чыгыш Акдеңиз университетинин, Бейкент университетинин жана Евразия экономисттеринин журналынын биргелешүүсүндө өткөрүлдү.



Түркия Республикасынын Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу борборунун (БТЖБ) төрагасы проф., док. Халис Айгүн жана аны коштогон делегация Кыргыз-Түрк "Манас" университетине иш сапары менен келишти. Иш сапардын алкагында мекемелердин ортосунда мурдагы түзүлгөн кызматташтык келишими кайрадан түзүлдү. Мурда 2013-жылдын 12-майында эки мекеме ортосунда кол коюлган кызматташтык протоколу дагы да кеңейтилип, БТЖБнын сынактары "Манас" БТЖБ тарабынан Бишкек шаарында кайрадан өткөрүү маселеси талкууланды.

**2. Илимий изилдөө долбоору жөнүндө маалымат**

2019-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин Долбоордун координациялык департаментине 20 долбоор боюнча сунуш келип түшкөн. Кабыл алынган 18 долбоордун ичинен 10 долбоор 2019-жылы аяктап, жыйынтыкталган, ал эми 8 долбоор улантылууда. 2018-жылы колдоого алынган жана аягына чыга элек 6 долбоорду кошкондо, улантылып жаткан долбоорлордун саны 14кө жетти. 2019-жылга чейин башталган 18 долбоор 2019-жылы аягына чыгарылган. Бирок 2 долбоордун сунуштары кайтарылып алынган. Ошентип, 2019 календардык жылы каралып чыккан долбоорлордун жалпы саны 44тү түзгөн.

Мындан тышкары Долбоорду координциялоо бөлүмүндө жүргүзүлүп жаткан "Онлайн долбоорго тиркеме" модулу университетибиздин профессордук-окутуучулук курамы үчүн 2019-жылдан 1-августунан тарта www.info.manas.edu.kg дарегинде онлайн ачылды. Бул тиркеме долбоор боюнча арызы менен кайрыла тургандарга интернет аркылуу оңой жана жеңил болуусу үчүн чоң мүмкүнчүлүк берүү менен бирге эле долбоорго керектүү бардык документтерди алууга шарт түзөт

**76-таблица. Илимий изилдөө долбоору**

| 2019 жылында жыйынтыкталган долбоорлор | | | | |
|---|---|---|---|---|
| № | Жылы | Долбоордун аталышы | Долбоордун жетекчиси | Долбоордун түрү |
| 1 | 2018 | "Кыргызстандагы дин кызматкерлеринин кесиптик квалификациялары жана көйгөйлөрү" | Проф., док. Мустафа КӨЙЛҮ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 2 | 2017 | "Мезгил, инсандар жана окуялар оозеки тарых проекти" | Проф., док. Лайли ҮКҮБАЕВА | Багыттуу долбоор |
| 3 | 2018 | "Жылкы үйүрүнүн жайлоодогу жүрүш-турушун изилдөө (I этап)" | Проф., док. Аскарбек ТУЛОБАЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 4 | 2018 | "Кыргыз-Түрк Манас университети Кочкор - Көк-Сай археологиялык экспедициясы" | Проф., док. Кубатбек ТАБАЛДИЕВ | Багыттуу долбоор |
| 5 | 2018 | "Сабактардын борбордук жумалык ыраатгамасын даярдоо жана аудиторияларды бөлүштүрүү программалык системаны иштеп чыгуу" | Доц., док. Райымбек СУЛТАНОВ | Окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатууга багытталган долбоор |
| 6 | 2017 | "Кыргызстанда демократиянын институтташтыруу процесси: 2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейин саясий окуялар" | Док. Алтынбек ЖОЛДОШОВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 7 | 2018 | "Даражалуу чек катмарды камтыган маселелер" | Проф., док. Асан ӨМҮРАЛИЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 8 | 2018 | "Голоморфтуу функциялардын жакындатуу теориясындагы экстремалдуу маселелери" | Проф., док. Фахреддин АБДУЛЛАЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 9 | 2018 | "Бишкек жана Чүй облусундагы 8-10 жаш курагындагы балдардын спорттук жетишкендиктерин өлчөө" | Доц., док. Билал ДЕМИРХАН | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 10 | 2019 | "Абитуриенттердин Кыргыз-Түрк "Манас" университетин тандоо себептерин изилдөө" | Доц. м.а. док. Сейил НАЖИМУДИНОВА | Багыттуу долбоор |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11 | 2018 | "Кыргызстандагы дин кызматкерлердин хадис илими боюнча билим деңгээлдери" | Доц., док. Мухиттин ДҮЗЕНЛИ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 12 | 2018 | "Кыргыз-Түрк Манас университетинин кампусунун флорасына тийиштүү негизги флористикалык өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана аларды каттоо" | Проф., док. Ибрахим Илкер ӨЗЙИГИТ | Багыттуу долбоор |
| 13 | 2018 | "Кыргызча, түркчө, орусча, англисче тилдеринде курулуш-техникалык терминдерин изилдөө жана сөздүгүн даярдоо" | Док. Гульмира АЖЫГУЛОВА | Окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатууга багытталган долбоор |
| 14 | 2019 | "Сүтчү уйлардын метаболизм профилин аныктоо" | Проф., док. Исмаил ШЕН | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 15 | 2018 | "Кыргызстандын Чуй облосунун кээ бир жайыттарындагы тоюттун түшүмдүүлүгү, тоюттун сапаты жана ботаникалык композициянын өзгөчөлүктөрү жөнүндө бир изилдөө" | Доц., док. Селахаттин ЧЫНАР | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 16 | 2017 | "Кыргыз макал-лакаптарынын контексттик жана тематикалык индекси" | Проф., док. Жейхун Ведат УЙГУР | Багыттуу долбоор |
| 17 | 2017 | "Түркчөдөгү макал-лакаптардын кыргызчага которулушу жана алардын контекстке жараша индексин түзүү" | Проф., док. Жейхун Ведат УЙГУР | Багыттуу долбоор |
| 18 | 2018 | "Кажы Сай айылында жайгашкан уран калдыктарын сактоочу жайы себеп болгон чөйрөнүн булгануусун аныктоодо Artemisia dracunculus, Ephedra intermedia жана Perovskia abrotanoides өсүмдүк түрлөрүнүн колдонулушу" | Проф., док. Ибрахим Илкер ӨЗЙИГИТ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |



| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 19 | 2018 | "Кыргызстандын гастрономиялык картасын даярдоо жана гастрономиялык тур маршрутун аныктоо" | Доц. м.а., док. Жемал ИНЖЕ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 20 | 2019 | "Түркиядан келген персоналдын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн дуушар болушкан жалпы маселелери жана адаптациясы менен байланыштуу изилдөө: Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин мисалында" | Доц. м. а., док. Билал СОЛАК | Коомдук жоопкерчилик долбоору |
| 21 | 2019 | "Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Кочкор – Көк-Сай 2019 археологиялык экспедициясы" | ПРОФ., ДОК. КУБАТБЕК ТАБАЛДИЕВ | Багыттуу долбоор |
| 22 | 2018 | "Хакасия тарыхы, коомдук түзүлүшү, маданияты, экономикасы" | Доц., док. Женгиз БУЯР | Багыттуу долбоор |
| 23 | 2019 | "Функционалдуу мейкиндиктердеги изометриялуулук жана аппроксимация теорияларынын кээ бир маселелери" | Проф., док. Фахреддин АБДУЛЛАЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| **2019 жылында жыйынтыкталган долбоорлор (КР Илим жана билим министрлиги тарабынан колдогон долбоорлор)** | | | | |
| № | Жылы | Долбоордун аталышы | Долбоордун жетекчиси | Долбоордун түрү |
| 1 | 2019 | "Эффективность различных способов содержания жеребят в подсосном периоде" | ПРОФ., ДОК. АСКАРБЕК ТУЛОБАЕВ | Сырттан каржыланган долбоор |
| 2 | 2019 | "Синтез биологически активных нанопорошков меди и серебра" | Доц. м.а., док. Эмил ОМУРЗАК УУЛУ | Сырттан каржыланган долбоор |
| 3 | 2019 | "Разработка технологий комплексной переработки отходов местного растительного сырья" | Доц., док. Күлүмкан САРТОВА | Сырттан каржыланган долбоор |
| 4 | 2019 | "Разложение отработанных полихлорбифенилов в газо-жидкостной среде с участием оксидов бария, алюминия и кальция + магния" | Проф., док. Зарлык МАЙМЕКОВ | Сырттан каржыланган долбоор |
| 5 | 2019 | "Политическая социализация граждан в условиях формирования парламентаризма в Кыргызской Республике: противоречия и тенденции" | Проф., док. Жылдыз УРМАНБЕТОВА | Сырттан каржыланган долбоор |
| **2019 жылында иштетилип жаткан долбоорлор** | | | | |
| № | Жылы | Долбоордун аталышы | Долбоордун жетекчиси | Долбоордун түрү |
| 1 | 2018 | "Мамлекеттик кызматкерлердин жыргалчылык жана жакырчылык деңгээлинин жашоо образына тийгизген таасири: Бишкек мисалында" | Проф., док. Мустафа ОРЧАН | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 2 | 2018 | "Кыргызстанда тилдик пландоо тажрыйбалары жана тил саясаты" | Проф., док. Мехмет АЙДЫН | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 3 | 2018 | "Манас эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү" | Док. Калия КУЛАЛИЕВА | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 4 | 2018 | "Кыргызстан жана түркиядагы салттуу ат оюндарынын изилдениши" | Проф., док. Мехмет ТҮРКМЕН | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 5 | 2018 | "Кыргызстанда кеңири эгилүүчү жумшак буудайдын (Triticum aestivum L.) жана арпанын (Hordeum vulgare L) сортторунун генетикалык ар түрдүүлүгүн жана филогенетикалык байланыштарын биотехнологиялык методдордун жардамы менен изилдөө" | Проф., док. Ибрахим Илкер ӨЗИЙГИТ | Жогорку деңгээлдеги изилдөө долбоору |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2018 | "Онлайн билим берүү системасы үчүн контент даярдоо жана аны баалоо" | Доц., док. Райымбек СУЛТАНОВ | Окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатууга багытталган долбоор |
| 7 | 2019 | "Чыныгы өзгөрмөлүү функциялардын жакындатуулары үчүн түз жана тескери теоремалар" | Проф., док. Фахреддин АБДУЛЛАЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 8 | 2019 | "КТМУ Web-негизделген электрондук проект башкаруу системасынын курулушу" | Проф., док. Хакан ЧЕТИНТАШ | Окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатууга багытталган долбоор |
| 9 | 2019 | "Түркиянын Кыргызстандагы диний билим берүүгө кошкон салымдары" | Проф., док. Мустафа КӨЙЛҮ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 10 | 2019 | "Окутуучулардын педагогикалык билим тармагындагы керектөөлөрүнүн анализи (КТМУ мисалында)" | Проф., док. Акматали АЛИМБЕКОВ | Багыттуу долбоор |
| 11 | 2019 | "Чүй областындагы мөмө-шире өндүрүшүнүн алма калдыгынан функционалдык мөмө батончигин өндүрүү" | Доц., док. Анарсейит ДЕЙДИЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 12 | 2019 | "Квантум чекит түзүлүштөрүнүн синтези жана фото-электохимикалык глюкоза электро-оксидация практикалык колдонмолору" | Проф., док. Нахит АКТАШ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 13 | 2019 | "Голоморфдуу функциялардын эң мыкты жакындатуулары" | Проф., док. Фахреддин АБДУЛЛАЕВ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |
| 14 | 2019 | "Ийкем бөлүктүү метрикалык мейкиндикке киришүү" | Доц., док. Исмет АЛТЫНТАШ | ИИД (Көз карандысыз долбоор) |

Булак: Долбоорлорду координациялоо башкармалыгы

## 3. Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери

2013-жылга чейин "Манас" коругун түзүү максатында кампустун ичинде жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлүп келет. 2019-жылдын аягына карата бак-дарактардын, бадал өсүмдүктөрүнүн, роза жана мезгилдүү гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн саны 47 171ге жеткен. Төмөндөгү таблицада отургузулган өсүмдүктөр тууралуу тийиштүү маалымат берилген.

**77-таблица. Жылдарга карата отургузулган өсүмдүктөр тууралуу маалымат**

| Өсүмдүктүн түрү | Жыл/Даана | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | **Бардыгы** |
| | Отургузулган өсүмдүктүн саны | | | | | | | | | | |
| **Терек** | 2601 | 2523 | 2931 | 749 | 531 | 622 | 511 | 1049 | 1495 | 2070 | **15082** |
| **Бадал өсүмдүктөрү** | | 726 | 303 | 1931 | 3500 | 146 | 12000 | | 131 | 351 | **19088** |
| **Чырмоок** | | | | 420 | 50 | 60 | | | | | **530** |
| **Роза гүлү** | | 1800 | 1350 | 300 | 900 | 3400 | | 400 | 186 | 135 | **8471** |
| **Гүлдөр** | | | 1500 | 3000 | 4500 | 6000 | 4500 | 4500 | 4000 | | **4000** |
| **Отургузулган өсүмдүктөрдүн жалпы саны** | **2601** | **5049** | **4584** | **3400** | **4981** | **4228** | **12511** | **1449** | **1812** | **2556** | **47171** |

Булак : Материалдык-техникалык камсыздоо башкармалыгы

# IV. УНИВЕРСИТЕТТИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН БААЛОО

## АРТЫКЧЫЛЫКТАР

- Студенттик шаарча
- Заманбап материалдык-техникалык база
- Студенттерге көрсөтүлгөн кызматтар
- Кыргызстанда эң мыкты китепкана кызматтары жана иш кагаздарын жүргүзүүнүн жогорку деңгээли
- Акысыз билим берүү жана студенттерге көрсөтүлгөн материалдык жардам
- Бюджеттин ийкемдүүлүгү
- Ченемдик-укуктук актылардын ачыктыгы,тактыгы жана ийкемдүүлүгү
- Биргелешип башкаруу жана башкаруудагы ачыктык
- Эки өлкөнүн ортосунда түзүлгөн эл аралык макулдашуу жана эң жогорку деңгээлде каржылык жана административдик колдоо
- Эл аралык масштабда квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу
- Болонья процессине шайкеш келген окуу пландары
- Ар түрдүү багыттагы билим берүү программалары
- Дипломдордун эквиваленттүүлүгү
- ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча стипендия берилиши
- Түрк дүйнөсүнөн жана башка мамлекеттерден студенттердин кабыл алынышы
- Коомдук жана маданий иш-чаралар
- Дистанттык билим берүү
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгү
- Студенттерди тандоо жана кирүү сынактарын өткөрүү борбору
- Заманбап спорт комплекси
- Мезгилдүү басылып чыккан илимий журналдар
- Академиялык, коомдук, жеке менчик мекеме жана уюмдар, о.э. өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташтык

## КЕМЧИЛИКТЕР

- Университет ээ болгон илимий-изилдөө жана тажрыйба жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн эл аралык деңгээлде натыйжалуу колдоно албашы
- Эки өлкөнүн мыйзамдарындагы айырмачылыктардан улам университеттин иш алып

баруусундагы көйгөйлөр

- Академиялык жана административдик бөлүмдөрдүн сапат боюнча алдына так максат кое албагандыгы
- Сапат тууралуу түшүнүктүн төмөндүгү
- Тендер жана сатып алууларды өткөрүүдө туш болгон көйгөйлөр
- Жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулардын кадрлардын жетишпестиги жана окутуу жүгүнүн бирдей эмес бөлүштүрүлүшү
- Иш кагаздарын үч тилде жүргүзүүнүн кыйынчылыгы
- Окуу процессинде техникалык каражаттардын жана жабдуулардын натыйжалуу колдонулбашы
- Социалдык камсыздоо деңгээлинин жетишсиздиги
- Академиялык кызматкерлердин эмгек келишиминин (1 жылдык) кыска мөөнөтү
- Административдик кызматкерлерди кызматтан жогорулатуу системасынын начарлыгы
- Көз карандысыз билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы кыйынчылыктар
- Окуу китептерди жана мезгилдүү басылмаларды алуудагы кыйынчылыктар
- ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында студенттердин санынын аздыгы
- Университеттин илимий-изилдөө борборлорунун материалдык-техникалык базасынын начарлыгы жана кадрлардын жетишсиздиги
- Билим берүү жана маданият жаатында кызматташуудагы көйгөйлөр
- Илимдин доктору дипломдорунун Кыргызстанда нострификациядан өткөрүү (эквиваленттүүлүгүн тастыктоо) кыйынчылыгы

## МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

- Улуттук жана эл аралык деңгээлдеги билим берүү мекемелери, мамлекеттик, жеке менчик уюмдар жана ишканалар, өкмөттүк эмес уюмдар менен туруктуу кызматташуу
- Академиялык мобилдүүлүк программалары
- Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү системасын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялоо боюнча иш-аракеттер
- Жогорку квалификациялуу адистерге муктаждыктын такай өсүүсү
- Кыргызстандын табигый потенциалы жана өнүккөн тармактары
- Бүтүрүүчүлөрдү ишке тартуу
- Кыргызстанда тил үйрөнүүнүн чоң мүмкүнчүлүгү
- Кыргызстандын көп улуттуу болушунун ар түрдүү социалдык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө өбөлгө түзүшү
- Орто Азия регионунда эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу дарамети

- Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү
- Өлкөнүн ичинде жана чет мамлекеттерде окуу-өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү
- Улуттук жана эл аралык мекемелердин билим берүү жана илимий-изилдөө багытында кеңеш берүү кызматына муктаждыгы
- Түрк дүйнөсү жана цивилизациясы багытында илимий-изилдөө иш-чараларынын борборуна айлануусу

## КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР

- Жогорку кесиптик билим берүүнү жөнгө салуудагы белгисиздик
- Жалпы орто билим берүү сапатынын начарлашы
- Кыргызстан жана Түркиядан башка мамлекеттерден профессордук-окутуучулук кадрларды жумушка алуудагы кыйынчылыктар
- Тездик менен өнүгүп жаткан технологияларга шайкеш келүүдөгү кыйынчылыктар
- Кыргызстандын мыйзамдарына байланыштуу өндүрүштөгү жана товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы кыйынчылыктар
- Саламаттыкты сактоо тармагындагы кыйынчылыктар
- Эки өлкөнүн ченемдик-укуктук базасындагы айырмачылыктар
- Виза алуудагы кыйынчылыктар
- Дүйнөдө болгон саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр

КТМУнун 2017-2021-жылдарды камтыган стратегиялык планы беш негизги максаттан турат, аларга жетүүдө 19 милдетти жана 74 стратегияны ишке ашыруу зарыл. Жогоруда стратегиялык планда көрсөтүлгөн максаттарды, милдеттерди жана стратегияны ишке ашыруу процессинде КТМУ төмөнкү багыттар боюнча алдыга умтулууну көздөйт:

- Билим берүүдө эл аралык марка болуу;
- Өзүнө тартып турган илимий борбор болуу;
- Интернационалдаштууда үлгүлүү жогорку жайы болуу;
- Коомчулук жана ишкерлер чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук болуу;
- Түрк дүйнөсүнүн биримдигин калыптанышы жана өнүгүүшүндө тасирдүү күч болуу;
- Дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет болуу.

# V. ИЧКИ ТЕКШЕРҮҮНҮН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮНӨ КЕПИЛДИК БЕРҮҮ БОЮНЧА ЫРАСТАМА

## ЖЕТЕКЧИЛИК

## ОТЧЁТТУН ТАК ЖАНА ТУУРА ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ ЖЕТЕКЧИЛИКТИН ЫРАСТАМАСЫ

Мен, жетекчиликтин өкүлү катары, мага жүктөлгөн ыйгарым укуктардын негизинде ушул отчеттогу маалыматтардын ишенимдүү, так жана туура экендигин тастыктайм.Ошондой эле отчеттогу иш-чаралар үчүн бөлүнгөн бюджеттик каражаттын өз максатына жана каржылык башкаруунун принциптерине ылайык колдонулгандыгын жана аткарылган иштердин мыйзамга ылайык жүргүзүлгөндүгүн билдирем.

Ректор катары менин негизги милдетим – 2020-жылдын август айында мага жүктөлгөн милдеттерди татыктуу аткаруу менен университетти андан ары өнүктүрүү.

Жетекчи катары берилген маалыматтарга жана анализдерге байланыштуу маселелерге таянып кепилдик берем.

Бул отчетко киргизилбеген, администрациянын кызыкчылыгына каршы келген кандайдыр бир жагдайлар тууралуу маалыматка ээ эмес экенимди билдирем. 30/04/2020

**Проф., док. Алпаслан Жейлан**

**РЕКТОР**

# VI. КАРЖЫ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИНИН ЫРАСТАМАСЫ

## ОТЧЁТТУН ТАК ЖАНА ТУУРА ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ КАРЖЫ ИШТЕРИ БОЮНЧА ЖЕТЕКЧИЛИКТИН ЫРАСТАМАСЫ

## СТРАТЕГИЯНЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ КАТАРЫ

Мага жүктөлгөн ыйгарым укуктардын негизинде бул мекемеде бардык иштердин каржылык башкаруу жана текшерүү боюнча ченемдик-укуктук ж.б. документтерге ылайык жүргүзүлгөндүгүн, бюджеттик каражаттын үнөмдүү жана натыйжалуу түрдө колдонулушун камсыз кылуу үчүн ички текшерүү иштеринин жүргүзүлгөндүгүн, көзөмөлдөнүп тургандыгын жана керектүү чаралардын көрүлүүсү керектигин пикирим жана сунуштарым аркылуу жогорку жетекчиликке убагында отчет түрүндө билдиргенимди тастыктайм.

Университеттин 2019-жылдагы административдик иштердин отчетунун "Каржылык маалыматтар" бөлүмүндө орун алган маалыматтардын ишенимдүү, туура жана так болгондугун ырастайм. 30/04/2020

Жейда Тугче Дөнмез

Стратегиялык пландаштыруу
башкармалыгынын башчысы

## КОРУТУНДУ

Мекемелердин өз максатына ылайык жүзөгө ашырган пландары алардын жетишкендигин көрсөтөт. Бул багытта өнүккөн университетибиз өз милдеттерин стратегиялык башкаруу аркылуу аткарып жатат. Стратегиялык башкаруунун милдеттерин аныктоо, каржылык башкаруу жана текшерүү системасынын иштешин көзөмөлдөө, каражаттарды жалпы сапатты башкаруунун принциптерине ылайык башкаруу жана натыйжалуу түрдө колдонуу өтө маанилүү критерий болуп саналат. Стратегиялык артыкчылыктарды жана милдеттерди аныктоодо, жыйынтыктарга жетүүдө жана аларды мурун аныкталган жетишкендик көрсөткүчтөрүнүн негизинде баалоодо стратегиялык максаттын мааниси өтө зор.

Жогорку билим берүү комитети тарабынан жарыяланган "Жогорку окуу жайлардын аткарган иштери тууралуу отчетту даярдоо боюнча колдонмого" ылайык даярдалган бул отчет 3 негизги бөлүмдөн турат. Биринчи жана экинчи бөлүмүндө университеттин миссиясы жана концепциясы, ыйгарым укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери менен 2018-жылдагы материалдык-техникалык инфратүзүмү, маалыматтык-технологиялык базасы, студенттери жана кызматкерлери тууралуу маалыматтар кененирээк берилген. Ал эми үчүнчү жана эң акыркы бөлүмүндө болсо, университеттин каржылык абалы боюнча маалыматтар деталдуу түрдө көрсөтүлүп, жүргүзүлгөн стратегиялык анализдердин натыйжасында университеттин артыкчылыктары жана кемчиликтери менен мүмкүнчүлүктөрү жана кооптуу жагдайлары тууралуу маалыматтар берилген.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттик шаарчасын куруу үчүн 2002-жылдын 8-январында Кыргызстандын борбору – Бишкек шаарынын Жал кичи районунда 85 гектар жер тилкеси бөлүнүп берилип, 2002-жылдын июнь айында курулуш иштери башталган.

Университеттин студенттик шаарчасын куруу долбоорунда ректораттын имараты, 11 факультеттин имараты, турмуш-тиричиликти тейлөө комплекси, студенттик үйлөр, стадион жана ачык спорттук аянтчалар, кызматтык турак-жайлар, конок үйлөрү, теология факультетинин окуу-практикалык мечити, конгресс борбору, басмакана, туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин окуу-практикалык борбору, складдар, трансфарматордук станциялар, жашылдандырылган аянттар жана унаа токтотуучу жайлар орун алган.

Бул отчет университеттин 2019-жылы аткарган административдик жана финансылык иштери, инфратүзүмү жана адам ресурстары, жүргүзгөн иш-чаралары тууралуу маалыматтарды камтыйт.

*Келечек колубузда*

⊠:720044, Бишкек, КЫРГЫЗСТАН
Тынчтык проспектиси, 56
+996 (312) 54 19 41-47
Факс: +996 (312) 54 19 35

www.manas.edu.kg